**С. НААМАТОВ АТЫНДАГЫ НАРЫН**
**МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**
**ФИЛОЛОГИЯ ФАКУЛЬТЕТИ**

**ЖАНТАЕВ АДИЛБЕК СҮЙҮНДҮКОВИЧ**

# XX КЫЛЫМДАГЫ КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫН АКСИОЛОГИЯЛЫК АСПЕКТТЕ ИЗИЛДӨӨНҮН ОБЪЕКТИСИ, ПРЕДМЕТИ, МАТЕРИАЛДАРЫ ЖАНА МЕТОДОЛОГИЯСЫ

Бишкек – 2022

ББК 83.3 Ки
Ж-27
УДК: 8С (Кирг)

**Рецензенттер:**
**Ж. С. Сыдыков – философия илимдеринин доктору, профессор**
**М. К. Көлбаева – филология илимдеринин доктору**

**Ж-27. Жантаев А. С. ХХ кылымдагы кыргыз адабиятын аксиологиялык аспектте изилдөөнүн объектиси, предмети, материалдары жана методологиясы: Окуу куралы. – Б.: Сарыбаев Т. Т., 2022. – 148 б.**

**ISBN 9967-21-201-2**

Бул окуу куралында ХХ кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабиятын изилдөөнүн абалы, ХХ кылымдагы кыргыз прозасы менен поэзиясынын тарыхый-адабий маңызы, көркөм-эстетикалык мазмуну, аны аксиологиялык аспекттен изилдөөнүн объектиси жана предмети, ХХ кылымдагы кыргыз адабиятын изилдөөдө аксиологиялык методологияны колдонуу, анын усулдары, анкетаны жана эксперименттик изилдөөнү колдонуу маселелери каралат. ХХ кылымдагы кыргыз адабияты аксиологиялык изилдөөнүн объектиси жана предмети боло алары, ушуга байланыштуу изилдөөдө аксиологиялык методология колдонулганы негиздүү айкындалат.

Окуу куралы адабият таануу илимине кызыккан жалпы окурмандарга, жогорку класстардын окуучуларына, студенттерге, магистранттарга, аспиранттарга, докторанттарга ж.б. арналат.

С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин Окуу-усулдук кеңешинин отурумунда талкууланып, ушул университеттин Окумуштуулар кеңеши басмага сунуш кылган.

Ж-27 ББК 83.3 Ки

ISBN 9967-21-201-2
© Жантаев А. С., 2022

## МАЗМУНУ

Киришүү ....................................................................................... 4

1. XX кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабиятынын изилдениши жана ал аксиологиялык изилдөөнүн объектиси менен предмети катары ................................ 7

2. XX кылымдагы кыргыз поэзиясы менен прозасынын тарыхый-адабий маңызы ............................................ 20

3. XX кылымдагы кыргыз поэзиясы менен прозасынын көркөм-эстетикалык мазмуну ....................................................... 65

4. XX кылымдагы кыргыз адабиятын изилдөөдө аксиологиялык методологияны колдонуу ....................................... 86

5. XX кылымдагы кыргыз адабиятын аксиологиялык изилдөөдө колдонулган усулдар ...................................................... 93

6. XX кылымдагы кыргыз адабиятындагы көркөм дөөлөттөрдү аныктоо үчүн анкетаны жана эксперименттик изилдөөнү колдонуу ....................................................................... 99

Корутунду ......................................................................................... 104

Пайдаланылган адабияттардын тизмеси ........................................ 107

Тиркемелер ........................................................................................ 117

# КИРИШҮҮ

XX кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабиятын аксиологиялык аспектте изилдөө кыргыз адабият таануусунда активдүү жүрө элек. Бул темада изилдөө жасоо изденүүчүнү кыйынчылыктарга дуушарлантат. Алсак, XX кылымдагы кыргыз адабиятынын үлгүлөрү саны жагынан арбын. Ушул мезгилдеги улуттук адабияттын проблемаларына арналган изилдөөлөр да жетишерлик санда. Ошол эле учурда тарыхый-адабий, көркөмдүк-эстетикалык мааниси зор чыныгы көркөм дөөлөттөрдү аныктоо өтө оор. Мында окумуштуулардын субъективдүү ойлоруна таянуу жетишсиз. Өткөн кылымдагы көркөм-адабий туундулардын дөөлөттүк табиятын, баалуулуктук касиетин, асыл нарктык[1] мазмунун ачуу үчүн адабий чыгармачылыкты илимий изилдөөнүн методологиясын аздыр-көптүр жаңылоо да талап кылынат. Алсак, илимий изилдөөдө адабият таануу менен **аксиологиянын**[2] жуурулушуусу көркөм чыгармачылыктын табиятын түшүнүүгө кеңири мүмкүнчүлүк ачат. Бул иште Г. Лотце, В. Виндельбанд, Г. Риккерт, Г. Мюнстерберг, М. Шелер, Э. Фромм, В. Франкл, М. Хайдеггер, Н. Гартман, В. С. Соловьев, Н. О. Лосский, Н. А. Бердяев, М. М. Бахтин, П. А. Сорокин ж.б. окумуштуулардын дөөлөт проблемасына багышталган эмгектери олуттуу теориялык-методологиялык өбөлгө түзөт. Аксиологиянын адабият таануу менен айкалышуусу изилдөөнүн методологиясын өөрчүтүп, көркөм чыгармачылыктын туундуларын жаңыча аңдоого жардамдашат. Түпкү башаттарга кайрылсак, «аксиология көркөм өнөрдүн (искусствонун[3]) мыйзамдарын объективдүү ачууга чакырылган» [178, с. 39].

Илимде баалуулук же дөөлөт чен-өлчөмү[4] адамзат маданиятына таандык ар кандай кубулуштарды талдоодо колдонулат. Ал культурология, психология, социология, философия, эстетика, этика өңдүү

---

[1] Кыргыз адабиятчы-окумуштуулары өз эмгектеринде көркөм дөөлөттөргө карата мурас, кенч, дүйнө, баалуулук, нарк, дөөлөт өңдүү сыпаттамаларды катарлаш колдоно беришет. Биз дагы өз изилдөөбүздө мына ушул белгилүү бир даражада маанилеш түшүнүктөрдү ылайыгына жараша жарыш пайдалана беребиз.

[2] Аксиология (грекче axia – баалуулук жана logos – окуу) – баалуулуктар жөнүндө окуу; аксиологиялык – өзүнүн баалуулугуна ылайык, баалуулуктар теориясынын көз карашынан аныкталуучу. Китепте: Философский энциклопедический словарь. – Москва: Инфра-М, 1997, с.12.

[3] Азыр кыргыз адабиятчыларынын көпчүлүгү искусство терминин көркөм өнөр деп колдонуп жүрүшөт, бул кадыресе жалпы кабыл алынып калды.

[4] Критерий терминин чен-өлчөм деп алуу анын маани-мазмунуна абдан ылайык келет. Бул чет элдик сөз анын негизинде бир нерсени баалоо, аныктоо же классификациялоо жүргүзүлүүчү белги, баалоонун чени дегенди туюнтат. Демек, критерий – бул чен-өлчөм.

илимдердин методологиясына жиксиз ширелишкен. Азыр орус адабият таануусунда адабий чыгармачылыкты изилдөөгө карата дөөлөттүк мамиле теориялык-методологиялык жактан күчтөндү. Биз мисал катары Д. А. Абдуллина, Э. Л. Афанасьев, Т. С. Власкина, А. А. Казаков, В. Б. Петров, Е. В. Попова, Л. Ю. Фуксон ж.б. окумуштуулардын диссертациялык изилдөөлөрүн көрсөтө алабыз. Ал эмгектерде көркөм адабиятта түзүлгөн дүйнөнүн дөөлөттүк сүрөтүн, автордун, персонаждардын жана окурмандардын дөөлөттүк көз караштарын, аларды баалоонун негизин жана мүнөзүн, баалоо ченөлчөмдөрүн, баалоо үчүн колдонулуучу категорияларды айкындоого жана изилдөөгө жетишилген.

Коомдун өнүгүшү, мезгилдин өтүшү менен сүрөткердин дөөлөттүк туюму да, окурмандардын көркөм-адабий үлгүлөрдү кабыл алуусу да өзгөрүүгө учурарын практика күбөлөндүрөт. Өзгөрбөгөн нерсе – адабиятта **Акыйкаттык, Жакшылык** жана **Сулуулук** дөөлөттөрүн чагылдыруу. Ушуга байланыштуу көркөм адабият таанымдык, этикалык, эстетикалык кызмат аткарат.

XX кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабиятынын үлгүлөрү жаралуу, телчигүү, өнүгүү этаптарында дүйнөнү жана адамды көрсөтмөлүү, түз сызыктуу берип келсе, кылым соңунда аларга түзүлгөн кырдаалдарды, мүнөздөрдү чечмелөөнүн көп маанилүүлүгү, татаалдыгы мүнөздүү болуп калды. Б.а. кыргыз адабиятында сапаттык жана дөөлөттүк жаңылануу толук ишке ашты. Демек, азыр автордун, персонаждын жана окурмандын дөөлөттөрүн бирдикте кароо зарыл. Мына ушул жагдай көркөм-адабий туундуларды кабыл алуу жана баалоо жаатында татаалдыктарды жаратты. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын көпчүлүк туундуларын кыргыз окурмандары окубай калды. XX кылымдагы кыргыз адабияты сандык көрсөткүчтөрү жагынан болуп көрбөгөндөй түшүмдүү, ал эми сапаттык көрсөткүчтөрү жагынан дүйнөлүк адабияттын жалпыга таанымал үлгүлөрүнө теңдешкен туундулары аз. Дал ушул **карама-каршылык** XX кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабиятына, анын ичинде прозасы менен поэзиясына аксиологиялык аспектте изилдөө жүргүзүү зарылдыгын, мындай изилдөө учур үчүн өтө актуалдуу экендигин шарттады.

Биздин оюбузча, XX кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабиятын аксиологиялык аспектте изилдөөдө төмөнкү тезистерге таянуу, аларды жетекчиликке алуу жана чечмелөө туура болот:

1. XX кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабияты сөздүн толук маанисинде аксиологиялык изилдөөнүн объектиси менен предмети катары чыга алат. Анткени ушул кылымдагы кыргыз адабиятында терең дөөлөттүк маани-мазмунга ээ көркөм-адабий туундулар арбын.

2. XX кылымдагы кыргыз прозасынын жана поэзиясынын туундулары коомдук-тарыхый өнүгүүнүн мүнөзүнө жараша тарыхый-адабий, көркөм-эстетикалык маанилерге ээ. Өткөн кылымдагы прозалык жана поэтикалык тексттердин идеялык мазмунуна, алардын көркөмдүк сапатына коомдогу тарыхый окуялар, социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр менен жаңылануулар таасир кылган. Адабият таануунун алкагындагы кандай гана изилдөөдө болбосун, коомдук-тарыхый, социалдык-экономикалык өнүгүүнүн мүнөзү сөзсүз эске алынышы кажет.

3. XX кылымдагы кыргыз прозасы менен поэзиясынын үлгүлөрүн дөөлөттүк аспектте изилдөөдө теориялык усулдарды да, эмпирикалык усулдарды да зарылдыгына жараша мүмкүн болушунча катарлаш колдонуу жакшы натыйжаларды берет. Муну менен изилдөөнүн илимийлүүлүгүн арттырууга жетишилет.

# 1. XX КЫЛЫМДАГЫ КЫРГЫЗ ПРОФЕССИОНАЛ ЖАЗМА АДАБИЯТЫНЫН ИЗИЛДЕНИШИ ЖАНА АЛ АКСИОЛОГИЯЛЫК ИЗИЛДӨӨНҮН ОБЪЕКТИСИ МЕНЕН ПРЕДМЕТИ КАТАРЫ

**1.1. XX кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабиятынын изилдениши.** XX кылым ичинде кыргыз профессионал жазма адабияты түптөлдү жана өнүктү. Бул өнүгүү ушунчалык ыкчам жүрдү, анын натыйжасында кыргыз адабияты дүйнөлүк адабияттын курамынан татыктуу орун ээлей алды. Адабий өнүгүүнүн динамикасын көз алдыбызга так элестетүү үчүн биз бир катар эсептөөлөрдү жүргүздүк. Аларда XX кылым ичинде кыргыз тилинде өзүнчө китеп түрүндө жарык көргөн прозалык жана поэзиялык туундулар эсепке киргизилди. Эсептөөлөрдүн натыйжасын биз төмөндө жадыбал түрүндө бердик (**1.1-жадыбал**).

**1.1-жадыбал - XX кылымда жарык көргөн поэзия жана проза китептеринин саны (он жылдыктар боюнча)**

| К№ | Жанры | 20-жж. | 30-жж. | 40-жж. | 50-жж. | 60-жж. | 70-жж. | 80-жж. | 90-жж. |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Поэзия | 4 | 70 | 80 | 154 | 302 | 361 | 387 | 297 |
| 2. | Проза | 8 | 32 | 32 | 94 | 229 | 306 | 337 | 219 |
| 3. | Бардыгы | 12 | 102 | 112 | 248 | 531 | 667 | 724 | 516 |

Эсептөөлөр «Кыргыз Республикасынын жазуучулары» маалыматтамасынын 1-2-томдору боюнча жасалды (1-т. 2008-ж., 2-т. 2011-ж. жарык көргөн).

Бизди кызыктырган дагы бир маселе, XX кылым ичинде кыргыз профессионал жазма адабиятында, анын проза жана поэзия жанрларында эмгектенген, өрүшүнүн кеңейүүсүнө салым кошкон авторлордун саны болду. Биздин эсептөөлөр боюнча XX кылымдагы кыргыз адабиятынын өкүлдөрү катары «Кыргыз Республикасынын жазуучулары» аттуу 2 томдук маалыматтамага бардыгы 636 автор киргизилген, алардын ичинен проза жана поэзия жанрларында иштегендери 451 адам болгон [95; 96]. Бул сандык көрсөткүчтөрдү биз ылдый жакта жадыбал түрүндө бердик (**1.2-жадыбал**).

**1.2-жадыбал - «Кыргыз Республикасынын жазуучулары» маалыматтамасынын 1-2-томдоруна кирген авторлордун жалпы саны жана XX кылым ичинде поэзия, проза жанрларында иштегендердин саны**

| К№ | Маалыматтаманын тиешелүү тому | Кирген авторлордун жалпы саны | XX кылым ичинде, поэзия, проза жанрларында иштегендердин саны |
|---|---|---|---|
| 1. | 1-том | 352 | 286 |
| 2. | 2-том | 284 | 165 |
| 3. | Бардыгы | 636 | 451 |

Эсептөөлөр «Кыргыз Республикасынын жазуучулары» маалыматтамасынын 1-2-томдору боюнча жасалды (1-т. 2008-ж., 2-т. 2011-ж. жарык көргөн).

Жогоруда биз келтирген сандык маалыматтардан көрүнүп тургандай, өткөн кылым ичинде кыргыз адабияты чыныгы гүлдөп өнүгүү доорун баштан кечирген да, калк ичине, окурмандар журтуна кеңири жайылтылган. Азыр совет доорунда кыргыз адабиятында нукура адабий өнүгүү жүргөнүн эч ким тана албайт. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхый өнүгүүсүнүн бул көрсөткүчүн филология илимдеринин доктору, профессор О. Ибраимов бекеринен «…ата мекендик сөз өнөрүнүн алтын кылымы» [75, с. 17] деп атабайт.

Мына ушул күрдөөлдүү өнүккөн адабий процессти изилдөө, б.а. кыргыз профессионал жазма адабиятынын, анын ичинде прозасы менен поэзиясынын көркөм адабий туундуларын баалоо жаатында кандай иштер жүрдү? Албетте, карала турган фактылык материал абдан мол болсо, анда изилдөөлөр да арбын жана ар тараптуу болот эмеспи. Чынында да кыргыз адабият таануу илими кыргыз профессионал адабияты менен кошо алга карай адымдап өнүккөн. Биз төмөндө XX кылымдагы кыргыз прозасы менен поэзиясына ал же бул түрдө катышы бар эмгектерге, илимий изилдөөлөргө экскурс жасайбыз.

Кыргыздын профессионал адабиятына тийиштүү маселелер козголгон алгачкы илимий мүнөздөгү эмгек 1943-жылы чыккан «Кыргыз адабиятынын тарыхынын очерки» окуу китеби болуп саналат. Аны М. Богданова, Ө. Жакишев, К. Рахматуллин жана Т. Саманчин авторлошуп жазышкан. Алар кыргыз фольклорунун жана жаш жазма адабияттын тарыхы боюнча арбын материалды алгачкы жолу системага салышкан. Бул эмгектин кыргыз совет адабиятына тиешелүү бөлүмүн К. Рахматуллин жазган [90, 8-б.]. Ушул эмгектен соң М. И. Богданованын калемине таандык «Киргизская литература» аттуу китеп басылган. Ал 1947-жылы Москвадан жарык көргөн. Аталган эмгектин «…теңинен көбүрөөгү (163 бети) дал ушул биз сөз кылып жаткан профессионал адабиятыбыздын калыптанышына, өсүп-өнүгүшүнө арналган» [90, 245-б.]. Бул китеп адабиятыбыздын тарыхы жөнүндө жеке автор тарабынан жазылган эң алгачкы эмгек болуп эсептелет. Китептин ийгилиги – жазма адабиятыбыздын өнүгүшүнүн отуз жылдык мезгилин системага салгандыгы. 1951-жылы Б. Керимжанова «Кыргыз совет адабиятына 25 жыл» аттуу эмгегин жарыялайт. К. Асаналиев 1957- жана 1960-жылы «Кыргыз совет прозасынын очерки» аттуу эки бөлүктөн турган монографиясын чыгарат [31; 32]. Анын биринчи бөлүмүндө А. Токомбаевдин «Жараланган жүрөк» аттуу прозалык жыйнагы, экинчи бөлүмүндө Улуу Ата Мекендик согуш мезгилиндеги кыргыз аңгемелери, «Жараланган жүрөк», «Мезгил учат», «Бакыт» повесттери жана «Биздин замандын кишилери» романы талдоого алынган. Окумуштуунун бул эмгегинин сапатына карата профессор А. Садыков

«К. Асаналиев ... өзүнүн талдоолорун абдан салкын кандуулук менен, мезгил-шартты көңүлгө алып, авторлорго катуу айып такпай талдап берүүгө аракет жасаган. Бирок кашкайып көрүнүп турган көлөкө жерлерди айтпай коймок эмес», [134, 65-б.] - деп баа берет. К. Асаналиев бул эмгегинде көркөм ишмердүүлүккө карата «…турмуштун чындыгын көркөм чындыкка айландырып, аны ишенимдүү жеткирүү керек» [32, 23-б.] деп талап коёт.

Андан ары көз чаптырсак, «Кыргыз совет адабиятынын тарыхынын очерктери» аттуу жамааттык эмгек 1960-жылы кыргыз тилинде, 1961-жылы орус тилинде жарыяланат. Анда кыргыз адабиятынын кырк жылдык өнүгүшүнүн жыйынтыктары системага салынып жалпылаштырылган, айрым жанрлардын өнүгүү жолу көрсөтүлүп, кыргыздын көрүнүктүү төкмө акындары менен профессионал адабиятынын өкүлдөрүнүн чыгармачылык портреттери берилген. Кийинчерээк «История киргизской советской литературы» деген аталыштагы эмгек 1970-жылы Москвадан жарык көрөт. Ал кыргыз адабиятын бүткүл союздук окурманга алда канча толук тааныштырган биринчи эмгек болуп эсептелет. Андан соң 1982-жылы К. Артыкбаевдин «Кыргыз совет адабиятынын тарыхы» аттуу окуу китеби басылып чыгат. Бул эмгек кыргыз филологиясы жаатында билим алган студенттерге арналган окуу китеби болчу. Окуу китебинин ийгиликтери менен кемчиликтери туурасында 1984-жылы окумуштуу А. Эркебаев абдан терең талдоо жасаган макаласын жарыялаган. Ал макала автордун «Элдик эпостон адабий эпоско…» аттуу китебине киргизилген. Анда окуу китебинин сапатын көтөрүү боюнча сегиз пункттан турган өз сунуштарын берет [173, 95-97-бб.]. Китептин кемчилиги катары «…карандай фактография, үстүрт тайыз баяндоолор…» [173, 92-б.] аталат. Айтылган сындар илимий коомчулукта өз учурунда бир топ кызуу талаш жараткан. Адабиятчы А. Эркебаев ХХ кылымдын 70-жж. сынчыл тажрыйбалар туурасында да жүйөөлүү пикирин ортого салып, «жалпы эле адабият жөнүндөгү илимдин, сындын коомдук да, илимий-таанымдык да беделине, эстетикалык-аксиологиялык маалымат таратуу мүмкүнчүлүктөрүнө шек туудуруучу «монографиялар», сын жыйнактар жарык көрдү» [172, 19-б.] деп кейийт. Анын айтканы жөндүү эле, ал учурда жарык көргөн эмгектердин көбү кыргыз адабиятында жаратылган көркөм-адабий туундуларга дөөлөттүк мамиле кылуу жагынан бир топ аксаган.

Кыргыз адабиятынын жаралуу мезгили жөнүндө окумуштуу Салижан Жигитов 1984-жылы «20-жылдардагы кыргыз адабияты» деген кыргыз тилиндеги, «Обретение новых традиций» деген орус тилиндеги монографияларын басмадан чыгарган. Адабиятчынын бул эмгектерин академик А. Эркебаев кенен-кесири талдап, «…кыргыз адабият таа-

нуусундагы жаңычыл адабиятыбыздын жаралышы (адабиятыбыздын жаралышынын өзү жаңычыл көрүнүш эмей эмне!) жөнүндөгү жаңы сөз» [172, 149-б.] деген баа берет. Бул баа аталган эмгектердин мазмундук тереңдигин айгинелеп турат.

Кыргыз профессионал жазма адабияты туурасында мына ушундай эмгектер жаратылган соң, Илимдер академиясынын Тил жана адабият институтунун кызматкерлери (авторлору 15 окумуштуу) 1989- жана 1990-жылдары «Кыргыз совет адабиятынын тарыхы» аттуу 2 томдук капиталдык эмгекти даярдап, жарыкка чыгарган. Анын биринчи тому кыргыз профессионал жазма адабиятынын өнүгүү жолун обзордук мүнөздө иликтөөгө багышталган [97]. Ал эми экинчи томунда бир катар залкар акын-жазуучулардын чыгармачылык портреттерине орун берилген [98]. Бул эмгекте кыргыз адабиятынын, анын ичинде прозасы менен поэзиясынын өнүгүш жолу, калемгерлердин чыгармачылык өнөркана өзгөчөлүктөрү терең жана далилдүү талдоого алынып, конкреттүү чыгармалардын көркөм нарктык касиет-сапаттары ачыкталган. Ушуга удаа 1991-жылы окумуштуу О. Ибраимов «История киргизской советской лирики» аттуу эмгегин жарыкка чыгарды. Аталган эмгек 2000-жылы кайра иштелип «История и Поэзия» деген аталышта басылган [74]. Анын мазмуну жөнүндө айтсак, монографияда кыргыз жазма поэзиясынын жаралуу, өсүү, калыптануу тарыхы талдоого алынып, анын ичинен, лирика жанрына бөтөнчө басым коюлган.

Кийинки жылдарда жарык көргөн кыргыз адабиятына байланыштуу маанилүү эмгектерге келсек, алар төмөнкүлөр: академик А. Акматалиевдин жалпы жетекчилиги астында даярдалган «Кыргыз адабиятынын тарыхы» жети томдугу (2002-ж.), аталган эмгекке 2014-жылы мурда чыгарылган «Кыргыз адабият таануу илими жана сыны» эки томдугу (2005-ж.) 8-9-томдор катары киргизилип жана «Азыркы кыргыз адабияты» деп аталган жаңы, 10-том кошумчаланып, он томдукка айлантылды, А. Эркебаевдин «Малоизученные страницы кыргызской литературы» (1999-ж.), «Кыргыз адабиятынын аз изилденген барактары» (2004-ж.), К. Артыкбаевдин «XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы» (2004-ж.), А. Садыковдун «Кыргыз залкарлары» көп томдугу (2008-ж. беш томдук, 2012-ж. тогуз томдук болуп чыккан, 2013-ж. 10-тому, 2016-ж. 11-тому кошумчаланган), С. Искендерованын «Жеке чыгармачылык менен көркөм мурастын айкалышы» (2010-ж.), Р. Сыдыкованын «XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы (40-80-жылдар)» (2011-ж.), М. Жумаевдин «Жаңы мезгил жана адабияты» (2012-ж.), О. Ибраимовдун «История кыргызской литературы XX века» орус тилиндеги эки томдугу (2013-ж.), Д. Асакееванын «Советтик идеология жана XX кылымдагы улуттук адабий-көркөм процесс» эмгеги (2015-ж.).

Булардын ар бирине кыскача токтоло кетсек, КР УИАнын Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борбору даярдаган жети томдуктун акыркы эки томунда гана кыргыз профессионал жазма адабиятынын өкүлдөрүнүн чыгармачылык портреттери берилген. 6-томго жалпысы 31 калемгер жөнүндө портрет-макала киргизилип, алардын ичинде мурда өзүнчө объект катары талданылбаган Ш. Көкөнов, Б. Кененсариев, С. Карачев, К. Тыныстанов, О. Лепесов, Б. Калпаков, Ж. Жамгырчиев, М. Абдукаримов, Т. Байзаковдор бар [91]. 7-томго 31 инсандын портрети киргизилип, мында Ч. Айтматов менен Ш. Бейшеналиевден башка авторлордуку дээрлик жаңыдан иштелген [92]. 2014-жылы кошумчаланган 10-томго бардыгы болуп мурда иликтенбей келген 43 калемгер тууралуу портреттик мүнөздөгү макалалар киргизилген [93].

А. Эркебаевдин эмгеги төрт баптан туруп, анын төртүнчү бабында мурда адабият таанууда чагылтылбай келген 1920-1930-жылдардагы кыргыз адабиятына тийиштүү фактылар ынанымдуу жана кеңири талдоого алынган. Академиктин оюу боюнча «…азыркы кыргыз адабият таануусу бүгүнкү көз караш боюнча анча деле татаал эмес, бирок өз мезгили үчүн татаал жана талаштуу өңдөнгөн, кыйла убактан бери унутта калып келген фактыларды орду-ордуна коюп, иштин аныкына жетүүгө тийиш…» [174, 249-250-бб.]. Профессор К. Артыкбаевдин эмгеги анын 1982-жылы жарык көргөн окуу китебинин кеңейтилген кайра иштелиши болуп саналат. Автор убагында окуу китебине айтылган сындардан жыйынтык чыгарып, аны кайрадан жазып чыккан. Алсак, окуу китебинин киришүүсү оңдолуп-толукталып берилген, XX кылымдын башындагы кыргыз адабияты боюнча маалыматтар кыйла такталган, К. Тыныстановдун, Т. Касымбековдун, Ж. Садыковдун портреттери кошумчаланган, Кытай кыргыздарынын адабиятына байланыштуу маалыматтар киргизилген [29]. Бирок бул аракеттерине карабай окумуштуу көркөм чыгармачылыктын туундуларын баалоодогу өзүнүн субъективдүүлүгүнөн арыла албаган. Муну К. Артыкбаевдин «Муздак дубалдар» романына карата мамилесинен ачык-айкын көрө алабыз [29, 605-606-бб.].

А. Садыковдун «Кыргыз залкарлары» аттуу көп томдугу (11 томдук) автордун нечен жылдык жекече изилдөөлөрүнүн жемиши болуп эсептелет. Бул чоң эмгекте адабиятчыларды кошпогондо баш аягы 44 калемгердин чыгармачылык ишмердүүлүгү жөнүндө баалуулуктук негизде сөз жүрөт. Анын 1-томунда А. Токомбаевдин, М. Элебаевдин, Ж. Турусбековдун, Т. Сыдыкбековдун, 2-томунда А. Осмоновдун, С. Эралиевдин, 3-томунда Ч. Айтматовдун, 4-томунда Ж. Бөкөнбаевдин, У. Абдукаимовдун, Н. Байтемировдун, 5-томунда Т. Абдумомуновдун,

М. Байжиевдин, Т. Касымбековдун, 6-томунда С. Жусуевдин, Б. Сарногоевдин, А. Стамовдун, К. Акматовдун, 7-томунда М. Алыбаевдин, С. Өмүрбаевдин, Ө. Даникеевдин, Б. Жакиевдин, М. Мураталиевдин, К. Жусуповдун, А. Өмүркановдун, 8-томунда Ж. Садыковдун, Э. Ибраевдин, О. Султановдун, М. Абылкасымованын, Ш. Дүйшеевдин, 9-томунда К. Асаналиевдин, Ш. Үмөталиевдин, К. Укаевдин, Т. Аскаровдун, 10-томунда К. Жантөшевдин, К. Маликовдун, Р. Шүкүрбековдун, К. Каимовдун, М. Гапаровдун, Э. Турсуновдун, С. Байгазиевдин, 11-томунда К. Баялиновдун, Т. Үмөталиевдин, А. Токтомушевдин, Ш. Бейшеналиевдин, Р. Рыскуловдун, Т. Кожомбердиевдин, А Жакшылыковдун, А. Рыскуловдун чыгармачылык бейнелери ачылат [126; 127; 128; 129; 130; 131; 132; 133; 134; 135; 136]. Автор «залкар» деп атаган инсандар чынында да кыргыз профессионал жазма адабиятынын классиктери. Демек, алар жараткан көркөм-адабий туундуларда көркөм нарктык касиет-сапаттар сөзсүз бар.

С. Искендерованын эмгегинде кыргыз прозасынын элдик оозеки чыгармачылык менен карым-катышы чечмеленет. Окумуштуунун ишениминде «…эпикалык мотивдин негизинде азыркы замандын эң курч, эң актуалдуу проблемасын чагылдырган жалпы адамзаттык көркөм окуялар жарала баштайт» [79, 264-б.]. М. Жумаев өзүнүн монографиясында 80-жылдардан бүгүнкү күнгө чейинки кыргыз прозасынын өнүгүүсү, андагы көркөм-эстетикалык кубулуштар жөнүндө сөз кылат [67]. Р. Сыдыкова эмгегин жети бөлүмдөн куруп, анда согуш жылдарындагы кыргыз адабияты, 50-80-жылдар аралыгындагы поэма жанрынын, 60-80-жылдардагы прозанын өнүгүүсү маселесин карап, 11 калемгердин чыгармачылыгын конкреттүү талдайт. Автордун пикиринде XX кылымдын 40-80-жылдары «…адабиятка болуп көрбөгөндөй жаңы өнүмдөрдү алып келген» [155, 5-б.].

Профессор О. Ибраимовдун эки томдук эмгеги өзгөчө сөз кылууга татыктуу. Анда кыргыз профессионал жазма адабиятынын жаралуусу, калыптануусу жана өнүгүүсү коомдук-саясий, социалдык-экономикалык шарттарга тыгыз байланыштуу кеңири талдоого алынат. Автор кыргыз профессионал жазма адабиятынын жаралуусуна өбөлгө болгон коомдук-тарыхый жагдайларды толук ачып, кыргыз адабиятынын андан аркы өнүгүүсүнө коомдо жүргөн тарыхый окуялардын тийгизген таасирин туура мүнөздөп, адабий жанрлардын көркөм-эстетикалык өзгөрүүлөрүн, стилдердин, чыгармачыл усулдардын кеңири палитрасын, башка өнүккөн адабияттар менен байланыштарын далилдүү айкындап бере алган. Анын ою боюнча «…өткөн кылым татаал, ошол эле мезгилде чыгармачылык өңүттө абдан жемиштүү кылым болгон» [76, с. 483].

Д. Асакееванын монографиясы улуттук адабиятыбыздын XX кылымдын 20-жылдарынан 80-жылдарына чейинки өнүгүү процессин талдоого арналып, анда негизинен көркөм чыгармачылыктын коомдо жашап турган идеология менен болгон ары драмалуу, ары трагедиялуу алака-катышына орчундуу көңүл бурулат. Ал «…кыргыз адабиятынын тарыхый өнүгүшүнө советтик идеологиянын жана саясий программалар менен көрсөтмөлөрдүн тийгизген оң жана терс таасирин иликтеп…» [30, 532-б.] чыгуу аракетин жасаган. Бирок аталган эмгек менен кунт коё таанышканыбызда изилдөөчү өткөн доордун терс жагдайларына көбүрөөк басым жасаганын, ал эми оң таасирлерин, жакшы шарапаттарын көлөкөдө калтырганын, б.а. илимий калыстыкты, объективдүүлүктү сактай албаганын көрөбүз.

Ошентип, XX кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабиятынын өнүгүү жолу жетиштүү дегендей деңгээлде изилденген. Көпчүлүк эмгектерде ушул кылым ичиндеги прозалык жана поэзиялык туундуларда козголгон адеп-аклактык, философиялык маселелер талданып, адам турмушундагы негизги дөөлөттөр учкай болсо да каралган. Ошондой болсо да кыргыз адабият таануу илиминде таза аксиологиялык өңүттөгү эмгектер азырынча жаратылбаганын белгилейбиз.

Кыргыз адабият таануусунда XX кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабиятына арналган докторлук илимий изилдөөлөр арбын. Өткөн кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабиятынын ар кыл маселелерин иликтеген кандидаттык диссертациялар да сан жагынан өтө мол. Арийне, эгер каралып жаткан фактылык материал арбын болсо, изилдөөлөр да көп түрдүү жана ар тараптуу болот. Жана ырас эле советтик мезгилде кыргыз адабият таануу илими кыргыз профессионал жазма адабияты менен чогуу алга карай адымдап өнүккөн. Биздин эсептөөлөр боюнча XX кылымдын 50-жж. тартып, XXI кылымдын алгачкы он жылдыктары ичинде жалаң кыргыз прозасы менен поэзиясынын актуалдуу проблемалары боюнча болжол менен эки жүздөн ашуун докторлук, кандидаттык диссертациялар корголгон. Изилдөөлөрдүн натыйжалары монография түрүндө жарыяланган.

XX кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабиятынын түрдүү проблемаларын ачкан илимий изилдөөлөр абдан көп болгондуктан, биз алардын бардыгын (докторлук, кандидаттык изилдөөлөрдү) жалпылаштырып тиркеме түрүндө тизмелеп бергенибиз туура деп чечтик **(1-ТИРКЕМЕ)**. Бул XX кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабиятынын изилденүү динамикасын даана тартып берүүгө көмөктөшөт. Ал эми алардын ар бирине өзүнчө, жекече кайрылып жүрүп отуруунун анча зарылдыгы жок деп ойлойбуз.

Бул жерде мындай тизмелерди келтирүүнүн кажети канчалык деген суроо туулушу мыйзам ченемдүү. Карасак, окумуштууларыбыз өз эмгектеринде XX кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабиятынын эң ар кыл маселелерин иликтөөгө алышыптыр. Анда кыргыз адабиятынын жаралуусу, түрдүү жанрларынын өнүгүүсү, тарыхы, кыргыз ыр түзүлүшү, улуттук жана интернационалдуулук проблемасы, реализм жана романтизм проблемасы, котормо маселелери, фольклор жана башка элдердин адабияттары менен байланышы, дүйнөлүк адабияттын таасири, адабияттагы ар түрдүү мотивдер, конкреттүү калемгерлердин чыгармачыл дүйнөсүнүн өзгөчөлүктөрү, салттуулук менен жаңычылдык, көркөм-адабий процесс жана идеология сыяктуу өтө маанилүү жагдайлар иликтенген. Арийне, аталган илимий изилдөөлөрдө кыргыз профессионал жазма адабиятынын үлгүлөрүнүн адеп-ахлактык, философиялык, көркөмдүк-эстетикалык маани-маңызы, наркы-куну тууарасында да белгилүү даражада сөз жүргөн. Бирок ал сөз максаттуу түрдө XX кылымдагы кыргыз прозасы менен поэзиясынын туундуларынын көркөм дөөлөттүк касиет-сапаттарын аныктоого багытталган эмес. Биз кыргыз адабият таануусунда таза аксиологиялык өңүттөгү изилдөөлөр барбы, же жокпу деген маселени айкындоо үчүн жана жалпы эле XX кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабиятынын изилденүү абалын, иликтөө объектилерин көрсөтүү үчүн ушундай фактографиялык мүнөздөгү серепти, жадыбалды жасап отурабыз. Байкаганыбыздай, проза жана поэзия туундуларынын көркөм дөөлөттүк мазмунун ачууга атайын багышталган изилдөө азырынча жок. Демек, биз ушунун негизинде өткөн кылымдагы кыргыз прозасы менен поэзиясынын үлгүлөрүн сыдыргыдан өткөрүүнүн, алардын көркөм нарктык касиет-сапаттарын аныктоонун жаңы ыкмаларын иштеп чыгууга жана колдонууга сунуштоого бел байладык.

**1.2. XX кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабияты аксиологиялык изилдөөнүн объектиси жана предмети катары.** Биздин кыргыз адабияты боюнча адабият таануучулук изилдөөбүздүн **негизги объектиси** – XX кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабияты, анын ичинде кыргыз поэзиясы менен прозасы болуп саналат. Көрүнүп тургандай, биз тандаган илимий изилдөө объектиси өтө кеңири. Объекттин чоңдугуна жараша аны изилдөө да кыйла татаалдыктарга ээ. Эң башкы кыйынчылык – XX кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабиятынын аябагандай түшүмдүүлүгүндө, же анда жаратылган көркөм-адабий туундулардын өтө арбындыгында жатат. Биздин изилдөө объектибизге кирүүчү адабий факты-материалдын өлчөөсүз көптүгү ага карата илимий мамиле жасоонун майнаптуу жолун табууну талап этет. Биз дал ушундай жол XX кылымдагы кыргыз адабий процессине

теориялык жана эмпирикалык усулдарды айкалыштыруу менен **дөөлөттүк, же аксиологиялык изилдөө жасоо** деп таптык. Ал эми биздин илимий изилдөөнүн **предмети** – XX кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабиятынын **көркөм дөөлөттөрү.** Изилдөөнүн предмети да татаал иш-чаралар комплексин жүргүзүүнү талап кылып турат. XX кылымда жаралган прозалык жана поэтикалык туундулар саны жагынан абдан эле арбын. Алардын ичинен нукура көркөм дөөлөттүк табиятка эгедер көркөм-адабий туундуларды ылгап алуу, тиешелүү баасын берүү чынында да өтө оор жумуш.

Адам дөөлөттөрүнө кайдыгер мамиле жасалып, ар кыл дөөлөттөрдү тануу, чануу жүрүп жаткан, баалуулуктардын куну, наркы кемип жаткан азыркы коомдук-тарыхый жагдайда аксиологиялык мамиле көркөм адабияттын баалуулуктук маанисине басым коюу зарылдыгын талап этет. Көркөм адабияттын дөөлөттүк дарамети предметтик, объективдүү, онтологиялык өңүттө да, субъективдүү – жаратуучу жана кабыл алуучу аң-сезим позициясынан, көркөм өнөрдүн психологиясы аспектисинен да мүнөздөлө алат. Ал эстетикада, адабият таанууда адабият феноменин аңдаштыруу жана анын таанымдык [49; 165], эстетикалык [49; 108; 165], дүйнөнү кеңейтилген конкреттүү-сезимдик өздөштүрүү [49; 108; 165], дүйнөгө байкоо салуучулук [100; 108; 165], коммуникациялык [49; 162; 165], идеологиялык [49; 108], тарбиялоочулук милдеттерин ажыратуу аркылуу салттуу каралып келген.

XX кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабиятын баалуулуктук изилдөө объектиси катары алуу аны предметтик өңүттө, дөөлөттүк аспектте өтө кеңири жиликтеп чыгууга жол ачат. Алсак, өткөн кылым ичиндеги кыргыз прозасы менен поэзиясында жеке адам, анын турмушу кандай чагылтылган? Прозалык жана поэтикалык көркөм-адабий туундуларда турмуштан кеңири орун-очок алган негизги адам баалуулуктары кандайча сүрөттөлгөн? Кайсыл конкреттүү чыгармалардын маани-мазмуну түбөлүктүү адамзаттык дөөлөттөргө ширетилген? Кыргыз акын-жазуучулары жараткан миңдеген адабий туундулардын ичинде окурмандын жан дүйнөсүн аруулантуучу, анын дилинкуюн тазартуучу катарсистик күчкө ээ көркөм дөөлөттөр барбы? Ошондой көркөм дөөлөттөрдү кандай чен-өлчөмдөр менен аныктай алабыз? Конкреттүү автордун турмушта тутунган баалуулуктары ал түзгөн персонажда чагылганбы, алар окурмандын дөөлөттөрүнө шайкеш келеби? Ушул өңдүү суроолор тизмегин коюу жана аларга жооп алуу аркылуу биз тандаган изилдөө объектиси менен предметин илимий негизде ачууга жетише алабыз.

Бул татаал ишти аткарууда кийинки он жылдыктарда эстетикада, көркөм өнөрдүн психологиясында орун алып жаткан көркөм өнөр ме-

нен адамдын милдеттүү бирге иштешүүсүн түшүндүргөн жаңы мамилелерге кайрылууга туура келет. Алсак, окумуштуу А. М. Лобок бул феноменди адамдын өзүнүн жашоо мейкиндигин инсандык маанилер менен белгилөө керектөөсүнө байланыштырат [103]. М. К. Мамардашвили көркөм өнөрдү аң-сезимди уюмдаштыруучу түзүм катары карап, анын аркасы менен адам өзүнөн мурда көрбөгөн нерсени көрүү жөндөмдүүлүгүнө ээ болот дейт [105]. А. И. Евин көркөм өнөрдүн арналышы адамдын мээсин чыңалуу абалында кармоодо, ушинтип чыгармачылык ишмердүүлүк үчүн шарт түзүүдө жатат деген божомолду алып чыгат [58].

Көркөм өнөр чыгармасынын милдетин түшүнүүдө ал конкреттүү адамга эмне үчүн керек экенине басым жасала баштаганы айкын байкалат [100]. **Көркөм өнөр эстетикалык дөөлөттөрдү түзүү мейкиндиги болуп саналат**. Көркөм адабияттын дөөлөттүк мааниси анын эстетикалык, чыгармачылык табиятынын өзү менен аныкталат.

Көркөм адабият адам турмушундагы дөөлөттөр дүйнөсүн толук өлчөмдө чагылтат, чыгармадагы дөөлөттөрдү карап чыгуу менен анын кейипкерлеринин руханий бейнесин ачууга болот [164, с. 31]. Көп учурда чыгармада жазуучунун дөөлөттөрү ал түзгөн кейипкерге өткөрүлөт, окурмандар болсо ошого таянып өз баалуулуктарын аныкташат. Демек, адабият таануучулук изилдөөлөрдө **автор, персонаж, окурман үчилтигинин** дөөлөттөрү шайкештире каралууга тийиш. Дал ушундай болгондо көркөм-адабий туундуларды аксиологиялык изилдөө толук өлчөмдө жүзөгө ашат.

Кыргыз адабият таануусунда XX кылымдагы кыргыз жазуучулары менен акындарынын көркөмдүк ишмердүүлүгүнүн фактыларын аксиологиялык иликтөөнүн чыйыры салына элек. Бүгүнкү күнгө чейин жүргүзүлгөн эки жүздөн ашуун изилдөөлөрдө негизинен тарыхый-адабий, салыштырма-тарыхый жана мифопоэтикалык мамилелер, усулдар колдонулуп келген. Азырынча окумуштуулардын эч кимиси кыргыз авторлорунун көркөм туундуларын толук баалуу дөөлөттүк чагылтууга кирише элек. Ошондуктан биз адабий чыгармаларды иликтөөдө аксиологияны жана анын илимий категорияларын колдонуу кыргыз адабият таануусу үчүн жаңы масштабдуу келечектерди ачат деп эсептейбиз. Мисалы, төмөнкү багыттар боюнча изилдөөлөр жасоого болот: а) кыргыз авторлорунун **көркөмдүк аксиологиясы**; б) кыргыз авторлорунун жана алар түзгөн кейипкерлердин **дөөлөттүк багыт алуулары** менен **дөөлөттүк дүйнөлөрү**; в) кыргыз авторлорунун чыгармаларынын **дөөлөттүк түзүмү**; г) кыргыз авторлорунун чыгармаларынын **дөөлөттүк табияты**; д) XX кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабиятынын **көркөм дөөлөттөрү** ж.б.у.с.

**1.3. XX кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабиятына аксиологиялык изилдөө жүргүзүүнүн методологиялык негиздери.** Аксиологиялык өңүттөгү адабият таануучулук изилдөөлөр азыр Россия Федерациясында кадыресе көрүнүшкө айланды. Орус адабиятынын көркөм-адабий туундуларын дөөлөттүк негизде иликтөө, талдоо иши жакшы жолго коюлду. Ушундай багыттагы көптөгөн изилдөөлөр жасалып, ийгиликтүү корголду. Биздин ишибиздин методологиялык негизи катары мына ошолор дагы олуттуу кызмат өтөй алат. Алардын эмгектери жөнүндө аздыр-көптүр маалыматты ишибиздин **2-ТИРКЕМЕСИНДЕ** келтирдик. Өздөрүнүн кандидаттык жана докторлук диссертацияларында ал же бул деңгээлде аксиологиялык маселелерге кайрылган орус окумуштуулары өтө көп. Алар орус адабият таануусундагы түркүн проблемаларга кайрылышып, баалуулуктук талдоолор жасашкан.

Орус окумуштуулары адабият таануучулук жана методологиялык жаңы багыт катары негизинен көркөм аксиологияга басым жасашат. Көркөм аксиология орус адабият таануусунун өзүнчө тармагы катары XX кылымдын 90-жылдарында таризделе баштаган да, азыркы тапта кадыресе күчтөнүп, өнүгүүнүн кенен жолуна түшкөн. Бул тармакта көркөм өнөрдүн табияты, орус калемгерлеринин тагдыры жана чыгармачылыгы, алар жараткан көркөм-адабий туундулар аксиологиялык аспектте чечмеленет, окумуштуулар текстке, сюжетке, кейипкерлерге, чыгарманын көркөмдүү тилине чейин болмуштун табигый толуктугу менен төптүгүн ачуучу талдоочулук ыкмаларды колдонушуп, **Акыйкаттыктын, Жакшылыктын, Сулуулуктун** башаттарын ачууга аракетенишет.

Бул жаатта М. М. Бахтиндин дөөлөттүк концепциясын бөлүп көрсөтүүгө болот. Ал маданияттын дөөлөттөрү жалпы баарына бирдей деген методологиялык түшүнүктү алдыга коёт: «...ни один культурный творческий акт не имеет дела с совершенно индифферентной к ценности, совершенно случайной, неупорядоченной материей, но всегда с чем-то уже оцененным как-то упорядоченным, по отношению к чему он должен теперь занять свою ценностную позицию» [40, с. 44]. Анын ою боюнча сүрөткер «тартиптештирген», «баалаган» материя адабий чыгарманын көркөм дүйнөсү болуп саналат. М. М. Бахтин көркөм-адабий туундуларга дөөлөттүк мамиле жасоону «ценностно осмысливающая эмоционально-волевая установка» [40, с. 98] катары карайт. Мында сүрөткердин да, анын окурманынын да позициясы эске алынууга тийиш. Ошентип, адабий чыгарманын көркөм дүйнөсүн аксиологиялык изилдөө бул дүйнөнүн табигый бүтүндүгүн автор өз дөөлөттүк

тутуму аркылуу бергенин жана ага карата окурман (адабиятчы, сынчы) өз дөөлөттүк позициясын билдиргенин эске алат.

Окумуштуу Е. В. Попованын ою боюнча, адабий кубулуштарды изилдөөгө карата аксиологиялык мамиленин башкы максаты – «исследование феномена ценности в литературном творчестве, его объект – литературное произведение, соотносимое с миром ценностей и обладающее ценностной значимостью... Ценностно ориентированный анализ дает возможность изучать художественное произведение как структуру, элементы которой обусловлены совокупностью аксиологических факторов» [119, с. 13.]. Ошентип, аксиологиялык мамиле көркөм-адабий чыгарманын дөөлөттүк денгээлин айкындоону, анын көркөм дүйнөсүнө карата баалоочулук көз караштын, анда сүрөттөлгөн доор үчүн мүнөздүү дөөлөттөр тутумун көрсөтүүчү маанилерди, ченемдерди, баалуулуктарды жана идеалдарды адамдын, коомдун, доордун аксиологиялык мүнөздөмөлөрү катары кароону, чыгармалардын проблематикасынын өткөнгө, учурга жана келечекке кайрылгандыгын, автордун дөөлөттүк багыт алуусун ачууну милдет катары эсептейт. Биз Е. В. Попованын теориялык-методологиялык аспекттеги ойлору кыргыз адабият таануусунда аксиологиялык багытты түптөөгө азык болуп берет, демек, анын адабий-теориялык идеяларын адабият таануу боюнча изилдөөлөрдө өрнөк катары колдонуу туура болот деген пикирдебиз.

Орус адабиятчыларынын соңку жылдардагы илимий изилдөөлөрүнүн тематикасы менен проблематикасын көз алдыбыздан өткөрүп чыгып, азыркы кыргыз адабият таануусунда да аксиологиялык өңүттөгү изилдөөлөрдү масштабдуу түрдө колго алууга болорун байкайбыз. Биздин оюбузча, кыргыз адабият таануусуна кадам таштаган жаш изденүүчүлөр төмөнкү негизги багыттарда дөөлөттүк аспекттеги илимий иштерди аткара алышат:

- кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгынын дөөлөттөр дүйнөсү, элдик оозеки чыгармачылыктын үлгүлөрүнүн дөөлөттүк табияты, андагы персонаждардын дөөлөттүк багыт алуулары, бул тармактагы көркөм дөөлөттөр;
- кыргыз акындар чыгармачылыгынын дөөлөттөр дүйнөсү, кыргыздын төкмө жана жазгыч акындарынын тутунган дөөлөттөрү, алардын чыгармаларында чагылтылган дөөлөттүк касиет-сапаттар, алар түзгөн көркөм дөөлөттөр;
- XX кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабиятынын дөөлөттөр дүйнөсү, кыргыз акын-жазуучуларынын дөөлөттүк багыт алуулары, алар түзгөн кейипкерлер тутунган дөөлөттөр, кыргыз акын-жазуучулары жараткан көркөм дөөлөттөр.

Конкреттүү темаларга келсек, «Манас» эпосунун көркөм дөөлөттүк табияты», «Кыргыз макал-лакаптарынын аксиологиялык мазмуну», «Арстанбек Буйлаш уулунун дөөлөттөр дүйнөсү», «Чыңгыз Айтматовдун көркөм дөөлөттөрү», «Алыкул Осмоновдун поэзиясындагы дөөлөттүк багыт алуулар», «Казат Акматовдун романдарынын дөөлөттүк архитектоникасы» ж.б. өңдүү көптөгөн орчундуу илимий изилдөөлөрдү жасоого болот. Көрүнүп тургандай, аксиологиялык аспектте адабият таануучулук изилдөөлөр жүргүзүүнүн кеңири илимий келечеги бар. Бул өңүттө изилдөө объектилери менен предметтери арбындыгы ачык-айкын. Мындай изилдөөлөр кыргыз адабият таануусунун методологиясын белгилүү деңгээлде жаңылап, анын чектерин бир кыйла кеңейтет.

Ошентип, бүгүнкү күндө орус окумуштуулары талдоодон өткөргөн аксиологиялык өңүттөгү адабият таануучулук маселелердин спектри өтө кеңири. Булар кыргыз адабият таануусунда да дөөлөттүк мазмунда изилдөөлөр жүргүзүү үчүн толук баалуу негиз боло алышат. Биз изилдөө объектиси катары XX кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабиятын, изилдөө предмети катары андагы көркөм дөөлөттөрдү алып, аксиологиялык аспектте талдап чыгуу үчүн орус адабиятчыларынын эмгектеринде жасалган илимий божомолдор менен тыянактарга да таяна алабыз.

# 2. XX КЫЛЫМДАГЫ КЫРГЫЗ ПОЭЗИЯСЫ МЕНЕН ПРОЗАСЫНЫН ТАРЫХЫЙ-АДАБИЙ МАҢЫЗЫ

**2.1. Көркөм процесстин тарыхый-адабий маңызы.** Көркөм чыгармачылыктын туундулары ар дайым алар жаратылган тарыхый доор менен карым-катнашта каралышы абзел. Бул адабият таануучулук изилдөөлөргө коюлуучу негизги талаптардан. Б.а. адабияттын генезиси жана кызмат өтөөсү жөнүндө, чыгармачыл инсандар жана алар түзгөн көркөм-адабий туундулар жөнүндө изилдөөлөрдө сөзсүз тарыхый мамиле орун алуусу зарыл. Анын үстүнө көркөм объект жана предмет өзүнө тарыхый-адабий мамилени талап этет. Адабиятчы көркөм жана документалдуу булактарды изилдөөдө фактографиялык материалдарды объективдүү окуп-таанышууга милдеттүү. Мында тарыхый башталма адабий ойдон чыгарууга эч качан үстөмдүк кылбоого тийиш. Адабиятчы М. Борбугуловдун пикиринде «…адабий-классикалык көркөм мурас, сүрөткерлердин адабият жана өз чыгармачылыгы жөнүндө ой-пикирлери, тарыхый-адабий процесс, көркөм сөз чыгармачылыгына катышкан ишмерлердин иш-аракетинин таасири жана натыйжасы – адабият таануунун объектиси…» [45, 22-б.] болот. Баарыбыз билгендей, жалпы эле адабияттын тарыхы деген түшүнүк бар. Ал улуттук адабияттардын жаралышын, өнүгүш жолдорун изилдөө менен бирге ошол адабияттардын өкүлдөрүнүн чыгармаларын синхрондук жана диахрондук аспектте талдоого алып, алардын тарыхтан алган ордун белгилейт. Негизи адабият таануу илими, же анын бир бөлүгүн түзгөн адабияттын тарыхы баарыдан мурда тарыхый-адабий фактылардын ортосундагы байланыштарды конкреттүү изилдөөлөрдүн өтө кеңири аймагы, адабият жөнүндө илимдин чордону болуп эсептелет. Ошентсе да жалпы дүйнөлүк адабияттын, анын ичинде ар башка улуттук адабияттардын өнүгүүсүнүн мезгилге, коомго байланыштуу жалпылыктары менен өзгөчөлүктөрү бар.

Дүйнөлүк адабий процесс көп катмарлуу жана көп улуттуу кубулуш болуп саналат. Мына ушул кубулуш көркөм-адабий жаралгаларга тарыхый көз караштан мамиле кылууну талап этет. XIX кылымдын экинчи жарымында дал ушуну туура түшүнүү менен орус окумуштуусу А. Веселовский адабият таанууда тарыхый поэтика деп аталган багытты түптөгөн. Ал адабият таануу илиминин астына аң-сезимдүү түрдө «түрдүү элдерде бирдей шарттардын дал келүүсүндө кайталануучу» [48, с. 46] адабий процесстин чоң стадияларын айкындоо милдетин койгон. Тарыхый поэтика эстетикалык объекттин, б.а. адабий туундулардын генезиси менен өнүгүүсүн иликтейт. Аны тарыхый мезгил ичинде көркөм өнөрдө болуп өтүүчү чексиз жана бүтпөс диалог про-

цесстери кызыктырат. Мындай процесстерге жалпы эле көркөм сөз өнөрүнүн, анын ичинде жекече чыгарманын, ошондой эле жазуучулук ишмердүүлүктүн келип чыгышын жана өнүгүшүн кошууга болот. Ушулардын баарына **тарыхый-адабий мамиле** кылуу абзел. Ошентип, адабият таанууда көркөм адабияттын тарыхы, жеке чыгарманын тарыхы, адабий чыгармачылыктын тарыхы өңдүү түшүнүктөр катарлаш жашайт.

XX кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабиятына келсек, окумуштуулардын айтымында, бул өзгөчө кубулуш катары белгиленип жүрөт. Айталы, залкар окумуштуу К. Асаналиев «Кыргыз элинин сөз искусствосу эң байыркы доордон бери жашап келатса да, ал жазма адабий жолуна, жалпы адабий процесске өтө кечигип келди. Мындай тарыхый шарт, жаңы көркөм өнүгүү жолуна түшүү мүмкүнчүлүгү Октябрь революциясынын жеңиши менен кошо жаралды. …кыргыз элинин улуттук жазма адабияты бир эле муундун өмүр жашында тарыхта болуп көрбөгөн бир сапаттан экинчи сапатка карай чукул секириктерди жасады», [33, 29-б.] - дейт. Ал ушул эле оюн башка бир эмгегинде улантып, «Эң кыска мөөнөттүн аралыгында жаралып, калыптанган кыргыз совет адабияты айрым бир көрүнүштөрү боюнча дүйнөлүк көркөм үлгүлөрдүн катарына чыкты», [89, 17-б.] - деп айтат. Академик А. Эркебаев «…Октябрь революциясына чейин Кыргызстанда профессионал адабияттын жаралышы үчүн зарыл болгон мындай маданий шарттар жана саясий өбөлгө – улуттук мамлекеттүүлүк болгон жок. Мунун башкы күнөөкөрү – падышачылыктын оторчулук саясаты, феодалдык-патриархалдык коомдук мамилелер эле» [173, 17-б.] деп көрсөтөт. Профессор О. Ибраимов адабиятка карата совет өкмөтүнүн саясатын өзгөчө белгилөө зарылдыгын айтат. Анын ою боюнча «кыргыз адабиятынын, өзгөчө анын эми гана өз алдынча доошко жана белгилүү бир чөйрөгө ээ болуп келаткан жазма-профессионал формасынын кандай шарттарда өнүгө турганы дал ошол совет бийлигинин саясатынан өтө көп көз каранды болгон» [75, с. 80]. Бул шилтемелерге караганда кыргыз профессионал жазма адабияты түптөлгөн мезгилинен тарта коомдук милдет аткарууга киришкен. А. Эркебаевдин пикирине кайрылсак, «…кыргыз тилинде үгүтчүл поэзия, публицистика, проза жана драматургия жаралган жана бул кубулуш, көрүнүп тургандай, жаңы коомдун, ал түзгөн жаңы шарттардын жана өбөлгөлөрдүн аркасында гана мүмкүн болгон» [174, 219-б.]. Окумуштуу жаңы түптөлгөн кыргыз профессионал жазма адабиятынын мүнөзү **үгүтчүл** болгондугун белгилөөдө. Муну адабиятчы К. Артыкбаев да ырастайт: «Коомдук аң-сезимдин спецификалуу жана эң активдүү, таасирдүү жеткиликтүү түрү болгон жаңы көркөм адабиятыбыз Улуу Октябрдын жеңиши менен кошо төрө-

лө баштап, ал коомдо болуп жаткан улуу революциялык өзгөрүүлөрдү, социалисттик курулуштун жаңылыктары менен артыкчылыктарын, тап күрөшүнүн диалектикасын, адамдардын жаңы турмушка, жаңы эмгекке болгон карым-катнашын жана жаңы турмушту куруу, бекемдөө үчүн жүргүзгөн күрөшүн чагылдырууга тийиш болчу» [29, 44-б.]. Адабиятчы А. Садыков ошол доордогу адабияттын мүнөзү тарыхый-маданий шарттардан алыс кетпегенин төмөнкүчө элестүү туюнтат: «Советтик коом мезгилинде ушул коомдун аты менен аталган адабият жашап жана өнүгүп келгендиги белгилүү. Ал мезгилде ошол коомго берилген жана анын идеяларын пропагандалаган адабият жашагандыгы да айгине. Бул үчүн ал адабиятты күнөөлөөгө болбойт, анткени, ар бир надстройка өз базиси үчүн кызмат кылган сыяктуу эле көркөм адабият да, өзү жашаган коом үчүн иштейт. Андан башкача болууга мүмкүн эмес» [126, 5-6-бб.].

Жогоруда айтылгандардан чыгуучу тыянак – XX кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабияты, анын ичинде прозасы менен поэзиясы агитациялык-пропагандалык мүнөздө түптөлгөн, ал коомдун керектөөсү үчүн кызмат өтөгөн, бул тарыхый-маданий шарттарга жараша болгон. Анткен менен улуттук маданиятта жетишилген **эң башкы натыйжа – кыргыз профессионал жазма адабиятынын жаралуусу жана гүлдөп өнүгүү жолуна түшүүсү эле**. Биз мына ушуну эстен чыгарбоого тийишпиз.

Ал эми кезегинде бүткүл Советтер Союзуна кирген улуттарды бир мамлекеттүүлүккө уютуп турган орус элинин тарыхында, орус маданиятынын тарыхында Октябрь революциясынын маани-маңызы бүгүн бир аз башкача бааланат. Кыргыз профессионал жазма адабиятынын пайда болуусун чоң жетишкендик катары карап жатып, буга контраст катары биз муну да чагылтып кеткенибиз оң. Белгилей турган негизги жагдай, орус адабияты Октябрь революциясына чейин эле өзүнүн гүлдөө доорун баштан кечирген. Андыктан Октябрь революциясынан кийинки орус адабиятынын өнүгүүсүндө керек болсо сапаттык төмөндөө жүргөн. Тарыхый шарттарга, жеке алсак, совет бийлигинин саясатына ылайык адабий процесстин үгүтчүл маанайга, тап күрөшүнө, идеологиялык муктаждыкка бет бурушу мына ушуну шарттаган.

Бул кубулуш «История русской литературы XX века (20-90-е годы). Основные имена» аттуу эмгекте мындайча сыпатталат: «Зор саясий алааматтан улам бирдиктүү улуттук адабият үч бутакка ажыраган (тарыхта болбогон окуя): советтик деп аталган адабиятка, «кармалган» (басылып чыкпай жаткан – А. Ж.) (өлкө ичиндеги) адабиятка жана чет элдеги орус адабиятына. Алардын көркөмдүк принциптери, темалары, авторлор курамы, мезгилдешүүсү жетишерлик айырмалуу. Революция

адабияттын бардык үч бутагында тең өтө көптү аныктады. Бирок улуу ажыроо 1917-жылдын октябрь-ноябрында жүргөн жок. …20-жылдардын эң башынан тартып Россиянын маданий жакырлануусу да башталат (тагыраагы, кескин күчөйт)» [81, с. 9-10]. Ал эми XIX кылымдын аягында XX кылымдын башында орус адабияты өзүнүн «күмүш кылымын» өткөрүп жаткан эле. Бул кубулуш мындайча сүрөттөлөт: «XIX кылымдын аягында – XX кылымдын башында мурда жогору даражадагы дүйнө көрүмдүк биримдикке ээ болгон орус адабияты, эстетикалык жактан көп катмарлуу болуп калды. Европалык маданияттын терең кризиси менен белгиленген жана мурунку идеалдардан көңүл калуунун жана жашап турган коомдук-саясий түзүлүштүн өлүмүнүн чукулдоосун туюунун натыйжасы болуп калган бул мезгилди орус маданиятында «Күмүш кылым» деп аташкан» [107, с. 62]. Анткен менен орус адабиятындагы төмөндөө ошол бойдон эле улана бербейт, ал кайра көтөрүлүүгө жол ачат: «Кылым соңунда орус адабиятынын үч бутагынын иш жүзүндө биригүүсү болуп өттү да, анын башкы биримдигин көрсөттү: эң бийик көркөм дөөлөттөр бардык үч бутакта тең, анын ичинде советтик адабиятта да болду» [81, с. 14].

Талдоодон көрүнүп тургандай, улуттук маданиятыбыздын тарыхында кыргыз профессионал жазма адабиятынын жаралуусунун өзү чоң ийгилик болгон. Албетте, жаңы түптөлгөн адабият коомдук буюртма менен иштегени, үгүтчүл маанайда болгону мыйзам ченемдүү көрүнүш эле. Анан да XX кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабиятынын бүткүл өнүгүүсү коомдук-маданий кырдаалдарга жараша жүргөн. XX кылымдагы Кыргызстандагы көркөм процесс толугу менен терең тарыхый-адабий маңызга ээ болгон. Анткен менен ошол учурдагы улуттук адабиятыбызда бийик деңгээлдеги көркөм дөөлөттүк туундулар жаратылган. Муну эч кандай тана жана чана албайбыз.

**2.2. XX кылымдагы кыргыз поэзиясындагы көркөм дөөлөттөр жөнүндө.** Жаралуу мезгилинен тартып эле кыргыз профессионал жазма адабиятында, өзгөчө поэзияда баалуулуктук башталмалар орун ала баштаган. Муну окумуштуу О. Ибраимов туура баамдайт: «Кандай болгондо да, «жарык» - «караңгы», «кас» - «дос», «караңгы өтмүш» - «жарык келечек», «бай» - «кедей» антитезаларына негизделген баалуулуктар шкаласы көрсөтүлгөн он жылдыктардагы бүткүл агитациялык-публицистикалык поэзиянын идеялык-эстетикалык өзөгүн түзөт» [75, с. 101]. Бирок бардык эле көркөм жаралгалар үгүтчүл мүнөздө боло берген эмес. Айрымдарында табият кубулуштары, турмуштук дөөлөттөр да сыпатталган. Мына ушул көрүнүштү А. Эркебаев төмөнкүчө белгилейт: «Кызыл гүл» жыйнагы жаш кыргыз акындарын ал мезгилде

коомдук-саясий окуялар гана эмес (бул тематика биринчи планда турса да), ар кыл башка кубулуштар да: адамдардын түрдүү сезимдери (кубаныч жана кайгы, сүйүү жана ажырашуу), табияттагы жана турмуштагы сулуулук ж.у.с. кызыктырганын күбөлөйт» [174, 228-б.]. Туура, алгачкы акындарыбыздын ырларынан жалпы адамзаттык дөөлөттөрдү да, түбөлүктүү темаларды да кездештире алабыз.

Окумуштуулардын ою боюнча, ошол таптагы поэзиябыздын мыкты үлгүлөрүнүн бири К. Тыныстановдун «Жаңыл Мырза» поэмасы болуп саналат. Азыр кыргыз адабият таануусунда К. Тыныстановдун «Жаңыл Мырза» поэмасына бир топ жогору баа берилип жатат. Алсак, окумуштуу К. Даутов мындай дейт: «Өзүнүн аты аталбай, чыгармалары жарыкка чыкпай, ээсин жоктоп муңканып, бүтүндөй кыргыз окурмандары менен Чындыкты катарлаша өкүнтүп турчу ордуна туралбай, аты жок абышкага олжого берилген Жаңылдай капаста кармалып келген «Жаңыл Мырза» ушундай узун өмүр жолу, таасын тагдыры бар, кыргыз адабиятынын ичинде биринчи сабаттуу профессионал акын жазган **биринчи эстетикалык көркөм баалуулук** катары бүткөн поэма экендигин азыр баарыга таанытып, кайрадан үн салып, кайрадан өзүнө келип бараткан учуру» [55, 49-б.]. Адабиятчы О. Ибраимов К. Тыныстановдун акын катары өнүгүү жолун төмөнкүчө мүнөздөйт: «...автор ырдан ырга өсүп отурду, казак тилиндеги карапайым үгүтчөдөн «Жаңыл Мырза» олуттуу романтикалык поэмасына чейинки жолду басты» [75, с. 94]. Бул мыйзам ченемдүү эле кубулуш. Кайсы гана доордун болбосун көркөм жаралгалары өзүнүн чыныгы баасын алууга толук акылуу.

Биздин оюбузча, К. Тыныстановдун «Жаңыл Мырза» поэмасын кыргыз профессионал жазма поэзиясындагы алгачкы көркөм дөөлөттөрдүн бири катары баалоого негиз берген себеп – анын өз мезгилинин фонунда **бийик эстетикалык деңгээлде көркөм иштелиши** болуп саналат. Чыгарманы окуганда анын автору белгилүү бир даражада адабий-теориялык билимдерге ээ болуп калган, калеми такшалган, поэтикалык машыгуу, дасыгуу жолун басып өткөн инсан экенин байкайбыз. Буга анын поэмада композицияны уюштура билүүсү, сөздөрдү тыкыр тандоосу, ыр саптарын дыкаттык менен куруусу, көркөм элес түзүүдөгү кылдаттыгы, ички сезимдерди бере билүүсү, жеке инсан трагедиясын ача алуусу күбө болот.

Арийне, азыркы күндүн көз карашынан алганда, жаңыдан сапарга бет алган кыргыз профессионал жазма поэзиясынан көптү күтүүгө мүмкүн эмес болчу. Анын үстүнө, бул мезгилде эне тилибизде бар болгону төрт гана ыр китеби жарык көргөн [95; 96]. Ошого карабастан, XX кылымдын 18-20-жылдарында жазылган ырлардын арасында Сыдык

Карачевдин «Шаңдан, жүрөк», «Күзгү түндө», Касым Тыныстановдун «Ырдаба, сулуу, кыйнаба», «Ала-Тоо», «Эрксиз ажырашканга», «Айрылуу» аттуу ырлары жазма поэзиянын эстетикалык ченемдерине жооп бергендиги, лирикалык сезим-туюмдардын, дөөлөттүк баалоолордун орун алгандыгы менен өзгөчөлөнүп турушарын белгилөөгө болот. Адабиятчы О. Ибраимов «Касым ырларынын жыйнагынын» автору «...лирикалык поэзия баарыдан мурун автордун субъективдүү толгонууларынын көркөм чагылышы, ал эми лирикадагы дүйнө – баарыдан мурун автордун субъективдүү көз карашы аркылуу тартылган дүйнө экендигин... башкаларга караганда эрте да, терең да баамдаганы байкалып турат» [77, 217-б.] деген тыянагын билдирет. Иллюстрация катары К. Тыныстановдун «Ала-Тоо» деген ырынан үзүндү келтиребиз:

*Кечиккен соң зарыгып,*
*«Унутту» деп таарынып.*
*Коргоол менен күн санап,*
*Жүргөндүрсүң камыгып.*
*Түндө жатып уктабай,*
*Күндүзүндө токтобой,*
*Жолоочудан жол сурап,*
*Тургандырсың, Ала-Тоо!* [85, 25-б.]

Бул жерпайы эми гана түптөлүп келаткан кыргыз поэзиясы үчүн жаңы сөз, жаңы ыкма эле. Анда туулган жерге болгон сүйүү чынчылдык менен чагылтылып, ой-сезимдер чын дилден берилип, **Ата Мекен улуу дөөлөт экенине** көңүл бурулат. Академик А. Акматалиев бул ырдын мазмунунда «Уулун сагынган ак элечек эненин элеси кылымдарды карыткан Ала-Тоонун кыргыз баласы үчүн бир боор, кең пейил, мээримдүү энелик образына айланып, анын алыста жүргөн баласы жөнүндөгү сары санаасы, кооптонуусу, түйшөлүүсү, сагынычы терең, ишенимдүү, элестүү ачылат» [11, 263-б.] деп баса көрсөтөт. Кыйла эле кийин, 1946-жылы ушул ыкманы Алыкул Осмонов өз чыгармачылык ишмердүүлүгүндө үзүрлүү колдонуп, даңазалуу «Ата Журт» аттуу ырын жаратат.

Кийинки он жылдыкта, 30-жылдарда, кыргыз акындарынын катары калыңдады, ошого жараша поэтикалык төл да арбып отурду. Аталган он жылдыкта бардыгы болуп жетимиш наамдагы поэзиялык жыйнак басып чыгарылган [95; 96]. Бул учурдагы акындарыбыз ар тараптуу таалим-таасир алуу менен чыгармачылык чеберчиликтерин да өркүндөтүштү. Бул мезгилде кыргыз поэзиясынын мыкты өкүлү катары Аалы Токомбаев алдыга озуп чыга келди. Залкар акындын ушул мезгил үзүмүндөгү поэтикалык туундуларынын ичинде көркөм дөөлөттүк касиет-сапаттарга ээ лирикалар чынында да арбын. Мисал катары анын «Сүйгөнүмө», «Өмүргө», «Эсимде», «Эскерем», «Сизге», «Элестетем»,

«Эгер болсом», «Кечирип кой», «Тил алса», «Үч чындык» аттуу ырларын келтирүүгө болот. Буларда акын тутунган адеп-ахлактык, турмуштук баалуулуктар ачык-айкын чагылган. Анын бул кездеги ырлары жаңы жаза баштагандарга күчтүү таасир калтырган. Муну төмөнкү салыштыруулар айдан ачык тастыктайт.

*Сүйөмүн мен, өлсөм дагы танбаймын,*
*Сүйгөнүмө өлгөнүмчө канбаймын.*
*Жашчылыктын так кырдаалы турганда,*
*Элим үчүн өмүрүмдү арнаймын!* [158, 198-б.]
(А. Токомбаев «Сүйгөнүмө», 1930)
*Сүйөм сени, сүйгөндүгүм сүттөн ак,*
*Сени сүйгөн тагдырыма ырахмат.*
*Өлгөндө да сенин жыпар жытыңды,*
*Жаткым келет көкүрөккө кучактап.* [114, 28-б.]
(А. Осмонов, «Ата Журтум»,1946).
*Ырас, өмүр аткан октой өтөбү?*
*Ырас, жаштык суу сепкендей өчөбү?*
*Ыйламсырай туткун болуп толкунга*
*Ыраа көрбөс башка доорго көчөбү?..* [158, 128-б.]
(А. Токомбаев, «Өмүргө», 1930)
*Ырас, өмүр кандай кыска, кандай аз,*
*Тагдыр ошол, өлчөмүнөн көп кылбас.*
*Бирок чиркин station аздыгына мейли эле,*
*Анын октой тездигине катат баш.*
*Кечээ гана тигил кырда жок эле*
*Кайдан чыкты боз ат минген отуз жаш.* [113, 21-б.]
(А. Осмонов, «Отуз жаш», 1945)

Мындай мисалдардын катарын дагы да арбыта алабыз. Ушул өңдүү окшоштуктардын себебин издей келгенибизде, биринчиден, таасир маселесин, экинчиден, эстетикалык жалпылыкты айтууга болот.

Ушул мезгил аралыгында кыргыз акындарынын көпчүлүгү поэзияга кадыресе жаңылык алып келүүгө умтулушту. Андай аракеттер оңунан чыккан учурлар да арбын болду. Алсак, Мукай Элебаев «Биз күрөштүн жигити», «Техникага жөнөдүк» ж.б. бир катар ырларын эркин ыр формасында жазган. Бул ошол кезде кеңири белгилүү пролетар акыны В. В. Маяковскийди тууроо эле. Калыстык үчүн айта кетүүчү жагдай, мындай демилгени биринчи болуп Жусуп Турусбеков колго алып, 1928-жылы «Ленин жолу» аттуу ырын жарыялаган. Бул ырды жаш калемгер жаратса да, профессионал акын тарабынан жазылган көркөм дөөлөт сындуу эле кабылданат. Ал эми Жоомарт Бөкөнбаев

«Кыргыздын Ала-Тоосу», «Жайдын кечи» өңдүү ырлары менен кыргыз поэзиясына пейзаждык лириканын татынакай өрнөктөрүн алып кирген. Өзгөчө «Жайдын кечи» күнү бүгүн да пейзаждык лириканын классикалык үлгүсү катары саналат. Ушул ырдын алгачкы куплетин келтире кетели:

*Манаттай асман кызарып,*
*Магдырап барат айланам.*
*Чачырайт көбүк бетиме*
*Чамынып аккан дайрадан.*
*Муңайым тартып угулат,*
*Булбулдун үнү сайраган.* [46, 243-б.]

Отузунчу жылдарда жалпы журтка кеңири жайылган ырлардын катарына Ж. Бөкөнбаевдин «Гүл турмуш», «Чынардын ыры», К. Маликовдун «Кызыл атчандар», М. Токобаевдин «Кыздар ай», «Жибек чач», Ж. Турусбековдун «Эсимде», «Кызыл жоолукчан» өңдүү чыгармалары киришет. Жусуп Турусбековдун «Эсимде» аттуу лирикасы элдик ырга айланып, бүгүн да накта шедеврдин жашоосун баштан кечирип, узак өмүр сүрүп келатат. Айта кетүүчү жагдай, бул учурда кыргыз акындары үгүтчүл поэзиянын деңгээлинен жогору көтөрүлүп, чыгармаларында турмуштук дөөлөттөрдү – **өмүр, сүйүү, эмгек, бакыт** ж.б. ургаалдуу чагылта баштакан.

Эпикалык поэзияда да көркөм дөөлөттүк мазмунга ээ бир катар чыгармалар жаратылды. Буга А. Осмоновдун «Толубай сынчы», А. Токтомушевдин «Какшаалдан кат», Ж. Турусбековдун «Энем» поэмаларын мисал келтирүүгө болот. «Толубай сынчы» поэмасында **ак менен каранын, жакшылык менен жамандыктын** күрөшү, «Какшаалдан кат» поэмасында **өмүр, турмуш, мекен, эл, жер** дөөлөттөрү, «Энем» поэмасында **окуунун, билим-илимдин** бийик дөөлөттөр экендиги тууралуу толгонуулар орун алат.

XX кылымдын 40-жылдарында кыргыз поэзиясынын маани-мазмуну жаңы нукка бурулду. Анткени, Улуу Ата Мекендик согуш жүрүп жатты. Ошол себептен алдыңкы планга патриоттук темадагы чыгармалар чыгышты. Бул мезгилде бардыгы болуп сексен ыр китеби жарыяланды [95; 96]. Согуш мезгилинде поэзияда чакырык, кат, ант мотивдери басымдуулук кылып, миңдеген ырлар жазылган. Алардын ичинен дөөлөттүк мазмундагы дурус ырлар катары А. Токомбаевдин «Алкоо», «Өлбөс жигит», М. Элебаевдин «Улуу марш», «Турмуш», К. Маликовдун «Канга кан», Т. Үмөталиевдин «Күн тутулбайт, ай батпайт», «Жер күйүп жатат», Ж. Бөкөнбаевдин «Кош, Ала-Тоо, уулуң кетти майданга», «Көл үстүндө» деген поэтикалык туундуларын белгилөөгө болот.

Мукай Элебаев «Турмуш» аттуу ырында нукура дөөлөттүк мүнөздөгү жекече ой толгоосун чагылткан. Аны толук келтире кетели:

*Кенебей турган дапдаяр*
*Бул турмуш – чапкан жол эмес:*
*Эмгекке бүткөн бул – сапар*
*Түгөнбөс артуу, сан белес.*
*Кай жерде болсо жоо беттеп*
*Кармашып өттүк бир кайтпай.*
*Кезекке келчү жеткинчек –*
*Сенин да жолуң ушундай.* [167, 119-б.]

Көрүнүп тургандай, М. Элебаев ушул кыска лирикасында согуш кырдаалын жан дүйнөсүнөн өткөрүү менен бирге, артка кылчайып, адам турмушун дөөлөттүк өңүттө сергек баалоого жетишет. Ал муну бүт оюн бир чекитке топтоо аркылуу философиялык түрдө билдирет. Адабиятчы С. Жигитов биз мисал кылган ырга жогору баа берип, төмөнкү пикирин ортого салат: «Көптү көрүп, көп ойлонуп, турмуш акыйкаттарынын көбүн өз бетинче кайра ачкан адам гана ушундай жөнөкөй, таасын, акылдуу айтып коюшу мүмкүн» [66, 487-б.]. Байкаганыбыздай, катаал мезгилдин сынагынан өтүү түрүндө кыргыз поэзиясынын өкүлдөрүнүн руханий өнүгүүсүндө алга карай жылыштар, дөөлөттүк өзгөрүүлөр жүрөт.

40-жылдарда, согуштан кийин жарык көргөн ыр жыйнактардан да майдан темасына байланыштуу мыкты лирикалык туундулар учурайт. Алсак, М. Алыбаевдин «Эсте секет», «Ыйлабачы» деген ырлары сөзгө алууга татыктуу. Айрыкча, акындын «Ыйлабачы» аттуу ыры бүткүл турпаты менен ырайымсыз согуштун кесепеттерин, ал эл-журтка оор азап-тозок, айтып бүткүс кайгы-муң алып келгенин таза дөөлөттүк негизде баалоого алат.

*Ыйлабачы!*
*Кайгыны ичке батыргын,*
*Сабыр кылчы,*
*Айтканын ук акындын:*
*Коркок бирөө коюнуңда жатканча,*
*Аты жакшы жесири бол баатырдын.* [27, 29-б.]

Поэзиядагы дал ушундай ички мазмундук өсүүнүн, руханий-дөөлөттүк өзгөрүүнүн көрсөткүчү Алыкул Осмоновдун «Махабат» ырлар жыйнагы болуп калат. Анда акындын 1944-жылдын ноябрынан 1945-жылдын апрелине чейин жазылган чыгармалары топтолгон. Мына ушул ыр жыйнагы келечекте Алыкулдун акын катары «экинчи өмүрүн» сүрүүсүнө өбөлгө болгон. Акын өзүнүн жекече сезим-туйгуларын, турмуштук сабактарын, тутунган баалуулуктарын, жалпы жан дүйнөсүнүн назик сырларын аталган жыйнактагы ырларында таа-

сын чагылткан. Ушул жыйнактан орун алган нукура көркөм дөөлөттөр катары «Отуз жаш», «Замандашыма», «Адамзат», «Мен эмнеден уялам?», «Келсем жоксуң», «Сулуугa», «Бөбөккө», «Бүкөн», «Каркыра», «Кайыңды» ж.б. ырларын атоого болот. Бул лирикаларда **өмүр, өлүм, сүйүү, эмгек, мекен** дөөлөттөрү өзгөчө түрдө ырга салынат. Бир нече мисалдар келтирели:

*Мүрөктүн суусу жөн суулардай шылдырлап,*
*Агып жатса мал кечпес жашыл аралда.*
*Көк арчадай өңдөн азбас болсун деп,*
*Өзүм ичпей, ичирер элем адамга…*

*Мүрөктүн суусун ичирейин дегеним:*
*Адам деген картайгыч тура бечара.* [113]
(Осмонов А. «Адамзат»)

Бул ырында акын адамды жашоодогу эң бийик дөөлөт катары карай турганын, колунан келген бардык жакшылыктарды ага арнай турганын билдирет.

*Кеткен кемтик жакшы ыр менен жетилет,*
*Андай болсо, көп кечикпей кууп жет.*
*Доорубузга каухар чачып калалы,*
*Алдыбызда канча күн бар ким билет?* [113]
(Осмонов А. «Замандашыма»)

Мында өмүр барда эмгек кылуу, бел чечпей эмгектенүү аркылуу элге таанылуу жөнүндө ой айтылат, эмгек турмуштагы бийик дөөлөт катары алдыга чыгарылат. Акын эмгекти өтө жогору баалайт, «көзгө толор эмгек кылбаганына уялат»:

*Мен уялам, мына мындан уялам,*
*Көзгө толор бир чоң эмгек кылбагам.*
*Колун кезеп жолуң болгур дегенсийт,*
*Жер шарынан күлүк учкан заманам.* [113]
(Осмонов А. «Мен эмнеден уялам»)

Ушул өңдүү ыр саптары А. Осмоновдун поэзиясына терең дөөлөттүк багыт алуу мүнөздүү экенин айгинелейт. Биз сөз кылган жыйнактан басымдуу байкалган ушул өзгөчөлүк акындын кийинки ыр китептерин да кызыл сызык болуп аралап өтөт. Алсак, «Менин жерим – ырдын жери» (1947) жыйнагындагы «Жоготтум», «Музыка», «Комуз»; «Жаңы ырлар» (1947) жыйнагындагы «Жибек кийген эрке кыз», «Катыңа жооп»; «Жаңы ырлар» (1949) жыйнагындагы «Күз», «Өзүмдү өзүм», «Маляр» сыяктуу терең баалуулуктук мазмундагы оригиналдуу чыгармалары акындын карманган турмуштук дөөлөттөрү башкалардан кыйла өзгөчө экенин көрсөтмөлүү тастыктап берет.

Албетте, А. Осмонов жараткан шедеврлердин таанымалдарынын бири «Ата Журт» болуп саналат. Бул чыгармадан акындын Ата Журтту эң бийик дөөлөт катары тутунары, аны ыйык көрүп аздектери айкын болот. Алыкул коомдо болуп жаткан оң-терс көрүнүштөрдү дөөлөттүк-эстетикалык аң-сезиминен өткөрүп, ошол кезде коомдук-маданий кырдаалдын курчуганын мекенге болгон чексиз сүйүүсүнө айкалыштыра билгичтик менен жеткирет. Бул ырда ар бир сөз, ар бир тыныш белги өзүнө чоң маани сыйдырып, бөтөнчө бир көркөм дүйнөгө айланат.

*Жылуу кийин, жолуң кыйын үшүрсүң,*
*Кыш да катуу ... бороон улуп, кар уруп...*
*Суугуңду өз мойнума алайын,*
*Жол карайын, токтой турчу, Ата Журт!*

*Түндөр жаман... кырсык салып кетпесин,*
*Наалат келип ат тизгинин шарт буруп...*
*Азабыңды өз мойнума алайын,*
*Из карайын, токтой турчу, Ата Журт!*

*Жаз да башка... Жел тийбесин, абайла,*
*Көпкө турбас мобул турган сур булут.*
*Бүт дартыңды өз мойнума алайын,*
*Сен ооруба, мен ооруюн, Ата Журт!* [115, 110-б.]

Ошентип, Алыкул Осмоновдун чыгармачылыгы согуштан кийинки кыргыз поэзиясында мезгил менен мейкиндик алака-катышын чегине жеткире татаалдантып, өзүнчө бир көркөмдүк-эстетикалык, руханий-дөөлөттүк бурулуш жасайт. Бул процесс терең руханий-дөөлөттүк мазмунга ээ, өз мезгилинен аша өмүр сүрүү касиети бар көркөм туундулардын жаралуусу менен коштолот.

Ушул мезгил үзүмүндө Алыкул Осмонов эпикалык поэзияда түзгөн көркөм дөөлөттөргө келсек, «Майдын түнү», «Махабат», «Жеңишбек» поэмалары турмуш чындыгына өзгөчө дөөлөттүк туюм менен мамиле жасоо жаатында айырмаланып турушат. Бул чыгармалар идеялык-мазмундук таасири, көркөмдүк-эстетикалык мааниси боюнча классикага айланып калышкан. Өзгөчө «Жеңишбек» поэмасы жеке адамдын кайгы-касыретин, тарткан убайымын, дөөлөттүк туюмдарын таасын сүрөттөө аркылуу көп маанилүү ойлорду, жандуу турмуштук элестерди, эмоциялуу пейзаждык сүрөттөөлөрдү тулкусуна батырып, XX кылымдагы кыргыз поэзиясынын нукура көркөм дөөлөтү даражасына жеткен.

Албетте, бул жылдары эпикалык поэзия жанрынын өрүшүн кеңейтүүгө салым кошкон акындарыбыз арбын. Алар согуш темасында нечендеген поэмаларды жазышкан. Ошолордун ичинен Жоомарт

Бөкөнбаевдин «Ажал менен Ар-намыс» (1943) поэмасы таза баалуулуктук дихотомияга – өмүр менен өлүмдүн күрөшүнө негизделген көркөм дөөлөт экендигин белгилейбиз. Акын өз поэмасында **өмүр** менен **намыс** адам турмушундагы маанилүү дөөлөттөр экенин таамай көрсөтүүгө жетишкен [47].

XX кылымдын 50-жылдарында Райкан Шүкүрбеков менен Мидин Алыбаевдин поэтикалык чыгармачылыгы кыргыз поэзиясына бөтөнчө бир нук кийирген. Адабият айдыңына булардан башка бүгүн кыргыз поэзиясынын классиктери деп таанылган Сүйүнбай Эралиев, Сооронбай Жусуев, Байдылда Сарногоев ж.б. келип кошулган. Аталган мезгил үзүмүндө бардыгы болуп 154 поэзия китептери жарыкка чыгарылган [95; 96].

Р. Шүкүрбеков термелери жана сатиралары менен окурмандарга алынган. Анын «Жер жөнүндө терме», «Жинди суу» аттуу термелери, «Кыз, жигит» поэтикалык балладасы эл алдында көп аткарылып, шедеврлик деңгээлге жете көтөрүлгөн. «Жинди суу» термеси бардык окурмандарга бул турмушта жалган баалуулуктарга, мисалы, ичкиликке азгырылбоо керек экендигин айтып турат. Жалган дөөлөт болуп саналган ичкилик адамды айбан деңгээлинен да төмөн түшүрөрүн акын төмөнкүчө элестүү тартып берген:

*Ит каппайт сени адам деп,*
*Кыз сүйбөйт сени жаман деп.* [120, 92-б.]

Акындын «Халтурщик досума кат», «Барынан жогу», «Сен эмеспи», «Өзүбүздүн Мишка», «Акча качан жагат» деген сатиралык ырлары жана көптөгөн тамсилдери жасалма сулуулукка, материалдык дөөлөттөргө кызыгуу адам руханы үчүн зыяндуу экенин кашкайта көрсөтөт.

М. Алыбаев кыргыз поэзиясында сүйүү лирикасын жаңы бийиктикке көтөрүүгө жетишет. Анын «Сүйгөнүмдүн сүрөтүнө», «Өзүң бил», «Айтчы, жаным», «Кээде бүркөө, кээде жарк дейт кабагың», «Бир кызга», «Сагындым», «Ойлончу» деген ырларында сүйүү турмуштук негизги дөөлөт катары даңазаланат. Махабат адам өмүрүндөгү эң назик сезим экени, сүйүүдө соодалашууга жол берилбестиги, ашыктык адамды психологиялык жабырга салары ачылат.

*Кучактадым. Мен сен жакка ыктадым,*
*Сен да ыктадың, кучагымдан чыкпадың,*
*Шылтоо кылып чочубасын дегенсип,*
*Жакаңдагы кызыл гүлдү жыттадым.* [28, 70-б.]
(Алыбаев М. «Сага»)
*Көзүң укмуш – ак чыныда карагат,*
*Көп караба, жүрөгүмдү жаралап.*
*Көөнүң болсо, бир белгиңди түшүндүр,*

*Киши жалдап, сүйө албаймын паралап.* [28, 72-б.]
(Алыбаев М. «Ойлончу»)
*Кыйнабачы жүрөктөгү жарадай,*
*Кылгырбачы, койчу, мени карабай.*
*Же күлүп кой, же кирпигиң ирмечи,*
*Куса болдум сагынганым тарабай.* [27, 19-б.]
(Алыбаев М. «Сүйгөнүмдүн сүрөтүнө»)

Мидин Алыбаевдин ашыктык ырларынын дөөлөттүк чордонунда аялзаты турат, акын ага карата сүйүү сезимдерин түздүк, ачыктык, сезимталдык менен билдирет.

Акындын сатиралары да кыргыз поэзиясынын шедеврлерине айланып, узак жашоо кечирип келатат. М. Алыбаевдин «Ак чүч», «Бюрократ», «Кошоматчы», «Сизге айтам», «Ал эми ким?», «Саадат-кандидат» ж.б. сатиралык чыгармалары турмуштагы терс көрүнүштөрдү баалуулуктук өңүттөн ачуу мыскылга алат. Ал бетин ачкан тескери жосундар бүгүн деле коомубуздан арылбай келатат, андыктан дөөлөттүк мазмундагы бул чыгармалар келечекте да тарбиялык кызмат өтөй берери шексиз.

Сүйүнбай Эралиевди акын катары тааныткан чыгармасы «Ак Мөөр» (1959) поэмасы болду. Ал ушул чыгармасында адам турмушун да, адам баласынын турмуштагы дөөлөттөрүн да, табият көрүнүштөрүн да чебер сүрөттөй алган акындык кудуретин көрсөттү. Поэманы өзгөчө кызыктуу кылган жагдай – анда маанилүү дөөлөттөрдүн – **эркиндик, теңдик, сүйүү, өмүр** ж.б. өткөн теңсиз доордогу аянычтуу абалы таасын берилиши болду. Чыгармада Ак Мөөр менен Болоттун тагдыры өтө таасирдүү чагылтылган [169]. Ошол себептен, поэма азыркы убакка чейин мазмунунан бөксөрбөй, өңү-түсү оңбой, «биздин көркөм сөз маданиятыбыздын асманында Чолпон жылдыздай балбылдап күйүп турат» [36, 23-б.].

Ушул жылдарда аксакал акындарыбыз да өздөрүнүн чыгармачылыгын активдүү улантышып, бир катар урунттуу поэтикалык туундуларын жарыялашты. Мисалы, А. Токомбаевдин «Өз көзүм менен» (1952), «Майлыбай» (1953), К. Маликовдун «Ат коюу» (1954) поэмалары кыргыз поэзиясына салмактуу салым болуп калды. Бул чыгармаларда коомдук турмушта орун алган адамзаттык жаңы дөөлөттөр ырга салынган. Албетте, өткөн доордон калган мурастын басымдуу бөлүгүн совет мезгилинин чындыгын жазганы үчүн эле көркөм дөөлөттөрдүн катарынан чийип салууга болбойт. Бул эч бир **акыйкаттыкка** жатпайт. Ошол себептен биз өз илимий талдообузда ылайыгына жараша аларга кайрылып жүрүп отурабыз.

XX кылымдын 60-жылдары өзгөчө адабий көрүнүш – шарттуу түрдө «алтымышынчылар» деп аталган чыгармачыл муундун аренага келүүсү менен белгиленди. Бул муундун жаралуусун адабият айдыңында көркөм дөөлөттөрдү кайра баалоо шарттады, ушундай дөөлөттүк ишмердүүлүктүн натыйжасында Алыкул Осмоновдун жылдызы жанып, ал жараткан көркөм дөөлөттөр чыныгы баасын алып, акын «алтымышынчылар» муунунун «өкүл атасына» айланды. Алардын дээрлик бардыгы А. Осмоновдун жаркын поэиясынан акындык чеберчиликтин таалимин алышканын жашырышпайт. Кыргыз поэзиясындагы «алтымышынчылардын» көрүнүктүү өкүлдөрү С. Эралиев, С. Жусуев, Б. Сарногоев, Р. Рыскулов, Ж. Садыков, М. Абылкасымова, М. Буларкиева, С. Абдыкадырова, Ж. Тынымсеитова, Э. Турсунов, О. Султанов, Т. Кожомбердиев, Ж. Мамытов, С. Тургунбаев ж.б. болушту.

Бул он жылдыкта жалпы жонунан 302 поэтикалык жыйнак басылып чыкты [95; 96]. Алардын көбүндө узак жашоого талаптана алуучу поэтикалык туундулар учурарын белгилейбиз.

Сүйүнбай Эралиев «Уяң жылдыздар» (1962) ырлар жыйнагы менен мыкты акындардын бири катары таанылды. Башкасын айтпаганда да, ушул жыйнактагы «Тоодогу кеч», «Сулуу көрдүм», «Жаз» сыяктуу ырлары акындын табигат көрүнүштөрүнө карата дөөлөттүк туюмунун өзгөчөлүгү менен окурманды айран-таң калтырат. Муну тастыктоо үчүн бир мисал:

*Сулуу көрдүм теңтуштар:*
*Ал тигине, карагын,*
*Отурат арык боюнда.*
*Жанына коюп тарагын.*
*Жакында чыгар оюнга.*
*– Оюнга чыкса тосуп ал,*
*Жаз деген болот досум ал...* [170, 22-б.]

С. Эралиевди акындыктын дагы бир бийик сересине чыгарган этаптуу чыгармасы «Жылдыздарга саякат» (1966) поэмасы болду. Бул поэмада **өмүр, өлүм, сүйүү, күчтүүлүк менен алсыздык, ыракат менен азап** өңдүү адамзаттык дөөлөттөр ажырагыс байланышта каралып, аларга акыл-ойдун жаңы бийиктигинен мамиле кылынат. Поэма дөөлөттүк мазмунунун гана эмес, ритмикалык-интонациялык курулушунун дагы жаңычылдыгы менен көзгө илинип, адабий чөйрөдө кызуу талаштарга жем таштады. Чыгарманын дискуссия жаратуусу эле анын нагыз көркөм дөөлөттүк сапаттарга ээ экенин айгинелейт.

Cooронбай Жусуев «Көңүл күүлөрү» (1966) ырлар жыйнагын жарыкка чыгаруу менен чеберчилик жактан толук жетилгенин көрсөттү. Жыйнактагы аталышы анча деле таасирлентпеген ырлар – «Дарак»,

«Салмак», «Кол», «Бут», «Урук», «Жыт», «Жылуулук» ж.б. – **адам, тагдыр, табият** баалуулуктарын философиялык өңүттө таразалап талдайт. Бир мисал келтирели:

*Муңайып балдак болот майыптарга.*
*Кубанып стол, парта, эшик болот.*
*Ыйлайт да табыт болот аргасыздан*
*Жыргайт да бөбөктөргө бешик болот.* [70]

(Жусуев С. «Дарак»)

Бул саптарда кадимки эле дарактын тагдыры **өмүр, өлүм** дөөлөттөрүнө байланып сыпатталып жатат. Мына ушундан эле ырда аксиологиялык мазмун орун алганына ынанабыз.

Байдылда Сарногоев «Ак калпак» (1961), «Тоолор жана тоолуктар» (1966), «Үзүлбөгөн үмүттөр» (1968) аттуу ырлар жыйнактары менен кайталангыс көркөм дүйнөсү бар акын катары белгилүү болду. Акын өз чыгармачылыгында нукура кыргыз дөөлөттөрүн, кыргыз турмушун ырга салганы менен окурмандарына алынып кетти. Ал көп ырларында тоолук элдин мүнөзүн, пейилин поэтизациялайт.

*Чоку болот тоолордун бийик жери,*
*Чокудай бол кыргыздын жигиттери.*
*Чок кармаган кол менен баатыр бол деп,*
*Чоң атабыз үйрөткөн сени, мени.* [140, 32-б.]

Бул саптардан акындын дөөлөттүк багыт алуусу айкын көрүнөт. Ал жаштарды турмушта бийик болууга, пастыкка барбоого үндөйт.

Акын өз чыгармачылыгы баарыдан мурда элине жагышын, элдин колдоосуна алынышын каалайт:

*Ар бир тилде айкын болуп ырларым,*
*Алсам дагы алкыштарын кыйланын.*
*Ак калпактуу кыргызыма жакпасам,*
*Анда мени акын деп сөз кылбагын.* [140, 8-б.]

Ушул принципти ал өмүр бою сактайт, натыйжада кыргыз элинин сүйүмөнчүктүү акындарынын бирине айланат. Буга анын дөөлөттүк багыт алуусунун кыргыз элинин адеп-ахлактык, турмуштук дөөлөттөрүнө негизделгени чоң көмөк болот.

Рамис Рыскулов – элибиздин өз жүзүнө ээ акындарынын бири. Ал XX кылымдын 60-жылдарында «Ыр чыны» (1966), «Күн майрам» (1967) ырлар жыйнактары аркылуу окурмандарга таанылды. Анын акындык маанайы, дөөлөттүк багыт алуусу шаттуулугу менен айырмаланып, бул турмушка көбүнчө кубаныч менен караган сейрек акындардан болуп саналат. Ал поэзияга өзгөчө бир руханий дөөлөт катары мамиле жасап, өз ырларын элдикинен башкача курууга далалаттанат.

Акын катары чыгармачылыкта жасалма коөздукка умтулууну жектейт. Анын бул аракети көп учурда оңунан чыгат.

*Чабал акын чабалактап,*
*Оонап жатса керебетте,*
*Уктай албай уйкаш издеп,*
*Баатыр акын –*
*Турмуш жолун издеген*
*Адырлардан, мейкиндерден,*
*Деңиздеги толкундардан.* [123, 23-б.]

Акындын дүйнө көрүмү өзгөчө дөөлөттөр тутумуна негизделген. Ал жашоодогу ар бир күндүн баалуу экенин «Күн майрам» деген ырында символдуу мүнөздө эскертет:

*Акылмандар айтат минтип:*
*Аз көрөсүңөр силер нурду*
*Кыска болот өмүрүңөр.*
*Ошондуктан ар күн таңда,*
*Ар күн таңда ойгонгула,*
*Таң абасын жуткула!*
*Көк мөңгүдөн келген таза серүүндө*
*Көкүрөк керип баскыла,*
*Нур ичкиле көзүңөр менен.* [124, 25-б.]

Р. Рыскуловдун ырлары, анткени менен, калың журтка анча алына берген жок. Калың окурмандар ал тутунган эстетикалык-адептик дөөлөттөрдү анчейин түшүнө алышпады. Акындын дөөлөттөрү карапайым окурмандыкы менен дал келбей калды. Бирок интеллектуалдуу окурмандар – адабиятчылар анын көркөм туундуларын кыйла жогору баалашат.

Омор Султанов өзүнүн «Жылдыздуу түндөр» (1965) жана «Отузунчу станция» (1968) деген ыр жыйнактары менен кыргыз поэзиясынын чектерин кеңитүүгө, аны жаңы дөөлөттүк мазмун жана жаңы табылгалар менен байытууга жетишип, адабий аренага жаңы жана күчтүү көркөм сөз чебери келгенин тастыктап, жалпысынан поэзия жанры жаңы формаларды жана көркөм сөз каражаттарын издөө жолунда күрдөөлдүү өнүгүп баратканын далилдеди. Анын «Унутпадым», «Толкундар», «Паркта поэзия кечесинде», «Алтымыш беш», «Киного кетип калдым Марилина», «Мадам – Париж» ж.б. ырлары поэзия дүйнөсүнө бөлөкчө ойлонгон, бөлөк турмуштук дөөлөттөргө таянган жаңы муундун өкүлү кошулганын көрсөттү.

Акындын махабатка болгон мамилеси эстутумунун бийиктиги, назик сезимдерди көкүрөккө бекем каттап алгандыгы менен өзгөчөлөнөт:

*Эстеймин элесиңе көзүм канбай,*
*Азыр мен амалым жок алыс жакта.*

*Түшүмдөн күндө сени жолуктурган,*
*Ыракмат миң мертебе махабатка.* [147, 63-б.]

(Султанов О. «Унутпадым»)

Ал мекенге карата да ашкере сезимтал мамиле жасап, анын адам турмушундагы бийик дөөлөт экенин астейдил даңазалайт:

*Биз мекенди сүйөбүз деп айтабыз,*
*Ал сүйүүнүн сезбей кайда башаты?!*
*Жерге баткан тамырларды байкадым*
*Жер сагынып канча көздөн жаш акты.* [148, 59-б.]

О. Султановдун көпчүлүк ырлары эмоциялуу келип, ошол эле учурда интеллектуалдуу дагы мүнөз күтөт. Акын катары ал кыргыз поэзиясына бийик акыл-эске ширелген чыгармаларды кийиргендердин бири болуп эсептелет.

Турар Кожомбердиев чыгармаларынын лирикалык добушунун бөтөнчөлүгү, сүрөткердик жөндөмүнүн күчтүүлүгү, метафоралуу ойлоно билүүсү менен айырмаланат. Ал «Көлчүктөгү ай» (1961), «Биз турган жер – бийик тоо» (1965), «Таңкы симфония» (1968) ыр жыйнактары менен окурмандар чөйрөсүнүн көңүлүн өзүнө бурдурду. Акын поэзия ааламына бийик дөөлөт катары карап, поэтикалык ишмердүүлүккө өтө сый мамиле жасайт.

*Ыр деген бул – ырдаш эмес бирөөнүкүн,*
*Ыр деген – ыр жаратыш жүрөктөрдөн.*
*Ыр деген – гүлдү жыттап өтүш эмес,*
*Ыр деген – гүл өндүрүү жүрөктөрдөн.* [86, 38-б.]

(Кожомбердиев Т. «Акындар»)

Анын ырларында **өмүр, мекен, табият, сүйүү, эмгек** дөөлөттөрү басымдуу сөзгө алынып, булардын маани-маңызы, баркы-баасы ачылат. Ал табият көрүнүштөрүн бөтөнчө бир ыңгайда сүрөттөөнүн чебери.

*Көл да мас, деңиз да мас, талаа да мас,*
*Тоо да мас, дарак да мас, калаа да мас.*
*Чалдар мас, кемпирлер мас, бала да мас,*
*Анткени, кыш мүрт кетип, бийликте жаз.* [86, 76-б.]

(Кожомбердиев Т. «Жаз»)

Жолон Мамытовдун «Отту сүйөм» (1969) аттуу ырлар жыйнагы адабий аренада чоң кызыгуу туудуруп, бардыгы аны чыгармачылык жактан өз алдынча жана кадыресе жетилген акын катары таанышты. Ал өз ырларында «курч көздүү», «куйма кулактуу», өзгөчө күчтүү эмоциялуу чебер сүрөткер экендигин таасын көрсөтө алды. Анын «Ата журт», «Романтика», «Издейм сени», «Менин доорум» ж.б. ырлары ойдун тереңдиги, аягына жеткире айтылгандыгы менен поэзия сүйүүчүлөрдүн

көңүлүндөгүсүн тапты. Акын **мекен, сүйүү, өмүр** дөөлөттөрүн өзгөчө бир куштарлануу менен ырга салат.

*Ата журтум, бүтпөс ырым өзүңсүң*
*Өмүр сен деп, жүрөк сен деп эзилсин.*
*Даңкан жарган кылымдардын урааны*
*Ар бир баскан кадамыңдан сезилсин.* [106, 79-б.]

(Мамытов Ж. «Ата журт»)

*Издейм сени арасынан элдердин,*
*Бактарынан бардык кооз жерлердин.*
*Сен ааламга издетүүгө жаралсаң,*
*Мен ааламга издөө үчүн келгенмин.* [106, 47-48-бб.]

(Мамытов Ж. «Издейм сени»)

*Уюлгуган тунук ойлор андайда,*
*Чырак болуп жанып турат маңдайда.*
*Кызык, таттуу, табышмактуу жашоонун,*
*Бирок, даамы калбайт тура таңдайда.* [94, 329-б.]

(Мамытов Ж. «Өмүр»)

XX кылымдын 60-жылдарында эпикалык поэзияда да көркөм дөөлөттүк касиетке эгедер бир топ поэтикалык туундулар түзүлдү. Алардын кээ бирлерин атай кетсек, А. Токомбаев «Комуз күүсү» (1960), А. Токтомушев «Сүйүү жана коркунуч» (1961), М. Абылкасымова «Эстелик сүйлөйт» (1965), Р. Рыскулов «Республикам жөнүндө оратория» (1966) ж.б. Аталган поэмаларда **өмүр, сүйүү, тирүүлүк, эркиндик, тынчтык, эмгек** дөөлөттөрүнүн баркы-баасы ачылат.

Окумуштуу О. Ибраимов 60-жылдардагы кыргыз поэзиясынын тарыхын «жылдыздуу жылдар» деп атайт. Ал XX кылымдын 60-70-жылдарын чогулта карап, ушул эки он жылдыкты кыргыз поэзиясынын «Күмүш кылымы» деп белгилейт. Ал мында XX кылымдын башындагы орус поэзиясы күрдөөлдүү өнүгүп, "Күмүш кылым" атына татыган учур менен аналогия жүргүзөт. Чынында эле «алтымышынчылар» ачкан жаңычыл рух 70-жылдарда да жашоосун андан ары улантып, дагы да маанилүү көркөм туундулардын жаралуусун шарттап, кыргыз поэзиясында көркөм дөөлөттүк сапатка эгедер поэтикалык чыгармалардын улам арбуусуна өбөлгө түздү. Бул кезде С. Эралиев, С. Жусуев, Р. Рыскулов, О. Султанов, Т. Кожомбердиев, Э. Турсунов, Ж. Мамытов, М. Абылкасымова, С. Абдыкадырова, Г. Момунова, Ж. Абдыкалыков, Н. Жаркынбаев, Э. Ибраев, Т. Самудинов, Т. Мамеев, С. Акматбекова, Р. Карагулова, А. Узакова, Ш. Келдибекова, К. Сариева, Ш. Мамбетаипова ж.б. көптөгөн акындар кыргыз поэзиясын өз табылгалары менен байытып, көркөм дөөлөт наамына татыктуу туундуларын жаратышты.

Албетте, аталган акындардын бир даары өздөрү жетишкен көркөмдүк бийиктикти кармап турууга аракеттенишсе, башкалары өздөрүн окурмандарга таанытууга күч үрөп, поэзияда жаңы сөз айтууга дала-латтанып жатышты. Бул өнүгүү процессине тиешелүү мыйзамдуу көрүнүш эле.

Аталган он жылдык ичинде жарыкка чыккан ыр китептери сан жагынан өсүп, бардыгы болуп 361 поэтикалык жыйнак басмадан чыккан [95; 96]. Сандык өсүш сапаттык илгерилөө менен коштолгон.

70-жылдардагы маанилүү делген поэтикалык жыйнактар төмөнкүлөр болду: М. Абылкасымова «Сен билесиң мекеним» (1973), «Менин бүтпөс ырларым» (1977); С. Акматбекова «Жамгыр» (1970), «Алыскы талаалар» (1972), «Айлуу дөң» (1978); М. Буларкиева «Бейкут күндөр» (1977); С. Жигитов «Ыймандай сырым менин» (1971); С. Жусуев «Тандалмалар» (1975); Р. Карагулова «Кыз дүйнөсү» (1975), «Көл тынышы» (1978); Т. Кожомбердиев «От өчпөгөн коломто» (1972), «Таңкы жылдыз» (1979); Т. Мамеев «Ажайып дүйнө» (1975); Ж. Мамытов «Жашыл аалам» (1971), «Убакыт» (1973); Г. Момунова «Жылаажын» (1976), «Өмүр бешигим» (1979); Р. Рыскулов «Даңкан» (1970), «Шаттуу ырлар» (1973), «Дилбар» (1975), «Күлкү чачам» (1977); Б. Сарногоев «Менин батпас күнүм» (1972), «Тандалган чыгармалар» (1973, 1974); О. Султанов «Аэропанорама» (1970), «Көз ирмем» (1975), «Аралдар арасында» (1976), «Дүйнө» (1979); Э. Турсунов «Бийиктик» (1973), «Автопортрет» (1978); С. Эралиев «Тандалмалар» (1978) ж.б.

Айрым бир мүнөздүү көркөм туундуларга кайрылсак, Р. Рыскуловдун «Келечекти ойготом», «Шаттык», «Күндөй жашайм», О. Султановдун «Ала-Тоодо төрт мезгил», «Фрунзе – ата шаарым», Б. Сарногоевдин «Менин жерим», «Тоолор менин ырыскым», Т. Кожомбердиевдин «Жашоо», «Чөп чабык», Ж. Мамытовдун «Өмүрдө», «Акындык», С. Жигитовдун «Сага», «Мен барам», «Элегия», Т. Мамеевдин «Сен кеткенде», «Карыянын өлүмү», «Ит менен чал» деген ырлары, Э. Турсуновдун бир катар сонеттери дүйнөгө, табиятка, коомго, турмушка карата дөөлөттүк көз караштарынын кашкая көрүнгөн бөтөнчөлүктөргө ээлиги менен кызыгуу туудурушат. Төмөндө айрым саптарга орун берели:

*Алтын шаарым, уч узарып уланмай,*
*Дагы жакшы, дагы көркөм куралмай.*
*Аялуусуң, ыйыгысың элимдин*
*Ала-Тоонун койнундагы тумардай.* [149, 12-б.]

(Султанов О. «Фрунзе – ата шаарым»)

*Чындыгында кыргыздардын жери кең,*
*Казактарга калп болбосмун эми мен.*

*Тоолорумду жазып, жайып жиберсем,*
*Ашып түшөр Азиянын теңинен.* [141, 20-б.]

(Сарногоев Б. «Менин жерим»)

*Энтигип мен да токтойм, булчуң талып,*
*Ойлоном тоо башына назар салып.*
*Аарчыгың келип кетет чеке терин,*
*Үлпүлдөк ак булуттан үзүп алып.* [87, 94-б.]

(Кожомбердиев Т. «Чөп чабык»)

*Апам өлүп, артынан атам ооруп,*
*Айыкпаган дартынан каза болуп,*
*Ошондо да теректер шуулдаган*
*Коштошкондой көрүнөө капа болуп,*
*Кошок айтып жаткандай созолонуп.*

*Шуулдаба, терегим, теректерим,*
*Шуулдасаң ыйлагым келет менин...* [63, 80-б.]

(Жигитов С. «Элегия»)

Биз келтирген бул саптардан 70-жылдардагы кыргыз акындарынын дүйнө туюму, турмушта тутунган дөөлөттөрү бир кыйла өзгөргөнүн, жаңыланганын байкоого болот. Белгилей кетчү бир жагдай, ушул он жылдыкта поэзия айдыңында эмгектенген акындардын көпчүлүгү жалпы процесстен өз жолун, өз темасын таап, ошого ылайык өздүк дөөлөттөр тутумун иштеп чыгып, чыгармаларында жеке көз караштарын, идеялык-эстетикалык, руханий-дөөлөттүк симпатияларын, жакшы көрүүлөрүн чагылтышкан.

XX кылымдын 70-жылдарында кыргыз поэзиясында эпикалык жанр да ургаалдуу өнүгүп жаткан. Бул мезгилдеги көркөмдүк-эстетикалык сапаты бийик поэмалардын катарына О. Султановдун «Аэропанорама» (1970), Т. Кожомбердиевдин «Апа» (1972), Ж. Мамытовдун «Мезгилдин элеси» (1976) деген чыгармаларын кийирүүгө болот. Аталган чыгармаларда **адам, табият, мезгил, мейкиндик, өмүр, өлүм, эне, бала** темалары өзгөчө дөөлөттүк тутумдарга байланышта чечмеленет, мындан акындардын турмушта тутунган руханий-адептик дөөлөттөрүнүн илебин ачык туюуга болот.

XX кылымдын 80-жылдары кыргыз поэзиясынын андан ары өнүгүүсү менен белгиленди. Бул жылдардагы маанилүү ыр жыйнактары төмөнкүлөр болду: М. Абылкасымова «Ат Журт дайым көңүлдө» (1987); С. Абдыкадырова «Бакыт ыры» (1985); Ж. Абдыкалыков «Балалыктын жылдары» (1988); С. Акматбекова «Терезедеги жарык» (1984), «Өткөн жылдын жалбырагы» (1987); К. Алмазбеков «Кимде айып?» (1988); М. Буларкиева «Жайлоо» (1989); Н. Жаркынбаев «Таңкы тор-

гой» (1989); С. Жусуев «Керемет» (1988); Э. Ибраев «Күндөр менин канатым» (1989); Р. Карагулова «Жолдо» (1985), «Тынчы жок талаа» (1988); Ш. Келдибекова «Терезелер» (1983), «Сен жарыгым» (1988); Т. Кожомбердиев «Ыр булак» (1984), «Кыл чокулар» (1988); Ү. Маматова «Ак куш» (1982); Ж. Мамытов «Суунун өмүрү» (1981), «Жарышкан суулар» (1985), «Атка токум салгыла» (1986); Г. Момунова «Тереңдеги берметтер» (1981); Т. Муканов «Жан дүйнө» (1986); Р. Мукашева «Көк жээк» (1989); А. Өмүрканов «Жашыл арал» (1988); А. Рыскулов «Көч» (1987); Р. Рыскулов «Ыр нөшөрү» (1988); Ж. Садыков «Жер керемети» (1986); К. Сариева «Жаштык учкуну» (1982); Б. Сарногоев «Ашуудан берген отчетум» (1982, 1984, 1989); О. Султанов «Чарчоонун жүзүнчү ыры» (1982), «Адамдын турмушу» (1986); А. Токтогулов «Ибарат» (1980), «Барал» (1982); С. Тургунбаев «Эки аска» (1982); А. Узакова «Жылдыздуу күз» (1980); С. Урманбетов «Ашуу» (1984), «Жарык дүйнө» (1988); К. Урманбетов «Көл-эне» (1988); А. Чойбекова «Өмүр салтанаты» (1987); Б. Чотурова «Кызыл ат» (1989); С. Эралиев «Кыштак кечтери» (1985), «Кызгылт багымдат» (1987); Э. Эрматов «Шаар жана тоолук» (1983), «Туяктын ыры» (1988) ж.б.

Албетте, биз 80-жылдары жарык көргөн ыр китептеринин баарын тизмелеген жокпуз. Тутумунда жаңы сезим-туюмдар, жаңы көз караштар чагылтылган көркөм дөөлөттүк сапатка эгедер ырлар камтылган маанилүү жыйнактарды гана келтирдик. Ошентсе да жогоруда биз келтирген тизме бир кыйла узун. Эгер 80-жылдарда басылып чыккан ыр китептеринин жалпы санына токтолсок, бардыгы болуп 387 жыйнакты камтыйт [95; 96]. Мындан биз сандык өсүш 70-жылдардын деңгээлинен бир аз жогору болгонун көрөбүз.

Бул мезгилдеги поэзияда акындарыбыз улуттук дөөлөттөр жөнүндө гана эмес, жалпы адамзаттык баалуулуктар туурасында жазып, поэтикалык көрүүнүн чектерин аябай кеңейтип, тарыхый жактан өздөрү тийиштүү болгон маданий-руханий айдыңдын сыртына чыгып, бүткүл жер шарынын алкагында ой жүгүртүү билгичтигине ээ болушту. Мындан сырткары, кыргыз акындарынын дүйнө көрүмүндө, ой жүгүртүүсүндө эркиндик руху айкын байкалып, ар кимиси жумурундагысын жашырбай сыр бөлүшүү жөндөмүн көрсөтүп жатышты.

Кыргыз элинин сүйгүнчүктүү акынына айланган Байдылда Сарногоев төмөнкүчө ой жоруйт:

*Акылдуу балдар эненин*
*Ал-жайын сурап карашат.*
*Айбан мүнөз балдары*
*«Өрттөнсө» – дешип самашат*
*Ошондон улам Жер-Эне*

*Оорукчан болуп баратат.* [142, 13-б.]

(Сарногоев Б. «Жер-Эненин балдарына»)

Ырда айтылган ой бүгүн деле эскирген жок. Жалпы адамзаттын мекени болгон жер шары улам күчөп бараткан экологиялык алааматтын туткунунда турат. Акындын айкын көрүнгөн дөөлөттүк багыт алуусу – адам менен табият алака-катышынын төптүгүн сактоо.

Акындын дагы бир ырына көңүл буруп көрөлү:

*Кай бир күнү көрүстөнгө барамын,*
*Капа болом карыш түшүп кабагым.*
*«Жакшы адамдар жашай бербей өлдү ээ» - деп*
*Жашым төгүп бир кайгырып аламын.*

*Кай бир күнү төрөт үйгө барамын,*
*Ачык күндөй ачык болуп кабагым.*
*Ырыс-бакыт коно калат колума*
*Ыңаалаган үнүн уксам баланын.* [142, 54-б.]

(Сарногоев Б. «Кайгыруу жана кубануу»)

Бул чакан ырдын нукура дөөлөттүк маани-мазмунга ээ экени айдан ачык. Анда адам турмушунда **өлүм, өмүр** дөөлөттөрү ар дайым катарлаш жүрөрү, жашоонун бул айлампасы эч качан үзүлбөй турганы айтылат.

Кыргыз поэзиясына өзгөчө үнү менен кошулган акындарыбыздын бири Сүйөркул Тургунбаев турмуш жөнүндө ой толгоосун мындайча билдирет:

*Суу кылып сулууларды,*
*ууктуруп уулуларды,*
*жайратып жакшыларды,*
*жалмантып жамандарды*
*карабай алды-артына*
*калдастап кете берген*
*эгеңиз турмуш деген*
*наркы ушул жер бүткөндөн.* [94, 327-б.]

(Тургунбаев С. «Турмуш»)

Бул тема кыргыз акындар чыгармачылыгында, андан кыргыз профессионал жазма поэзиясында салттуу каралып келген, түбөлүктүү дөөлөт катары нечен ирет түрлөнтө ырга салынган. Бирок дагы деле болсо адам турмушуна кызыгуу поэзияда суубай турат. Мунун өзү көркөм чыгармачылыкта адептик баалуулуктарга болгон муктаждык эч качан өчпөстүгүн айгинелейт.

Акын Аман Токтогулов жалкоолук, билимсиздик, кенебестик кыргыз улутуна эмес, ар бир адамдын өзүнө таандык кемчиликтер экенин

белгилеп, аларды жоюуга, өз мүнөзүн оңдоого ар ким өзү күч үрөшү зарылдыгын, турмушта сөзсүз максатка умтулуп жашоо кажет экенин эскертет:

*Аманбы алты саның – өзүңдө кеп,*
*Быкшыбай, колдон келсе, жалындап өт.*
*Агымдан суурула албас чабалдарга*
*Ар качан себеп даяр, шылтоосу көп.*
..........................................................
*Кимдин жок бирден арман көңүлүндө,*
*Оюңдай боло бербейт баары мүлдө.*
*Бирок да ар бир адам байге көксөп,*
*Бир чуркап көрүш керек өмүрүндө.* [94, 364-б.]

(Токтогулов А. «Жалкоолук, билимсиздик, кенебестик»)

Албетте, аталган мезгилде дайымкыдай эле махабат ырлары да жаралып жатты. Кыргыз поэзиясында бул темада ыр жазбаган, ушул турмуштук дөөлөттүн сырларын чечүүгө аракеттенбеген акын болбосо керек. Лириканын бул салаасында көрүнүктүү ийгилик жаратып, окурман жүрөгүнөн түнөк таба алган акын катары Какен Алмазбековду белгилөөгө болот. Ооба, анын чыгармачылыгы адабиятчылардын назарына илинбеди, убагында бааланып-баркталбады. Бирок ырлары эл ичинде түбөлүктүү жашоо кечирип келатат. Мындан биз акындын турмуштук дөөлөттөрү карапайым окурмандын дөөлөттөрү менен белгилүү даражада дал келгенин, бирок адабий-теориялык билимге ээ адабиятчылардын дөөлөттөрүнө туура келбей калганын билебиз.

Бир эле мисал келтирсек, К. Алмазбековдун «Чагылган» аттуу ыры бүгүн да элдин назарынан түшпөй, республикалык дагы, эл аралык дагы конкурстарда эргүү менен ырдалып, кыргыз ырчыларынын аты чыгуусуна өбөлгө болуп келатат. Анын мындай өчпөс кызыгуу жаратуусунун себеби, ырда махабат сезими өзгөчө оригиналдуу сыпатталганында турат. Ыр окуган адамды да, ырчылардын аткаруусунда уккан адамды да кайдыгер калтырбайт.

*Биз ал күнү таанышканбыз жаңыдан,*
*Жарым карыш чыккым келбейт жаныңдан.*
*Аппагыңды көрүп алчы дегенсип,*
*Аңгыча эле жарк дей түштү чагылган.*

*Жарк дегенде неге сени карадым,*
*Жүрөк булкуп жайнап турду жамалың.*
*Дагы-дагы жарк дей түшсө экен деп,*
*Ошондо мен чагылганды самадым.* [94, 237-б.]

(Алмазбеков К. «Чагылган»)

Ошентип, XX кылымдын 80-жылдарында кыргыз акындары өз чыгармаларында руханий, моралдык-этикалык жана гуманисттик дөөлөттөрдү басымдуу чагылтуу аркылуу поэтикалык жаңы бийиктиктерге карай сапар тартып жүрүп отурушту. Натыйжада, келечекте да көркөм дөөлөт катары бааланууучу көптөгөн чыгармаларды жаратууга жетише алышты.

Бул мезгилде эпикалык поэзия күрдөөлдүү өнүгүп, көптөгөн поэмалар жазылды. Алардын ичинен А. Жакшылыковдун «Каниет» (1980), С. Тургунбаевдин «Эки аска» (1980), Ж. Мамытовдун «Асирет» (1981), Ж. Садыковдун «Жер кереметы» (1986), С. Эралиевдин «Кесиринсан» (1989) поэмаларын, Б. Сарногоевдин «Мидинге кат» (1984) сатиралык поэмасын, О. Султановдун «Адамдын турмушу» (1986) ыр менен жазылган романын көркөм дөөлөттүк касиетке ээ туундулар катары көрсөтө алабыз. Аталган чыгармаларда **өмүр, өлүм, табият, мекен, эмгек, сүйүү, жакшылык, акыйкаттык, сулуулук** дөөлөттөрү поэзиянын тили менен кылдат талдоого алынып, учур үчүн мааниси зор моралдык-этикалык тыянактар чыгарылат.

XX кылымдын 90-жылдары зор тарыхый окуялар менен коштолду. 90-жылдардын башында дүйнөдөгү алгачкы адилеттүү коомду түзгөн өлкө катары саналган Советтер Союзу кыйрады. Бул кыйроо көп улуттуу совет өлкөсүнүн калкына, анын ичинде кыргыздарга, айтып бүткүс жабыр алып келди. Албетте, азыр тарыхчылар СССРдин таркоосу менен элибиз эгемендүүлүккө жетишти, эзүүдөн кутулду дегендей пикирлерин жаза калып жүрүшөт. Бирок, эгемендүүлүктүн куну өтө жогору болгонун, ондогон жылдар бою калың элдин мээнети менен куралган коомдук байлык эпчилдердин талоонуна түшүп, олжосуна айланып, маданият чөйрөсү түп тамырынан талкаланып, натыйжада карапайым калк материалдык дагы, руханий-дөөлөттүк дагы катуу каатчылыкка дуушарланганын унутуу жарабайт.

Аталган мезгил үзүмүндө көркөм адабиятта да терең кризис орун алды. Мунун далили катары Жазуучулар союзунун бир нече уюмдарга чачыроосун, көркөм-адабий басылмалардын, мисалы, «Кыргызстан маданияты» жумалыгынын, «Ала-Тоо», «Литературный Кыргызстан» журналдарынын чыкпай калуусун көрсөтүүгө болот. Поэзияга келе турган болсок, ушул он жылдык ичинде жалпысы 297 поэтикалык жыйнактар жарык көрүптүр [95; 96]. Бул 80-жылдардагы көрсөткүчтөн туура сексен китепке аз.

Сандык көрсөткүчтөрдүн төмөндөөсү сапаттык ылдыйлоо менен коштолду. Поэзиянын лексикалык кору өзгөрүп, акындар көчөнүн, базардын сөзүн да ылгабай колдоно башташты. Коомдук-турмуштук, адеп-ахлактык дөөлөттөр алмашып, акындар эски менен жаңынын ор-

тосунда алдас уруп калышты, аларды турмуш чындыгы коркунучка батырды. Арийне, коомдук-маданий турмуштун мүнөзүнүн өзгөрүүсү поэзияда чагылды.

Ушул татаал мезгилде жарыкка чыккан ыр жыйнактарынын ичинен Ф. Абдалованын «Ай жарыгында» (1997); А. Акбаровдун «Кудайдын ыры» (1999); С. Акматбекованын «Күүгүмдөгү күү» (1998); К. Алмазбековдун «Эненин арманы» (1992); А. Бегимкулованын «Alaканда аткан таң» (1990), «Мээримим адамдарга» (1992); Т. Бекболотовдун «Көз караш» (1997), «Чарчанган кылым» (1999); К. Бобуловдун «Арман китеп» (1992); Ш. Дүйшеевдин «Кайдыгерлик» (1991), «Арабадагы ыр – 1» (1999), «Арабадагы ыр – 2» (1999); С. Жусуевдин «Адамдар» (1997); Т. Закированын «Боз торгойдун ыры» (1993); Э. Ибраевдин «Даван» (1993), «Эсенгулдун ырлары» (1998); М. Мамазаированын «Кайгыдан тургуздум сага бир эстелик» (2000); Ж. Мамытовдун «Башат жана мухит» (1991); А. Өмүркановдун «Күндөгү так» (1995); О. Султановдун «Жан берели сүйүүгө» (1996); А. Токтогуловдун «Таберик» (1997); А. Узакованын «Кеч жарык» (1990), «Түнкү асман» (1997); С. Эралиевдин «Тандалмалар» (1-2-тт., 1991); Э. Эрматовдун «Махабат» (1995) ыр жыйнактары тарыхый-адабий, көркөм-эстетикалык, руханий-дөөлөттүк мазмуну боюнча кадыресе өзгөчөлөнүп турушат.

Доор алмашкан чакта кыргыз акындары ар түрдүү чалкеш маселелерге баш катырып, замананын көйгөйлөрүн ырга салышканы, натыйжада публицистикалык-жарандык поэзия катуу өнүккөнү айрыкча байкалат.

Чыгармачылыгы 80-жылдарда башталып, бирок так ушул кыйчалыштуу 90-жылдарда акындык жылдызы жанып чыга келген Шайлообек Дүйшеев «Эне тилин унуткандар» деген ырында кыргыз коомундагы азыркыга чейин дабасы табылбай жаткан кеселди төмөнкүчө баян кылат:

*Мен Мураттмын,*
*досторум Мурик дешет,*
*Мурик эмес*
*Мураттмын мен*
*мен ошомун.*
*Орустардын арасында – «дуракмын» мен,*
*Кыргыздардын арасында – «келесоомун».* [56, 24-б.]

Акын улуттук дөөлөттөргө, анын ичинде эне тилге болгон кастарлоосун чыгармачылыгында ар дайым билгизип келди. Алсак, ал жогорку эле теманы кийин мындайча улантат:

*Калдайгандын баары эле канат эмес,*
*Кабыландын баары эле Манас эмес.*
*Калкын чанган, калкынын тилин чанган.*
*Кан болсо да кыргыздын баласы эмес!* [57, 111-б.]

Ш. Дүйшеев азыркы күнгө чейин мааниси кемий элек шедеврлеринин көбүн публицистикалык маанайда жараткан. Атай кетсек, «Кайдыгерлик», «Кыянаттык», «Кыргызбай менен Кыргызгүл баяны», «Ысык-Көлдү сакта дейсиң», «Эсиңе кел» аттуу ырларын, «Жүз кат» ырлар түрмөгүн жогорку көркөмдүктө жазылган нукура көркөм дөөлөттөр катары кароого болот.

Албетте, Ш. Дүйшеев **адам, өмүр, сүйүү, эмгек, табият** дөөлөттөрү жөнүндө да жазды. Андай ырларында өзүмдүк дөөлөттүк багыт алуусун ачык-айкын чагылтты. Акындын «Чөп чабык», «Кыз», «Жаз», «Күз», «Карагат», «Кумдагы сулуу», «Кечмелик», «Туулган жер», «Жамгыр, кыз жана жигит», «Өрт», «Жалгыздык» ж.б. ырлары ал өзү тутунган турмуштук, адеп-ахлактык дөөлөттөрдү элестүү тартып берет.

Публицистикалык лирикага С. Жусуев, Э. Ибраев, А. Өмүрканов, Ж. Садыков ж.б. бир катар авторлор дагы көп көңүл бурушту. Анткени, доор акындардан турмуш чындыгын, **акыйкаттыкты** айтууну талап кылып жатты. Демек, чыгармачыл инсандар мезгил таламынан, тарыхтын суроо-талабынан четте кала алышкан жок.

Аксакал акындарыбыздын бири Сооронбай Жусуев кыргыз элин бийлеген төбөлдөргө минтип кайрылды:

*Жерди сатпай, берсе болот карызга,*
*Сатсаң кайра алалбасың анык да,*
*Кыңыр ишти бергиле деп түзөтүп,*
*Кыргыз кийин кимге бармак арызга?*
*Жетекчилер, үмүт үзүп койгула –*
*Жер саткандан калбайсыңар тарыхта.* [71, 63-б.]

(Жусуев С. «Жерди саткан – эл сатканга барабар»)

Буга кичинекей түзөтүү – жер саткандар тарыхта калышты, бирок жаманатты болушту. Алар **мекен, абийир, уят, намыс** түбөлүк дөөлөттөрүн **акча, байлык, бийлик** жалган дөөлөттөрүнө алмаштырышты. Натыйжада калың элдин жек көрүүсүнө гана татыктуу боло алышты.

Акын Анатай Өмүрканов аңтар-теңтер түшкөн замандагы элдин оор абалына каңырыгы түтөп, минтип жазды:

*Эл байкуш эстен танды*
*багалбай кара жанды,*
*ыйлагым келет кээде*
*карап алып*
*калч-калч эткен*
*кайырчы кара чалды.* [116, 77-б.]

Антсе да, айрым акындарыбыз, мисалы, Омор Султанов, эл башкарган төбөлдөрдүн калың калктын ырыскысын талап-тоноп жеген бетсиз жосундары акыры жазасыз калбай турганына ишеним көрсөттү:

*Келер бир күн дүйнө тарып, жер тарып,*
*Туш-тушуңа туюк камоо жаралып.*
*Арт жагыңда эң ыплас жол калып,*
*Алды жагың көр-туңгуюк карарып.* [150, 157-б.]

(Султанов О. «Бүгүнкү күндүн ууруларына»)

Замана канчалык оош-кыйыштуу болсо дагы акындарыбыз **өмүр, сүйүү** дөөлөттөрүнөн кыйгап өтө алышпады. Албетте, жашоо мыйзамын аттап өтүү мүмкүн эместиги анык. Ушул түбөлүктүү дөөлөттөр жөнүндө жазылган көркөм дөөлөттүк сапатка эгедер чыгармалар арбын болду. Биз төмөндө бирин-экин мисалдар келтирели:

*Өткөн өмүр өкүнтөт айла барбы?*
*Өкүнгөндө же табар пайда барбы?*
*Күлкү менен, ыр менен таң атырган*
*Күлгүн жаш эй,*
*Күлгүн жаш кайда калды?* [73, 125-126-бб.]
(Ибраев Э. «Күлгүн жаш»)
*Жүр, ээрчитип кетейин өрүкзарга,*
*Сунушумду, сулуу кыз, четке какпа.*
*Сүйүүбүзгө жолугуп айлуу түндө,*
*Сыйыналы бир келген бактыбызга.* [161, 26-б.]

(Тураева М. «Өрүкзарга кетели»)

Ошентип, күр-шар этип кирип келген базар экономикасынын жапайы доору акындардын аң-сезимине бүлүк салды, дүйнө көрүмүн белгилүү деңгээлде өзгөрттү, алар турмуштук дөөлөттөргө башкача көз менен карай башташты. Адам турмушундагы көптөгөн баалуулуктар катаал да, татаал да сыноого кабылды. Бирок поэзиядагы түбөлүктүү адамзаттык баалуулуктарга карата мамиле анчейин өзгөргөн жок.

XX кылымдын 90-жылдарында эпикалык поэзияда көркөм дөөлөттүк мазмунга ээ бир катар чыгармалар түзүлдү. Алардын катарына О. Султановдун «Сен жөнүндө поэма» (1996), Ш. Дүйшеевдин «Карагайчы кемпир» (1999), «Айымай булак» (1999) поэмаларын, С. Жусуевдин «Курманжан датка» (1994) ыр менен жазылган романын кошууга болот. Буларда **сүйүү, өмүр, мекен, намыс** дөөлөттөрү өзгөчө кылдат, өзгөчө чебер ырга салынат.

Ошентип, өткөн XX кылым ичи кыргыз поэзиясында көркөм дөөлөттүк мазмунга ээ көптөгөн чыгармалар түзүлдү. Биз алар тууралуу сөздүн чет-чеберин гана ачып талдоо жасап, кыргыз акындарынын дөөлөттүк багыт алууларын жана жактырууларын мүнөздүү мисалдар менен аныктоого аракет кылдык. Ушунун өзү эле XX кылымдагы кыргыз поэзиясы терең аксиологиялык мазмунга ээ экенин көрсөтөт.

**2.3. XX кылымдагы кыргыз прозасындагы көркөм дөөлөттөр жөнүндө.** Жаралуу мезгилинде прозада деле акыбал поэзиядагыга окшош болгон. Күнүмдүк саясий муктаждыктарга багышталган чыгармалар менен катар чанда болсо да түбөлүктүү адеп-ахлактык дөөлөттөрдү камтыган туундулар дагы пайда болуп турган. Кыргыз прозасынын башатында С. Карачев турары белгилүү. Анын аңгемелери, повесттери тууралында окумуштуу-адабиятчылар С. Жигитов, А. Эркебаев кеңири кеп кылышкан [64; 65; 174]. Сыдык Карачев улуттук көркөм прозабыздын баштоочусу катары бааланып, прозалык алгачкы тажрыйбалар анын калеминен чыкканы белгиленген. Алгачкы тажрыйбалар, албетте, өз заманында жаңыдан жазма адабияттын туундулары менен тааныша баштаган карапайым эл үчүн укмуш чыгармалар көрүнгөнү калетсиз. Ошентип, С. Карачевдин аңгеме, повесттери кыргыз прозасынын калыптанышында чоң роль ойногон.

Мына ушундай тарыхый-маданий шарттарда, б.а. кыргыз профессионал жазма адабияты жаңы түптөлүп жаткан чакта жарыкка келген К. Баялиновдун «Ажар» повести бүгүнкү күнгө чейин жогору бааланып отурат. Анда Үркүн трагедиясы башкы кейипкердин тагдыры аркылуу таасын сүрөттөлгөн [42]. Повесть тууралуу кыргыз адабиятчылары дээрлик баары оң корутунду чыгарып келишкен. Белгилүү адабиятчы К. Даутов «...ойлоп көрсөк, жетимиш жыл ичиндеги адабиятыбыздан кайсы чыгармалар калды» [54, 154-б.] дейт да, «Ажар» повестин өлбөсөчпөс баалуулуктардын катарына кошот, бирок анын өткөндөгү мурастын көпчүлүгү көркөм дөөлөттүк касиет-сапаттан куру жалак деген сындуу өтө кескин пикири менен макулдашуу кыйын.

XX кылымдын 20-жылдарында бардыгы болуп сегиз прозалык китеп жарык көрүптүр [95; 96]. Алардын ичинен дөөлөттүк маани-мазмуну боюнча К. Баялиновдун «Ажар» (1928), С. Карачевдин «Эриксиз күндөрдө» (1928), «Эрик таңында» (1929) айырмаланып турушат. «Ажар» повести жаңы жаралып жаткан кыргыз прозасынын көрүнүктүү ийгилиги, көркөм дөөлөттүк мазмунга ээ чыгарма экени бүгүн талашсыз чындык.

Аталган жүз жылдыктын 30-жылдарында кыргыз прозасы кадыресе өнүгүү жолуна түшкөн. Бул он жылдыкта бардыгы болуп 32 проза китеби басмадан жарык көргөн [95; 96]. Кыргыз калемгерлери көркөм адабияттын кара сөз салаасында иштөө чеберчиликтери кыйла өркүндөп калганын көрсөтүшкөн. Муну М. Элебевдин «Узак жол» (1936), «Кыйын кезең» (1938); К. Жантөшевдин «Эки жаш» (1938), «Каныбек» (1-китеби, 1939); Т. Сыдыкбековдун «Кең-Суу» (1937, 1938); К. Эсенкожоевдин «Саякатчы бала» (1938), «Үчүнчү шар» (1938), «Родинанын уулу» (1939) өңдүү китептери далилдеп турушат.

Азыр М. Элебаевдин «Узак жол» автобиографиялык романы (повесть деп да коюшат) өзүнүн таңгаларлык чынчылдыгынын, акыйкаттуулугунун, катаал реализминин аркасында кыргыз профессионал жазма адабиятынын баяндоочулук мүнөздөгү көркөм дөөлөттөрүнүн бири катары эсептелет. Автор бул чыгармасында XX кылымдын башындагы өзү күбө болгон трагедиялуу тарыхый окуяларды жасап-түзөбөй, колунан келишинче чынчылдык менен таланттуу чагылткан [168]. Дагы бир маанилүү жагдай, бул чыгармада кылым башындагы кыргыз калкынын турмуштук, адеп-ахлактык дөөлөттөрү ачылган.

Касымалы Жантөшевдин «Каныбек» романы жарык көргөндөн тарта кыргыз окурманынын колунан түшпөгөн белгилүү китепке айланды, буга анын окуялуулугу, кызыктуулугу, көркөм сөз каражаттарынын байлыгы себепчи болду. Анын үстүнө бул чыгармада кыргыз элинин XIX жана XX кылымдардагы турмушунун кеңири тарыхый сүрөтү тартылган [61; 62]. Кыргыздардын дөөлөттүк түшүнүктөрү, каадасалттары камтылган. Бул да романды этикалык, эстетикалык, таанымдык жактан кыйла кызыктуу кылган.

Түгөлбай Сыдыкбековдун «Кең-Суу» романы жаңы тематиканы – советтик бийликтин социалдык саясаты, колхоздоштуруу, жаңы советтик адамдын жаралуусу темасын ачкан. Коомдук турмушта орун алып жаткан жаңы дөөлөттөрдү, алардын натыйжасында кыргыз калкынын психологиясынын ыкчам өзгөрүүсүн, жаңы адамдын калыптануусун чагылткан [151].

Ошентип, 30-жылдарда, кыргыз профессионал жазма адабияты телчигип жаткан учурда эле анда роман жанры орун-очок алган.

Кара сөздөгү чакан жанр болгон аңгемеге келсек, бул жанрда Аалы Токомбаев абдан шыктануу менен жигердүү иштеп, «Күүнүн сыры», «Акай мерген», «Даат», «Акылмандын жообу», «Жол жомогу» өңдүү татынакай көркөм туундуларын жарыялаган. Анын «Акай мерген» аңгемеси тарыхый аспектте жана дөөлөттүк өңүттө айрыкча кызыгуу туудурат [156].

Ушул жылдарда кыргыз жазуучусу Кусейин Эсенкожоев башкалардан айырмаланып, көргөн-билген турмуштук фактылар жөнүндө жазуудан четтеп, илимий фантастикалык мүнөздөгү аңгемелерин жараткан. Бул көрүнүш ошол учурда кыргыз жаштарынын аң-сезими, ой жүгүртүүсү өзгөрө баштаганынан, кыргыз калемгерлери чыгармачылык процессте акырындап жаңы коомдук-турмуштук дөөлөттөргө багыт алышканынан кабар берет.

XX кылымдын 40-жылдарында поэзия өңдүү эле проза да согуштук тематиканы алдыңкы планга чыгарган. Согуш жылдарында кыргыз прозасында негизинен көркөм очерктер, аңгемелер басымдуу жазыл-

ган. Ири чыгармалардын көбү согуштан кийин басмадан чыккан. Аталган он жылдыкта жалпы жонунан 32 проза китеби жарык көргөн [95; 96]. Алардын ичинен дөөлөттүк табияты боюнча кызыктуу чыгармалар катары А. Токомбаевдин «Жараланган жүрөк» (1941) повестин, К. Баялиновдун «Бакыт» (1947), повестин, Т. Сыдыкбековдун «Биздин замандын кишилери» (1948) романын атай алабыз. Булардын тышкары К. Жантөшев «Каныбек» романынын экинчи (1941), үчүнчү (1948) китептерин жарыялаган.

Аалы Токомбаевдин «Жараланган жүрөк» повести автобиографиялык маалыматтарга негизделип, эл башынан өткөн эки доорду дөөлөттүк аспектте салыштырып чагылтат [156]. Бул чыгарма **өмүр, өлүм, тагдыр, сүйүү** маселелерин бийик көркөмдүктө иштеп чыгып, ошол учурдагы кыргыз прозасынын классикасынын бирине айланган.

Касымалы Баялиновдун «Бакыт» аттуу повести карапайым айылдык адамдардын дөөлөттүк багыт алуулары айкын чагылтылганы менен өзгөчөлөнөт. Арийне, адабиятчылар повесттин кемчиликтерин туура эле мүнөздөшкөн. Анын жетишкендигине келсек, чыгармада күнүмдүк адам турмушу абдан элестүү ачылган [41].

Түгөлбай Сыдыкбеков «Биздин замандын кишилери» романында жаңы турмуштук дөөлөттөрдү карманган, коомдук-турмуштук кызыкчылыктары бирдей болгон, социалдык психологиясы өзгөргөн ар улуттун өкүлдөрүнөн куралган жаңы коомду тартып берген [152]. Советтик мезгилде чын эле адамдар улутуна карап бөлүнчү эмес, советтик адамдарды жалпы адамзаттык оң дөөлөттөргө мамилесинин окшоштугу бириктирип турчу. Мисалы, ал кезде **эмгек** дөөлөтүнө артыкча баа берилчү, жөнөкөй эмгекчил адам сый-урматка арзычу. Азыркы жапайы капитализм доорунда болсо ар кандай алдамчылар, уурулар коомдо «барктуу» кишилерге айланышты.

Жыйынтыктоочу бөлүгү согуштан кийин окурмандардын колуна тийген «Каныбек» романы жалпы элге таанымал көркөм туундуга айланган. Кыргыз профессионал жазма адабиятынын тарыхындагы анын орду көркөм-адабий туунду катары жанрдык, сюжеттик-композициялык, стилдик өзгөчөлүктөргө ээ болгону менен белгиленет. Ал кыргыз адабиятындагы алгачкы авантюралуу, курч окуялуу чыгарма катары кала берет.

Кийинки он жылдыкта, 50-жылдарда кыргыз прозасы саны боюнча өсүү тилкесине келип кирди. Бул мезгил аралыгында 94 прозалык китептер жарык көрдү [95; 96]. Дөөлөттүк аспекттен маанилүү проза китептеринин катарына Ч. Айтматовдун «Обон» (1959); Н. Байтемировдун «Акыркы ок» (1958), «Жылдызкан» (1959); Т. Сыдыкбековдун «Тоо балдары» (1953), «Тоо арасында» (1955, 1958) дегендерин киргизүүгө болот.

Аталган мезгил адабият айдыңына Чыңгыз Айтматовдун келип кирүүсү менен белгиленет. Ал окурмандар журтчулугуна «Ак жаан» (1954), «Түнкү сугат» (1954), «Асма көпүрө» (1955) аттуу аңгемелери менен таанылды. Аталган аңгемелерден автордун дөөлөттүк багыт алуусу айкын байкалат. Ал ушул чыгармаларынан тарта эле көркөм сүрөттөөнүн башкы объектиси катары адамды, анын карама-каршылыктуу, татаал ички дүйнөсүн тандап алат. Калемгердин дөөлөттүк дүйнө туюму башкалардыкынан кыйла айырмалуу экендигин «Бетме-бет» (1957), «Жамийла» (1958) повесттери да таасын ачып көрсөтүшөт [3]. Бул чыгармаларга карата адабий сында оң-терс пикирлер арбын айтылган. Бирок турмуш чындыгын, же акыйкаттыкты чагылтуусу жагынан да, адамзаттык түбөлүк дөөлөттөргө, мисалы, **өмүргө** жана **сүйүүгө**, мамиле кылуусу жагынан да аталган повесттер кыргыз прозасында жаңы чыгармачыл маанайды түзө алышканын тана албайбыз. Алар бүгүн кыргыз прозасынын шедеврлери катары белгилүү.

Насирдин Байтемиров «Акыркы ок» романында кейипкерлердин, мисалы, Барпы менен Ышкынаалынын, дөөлөттүк багыт алууларын иш-аракеттери, өз ара мамилелери аркылуу ачып берет. Ушунун аркасында чыгармада жамандык-жакшылык дихотомиясынын татаал психологиялык чырмалышуусуна жетишет [38]. Ал эми «Жылдызкан» романы болсо жаңы турмуштук дөөлөттөрдү кеңири чагылтат. Айрыкча, ак эмгек бийик дөөлөт катары даңазаланат. Романдын негизги кейипкери – Жылдызкан өз эмгеги менен сый-урматка жетип, коомдогу алдыңкы, прогрессивдүү инсандардын катарын толуктайт [39].

Түгөлбай Сыдыкбековдун «Тоо арасында» (1-китеби 1955-жылы, 2-китеби 1958-жылы чыккан) чыгармасы «Кең-Суунун» кайра иштелиши болуп саналат. Романда кыргыз айылдарынын карапайым жашоочуларынын дөөлөттүк көз караштары түп тамырынан өзгөрүүсү кандайча жүргөнү, бул процессте кандай кыйынчылыктар болгону майда-чүйдөсүнө чейин ишенимдүү сыпатталат. Коомдо жүргөн социалдык-саясий процесстердин натыйжасында кыргыз адамынын кулк-мүнөзү, тутунган баалуулуктары алмашат. **Билим, илим, эмгек, жакшылык** дөөлөттөрү улам кеңири кулач жайып, жаңы коомдук турмуштун негиздерине айланышат. Дал ушул жагдай Сапарбайдын, Сокенин, Самтырдын, Бүбүштүн ж.б. өмүр-тагдыры аркылуу сүрөттөлөт. Жазуучу кыргыз элинин тарыхындагы жаңы доордун, кыргыздын жашоо мүнөзүн, жүрүм-турумун, ой жүгүртүүсүн, психологиясын жаңы дөөлөттүк багытка бурган тарыхый мезгилдин тамыр кагуусун жаземдебей кармап, аны өз чыгармасында көрсөтмөлүү берүүгө жетишкен [153].

Ошентип, 50-жылдар кыргыз прозасынын руханий-дөөлөттүк нукта өнүгүүсүндө белгилүү өлчөмдө майнаптуу мезгил болгон.

Ал эми XX кылымдын 60-жылдары кыргыз прозасы күрдөөлдүү өнүктү. Адабий аренада мурунтан иштеп жүрүшкөн калемгерлердин катарына көптөгөн жаңы, дымактуу авторлор келип кошулду. Алардын айрымдарын атай кетсек, М. Байжиев, Ө. Даникеев, А. Жакыпбеков, А. Саспаев, А. Стамов, М. Гапаров, К. Жусубалиев ж.б. болуп саналат. Калемгерлердин жаңы мууну өздөрү жараткан тексттеринин идеялык-көркөмдүк, этикалык-эстетикалык, руханий-дөөлөттүк маңызына карай «алтымышынчылар» деген аталышты алышты. Алардын чыгармачыл изденүүлөрүнүн дөөлөттүк чордонунда гуманизм, адамгерчилик идеялары туруп, алдыңкы планга жеке адам, анын жан дүйнөсү, жеке тагдыры чыкты.

Адабий процесстеги өнүгүүнүн жыйынтыгы 229 проза китебинин жарык көрүүсү менен белгиленди [95; 96]. Бул көрсөткүч, албетте, сандык өсүүнү күбөлөндүрөт. Ушулардын ичинен дөөлөттүк өңүттөгү мазмундуу эмгектер катары У. Абдукаимовдун «Майдан» (1-бөлүгү 1961, 2-бөлүгү 1966); Ч. Айтматовдун «Биринчи мугалим» (1963). «Саманчынын жолу» (1963); М. Байжиевдин «Чыйыр» (1966); Н. Байтемировдун «Тарых эстелиги» (1966); Ө. Даникеевдин «Кыздын сыры» (1964); А. Жакыпбековдун «Катаал багыт» (1966); К. Жантөшевдин «Менин тагдырым» (1967); К. Жусубалиевдин «Күн автопортретин тартып бүтө элек» (1967); К. Жусуповдун «Жашоо кумары» (1965); К. Каимовдун «Бири бирине окшобогон күндөр» (1968), «Атай» (1969); Т. Касымбековдун «Адам болгум келет» (1960), «Сынган кылыч» (1966, 1971); А. Стамовдун «Кеч күздө» (1969); Т. Сыдыкбековдун «Зайыптар» (1966); А. Токомбаевдин «Солдат элек» (1965) деген китептерин атоого болот.

Узакбай Абдукаимовдун «Майдан» романы кыргыз прозасындагы согуш темасында жазылган чыгармалардын эң көрүнүктүүсү катары адабият тарыхына кирди. Анын өзгөчөлүгү катары кейипкерлеринин дөөлөттүк багыт алууларынын турмуштагыдай чындыктуу тартылышын көрсөтүүгө болот. Чынында эле, романда карманган турмуштук, адеп-ахлактык дөөлөттөрү боюнча кескин айырмалуу, карама-каршылыктуу образдар мол кездешет. Алсак, Качыке-Апсамат, Кыдырбек-Сарыгул, Чынаркан-Бермет ж.б. Ушул кейипкерлердин тагдырлары аркылуу жазуучу **мекен, өмүр, өлүм, сүйүү, достук, акыйкаттык, жалган, жакшылык, жамандык** дөөлөттөрүнө карата өздүк мамилесин айкын билдирет. Автор өз каармандарынын жан дүйнөсүн кеңири иликтөөгө алып, психологиялык өзгөчөлүктөрүн таамай ачат [2].

Чыңгыз Айтматовдун «Биринчи мугалим» повести сабатсыздыкты жоюу мезгилин, «Саманчынын жолу» повести согуш мезгилин чагылдырат. Эки чыгармада тең психологизм өтө күчтүү. Булардын каарман-

дары – Дүйшөн менен Толгонай – руханий дүйнөсү таза, адамдарга жалаң **жакшылык** каалаган ою ак инсандар [4]. Аталган чыгармалар адабият таанууда терең иликтөөгө алынган. Биз эки повесть тең **советтик турмуш чындыгын** чагылтканын, ошонусу менен кыргыз прозасындагы көркөм дөөлөттөрдүн катарын толукташканын белгилейбиз. Адабиятчы О. Ибраимов «Материнское поле» – это произведение о том, что такое истинное человечность и как эту человечность пытается изничтожить война» [78, с. 107] деген баа берет. Туура, чыгармада адамдын **адамгерчилиги** дөөлөтүнө өзгөчө маани камтылат. Повесттин аксиологиялык мазмунун мына ушул көрсөткүч аныктайт.

Мар Байжиевдин «Чыйыр» повестинин мазмуну дөөлөттүк багытталышка ээ. Башкы кейипкер Абылкасым турмуштун оор запкысын көрсө да, адамгерчиликтен жанбаган, кыйын турмуштук кырдаалда да адам боюнча калган инсан. Ал **өмүр, сүйүү, жакшылык** дөөлөттөрүн аздектеп, жан дүйнөсүн терс жорук менен булгабай жашоо кечирет [37].

Ашым Жакыпбековдун «Катаал багыт» повести да согуш темасында. Чыгарманын башкы кейипкери Апсамат согуш кырдаалында татаал психологиялык чыңалууга кабылып, татаал дөөлөттүк перипетияларды баштан кечирет. Ал **өмүр-өлүм** дөөлөттөрүнө карата мамилесин түп тамырынан өзгөртөт, өлүм алдында туруп, терең маанилүү адептик тандоо жасайт [59].

Өскөн Даникеевдин «Кыздын сыры» повестинде жакшылык дөөлөтү башкы орунга чыгарылат. Башкы кейипкер Жамалга Азим өмүрдө эч унутулгус **жакшылык** жасайт. Ал жаш кыздын турмуштан ордун табуусуна, билим алуусуна көмөктөшөт [51].

Кубатбек Жусубалиевдин «Күн автопортретин тартып бүтө элек» повести мазмунунун таза дөөлөттүк идеяларга каныктырылышы менен өзгөчөлөнөт. Ал бүгүн да идеялык-философиялык, этикалык-эстетикалык, таанымдык багытталышы боюнча 60-жылдардагы көпчүлүк прозалык туундулардан кескин айырмаланат. Повесттин кейипкерлери Жамбы менен Раман эч бир маанилүү иш деле жасашпайт. Анткен менен алардын жүрүм-туруму, тагдырлары, ой-туюмдары аркылуу жазуучу **өмүр-өлүм, жакшылык-жамандык** дөөлөттөрүнүн бул турмуштагы татаал алака-катышын ичкериден психологиялык өңүттө ачып берет [68]. Чыгармада күндүн символдуу образы түзүлүп, ал автопортретин тартып бүтпөй жаткан сүрөтчү катары сыпатталат. Чын-чынына келсек, күн – бул өмүрдүн символу, ал эч качан бүтпөйт. Ал эми өмүрдө, жашоодо ак-кара, жакшы-жаман ар качан канатташ келет.

Төлөгөн Касымбеков «Адам болгум келет» повестинде турмушка жаңы кадам таштаган жаш жигиттин дөөлөттүк олку-солку болуусун, өз жолун табуудагы чайналуусун сүрөттөйт. Асылбек **жакшылык-**

**жамандык, ак-кара** өңдүү дөөлөттүк түшүнүктөрдү өз башынан өткөн турмуштук кырдаалдарда иш жүзүндө таанып, жашоодогу өз позициясын аныктап, **ак эмгек** аркылуу инсан катары калыптануу жолун тандайт [83].

«Сынган кылыч» тарыхый романы бүгүн кыргыз тарыхый прозасынын шедеври катары эсептелет. Анда XIX кылымдагы кыргыз тарыхына байланыштуу окуялар далилдүү, документалдуу чагылтылган [84]. Аталган чыгарма адабиятчы-окумуштуулар тарабынан ар тараптуу изилденип, көркөм дөөлөттүк касиет-сапаттары жетиштүү деңгээлде бааланган. Биздин баамыбызда, роман тарыхый окуяларды акыйкаттуу сүрөттөө менен катар эле, терең гуманисттик, аксиологиялык идеяларга каныктырылган. Алсак, чыгармада **өмүр-өлүм, жакшылык-жамандык, сүйүү-жек көрүү, достук-кастык, чынчылдык-жалганчылык** түшүнүктөрү эриш-аркак орун алып, романдын дөөлөттүк мазмунга ээ экенин айгинелешет.

Ушинтип, 60-жылдардагы бир катар чыгармаларга талдообуз көрсөткөндөй, аталган мезгилде кыргыз жазуучулары көркөм чыгармачылыкта жекече дөөлөттүк ой-пикирлерин сөзсүз чагылтышкан. Натыйжада кыргыз прозасынын көркөм дөөлөттөрү болуп эсептелген көптөгөн чыгармалар жаратылган.

Кийинки он жылдыкта, 70-жылдарда, кыргыз прозасында гуманисттик мазмундагы, адамдагы адамгерчилик темасындагы, адептик тандоо кырдаалына коюлган кейипкерлери бар чыгармалардын жарыялануусу уланды. Арийне, көркөм туундуларда кейипкерлердин тутунган дөөлөттөрү чагылтылып, алардын өмүр, өлүм, жакшылык, жамандык, сүйүү, эмгек баалуулуктарына мамилелери ачылып жатты. Каралып жаткан мезгил ичинде бардыгы болуп 306 проза китеби жарык көрдү [95; 96]. Алардын ичинен адам баалуулуктарына кызыгуусу боюнча өзгөчөлөнгөндөрү катары төмөнкүлөрдү белгилөөгө болот: Ч. Айтматов «Гүлсарат» (1978); К. Акматов «Мезгил» (1978); М. Гапаров «Биздин жакта Арстанбапта» (1973), «Дарыялардын шоокуму» (1979); Ө. Даникеев «Кызыл аска» (1979); К. Жусупов «Күлгүн курак» (1979); К. Каимов «Кыш ыргактары» (1973), «Белгилүү эркек» (1975); М. Мураталиев «Сары кар» (1979); О. Орозбаев «Кыл көпүрө» (1976); С. Өмүрбаев «Бороондуу күндөр» (1972); А. Стамов «Нөшөрдөн кийин» (1976), «Чүй дастандары» (1978); О. Султанов «Улуу дайра» (1972) ж.б.

Албетте, бул мезгилде кыргыз прозасында Чыңгыз Айтматовдун жемиштүү ишмердүүлүгү уланып жаткан. Ал адам турмушуна, адамзаттык баалуулуктарга карата өз көз караштарын жарыя айтуусун «Кызыл алма», «Атадан калган туяк» (1974) өңдүү аңгемелеринде уланткан. Бул жерде «Гүлсарат» повести тууарасында айтпай коюуга болбойт.

Аталган чыгарма алгач «Прощай, Гульсары!» деген наам менен «Новый мир» журналына (1966, №3) жарыяланган. Ошондон баштап повесть тууралуу окурмандар чөйрөсүндө кеңири талкуу жүргөн. Бул көркөм туундунун дөөлөттүк мазмунуна, табиятына болгон кызыгуу алиге чейин сууй элек. Чыгармада инсанды дөөлөттүк негизде изилдөө доор менен тыгыз байланышта жүргүзүлөт. Танабай өңдүү адамдар турмушта дайыма кездешет. Алар **акыйкаттыкты** издөөдөн эч тажашпайт. Ошондой эле табияттагы **сулуулукту** баалай билишет, айланадагыларга **жакшылык** жасоону парзым деп санашат. Дал ушундай адам баалуулуктарына тиешеси бар маселелер «Гүлсарат» повестинде олуттуу сөзгө алынат [6].

Ч. Айтматовдун кийинки чыгармалары, «Ак кеме» (1970), «Эрте келген турналар» (1975), «Деңиз бойлой жорткон ала дөбөт» (1977) повесттери да таза аксиологиялык мүнөздөгү көркөм туундулар деп айта алабыз. Анткени, буларда да көркөм-эстетикалык изилдөөнүн чордонунда эң башкы дөөлөт катары адам туруп, адамга тиешелүү **өмүр, өлүм, жакшылык, жамандык, эмгек, сүйүү, ишеним, үмүт** өңдүү баалуулуктардын тегеретесинде ой калчанат. Башкы кейипкерлер – бала, Султанмурат, Кириск – үчөө тең дөөлөттүк тандоо жасоо кырдаалына кабылып, психологиялык зор чыңалуудан өтүшөт. Аталган чыгармалардын баары өз убагында кеңири талкуудан, талдоодон өткөн. Коомдук пикирде түрдүү талаш-тартыштарды туудурган. Ошентип, Ч. Айтматов көркөмдүк ишмердүүлүктүн башкы предмети катары адамды алып, аны өз чыгармаларында эң негизги дөөлөт катары алдыңкы планга чыгарган. Мунун аркасында ал жараткан көркөм-адабий туундулар шедеврлик кудуретке ээ болуп, түбөлүктүү көркөм дөөлөттөргө айланган.

Казат Акматовдун «Мезгил» романы дагы жалпы адамзаттык дөөлөттөргө карата философиялык өңүттөн ой жүгүрткөн чыгарма. Анда **өмүр-өлүм, жамандык-жакшылык** антиномиялары курч маанайда карама-каршы коюлуп, **эмгек, сүйүү, ишеним** дөөлөттөрүнүн мааниси ачылат. Чыгарманын каармандары – Емельян Красин, Кошой, Шатман ажы, Зейнеп, Күлчоро, Бекнияз ж.б. – түбөлүктүү мезгилдин айлампасында кыргыз жери мейкиндигинде бири бири менен кездешип, татаал психологиялык алака-катышта турушат. Жазуучу мезгил алкагында адам тутунган дөөлөттөрдүн өзгөрүүсүн Е. Красиндин мисалында элестүү тартып берет [13]. Өзүнүн терең баалуулуктук табиятка ээ болгондугунан улам роман мезгил сыноосунан тайгылбай өтүп, кыргыз прозасынын көркөм дөөлөтүнө айланып отурат.

Мурза Гапаровдун «Кыштакча» (1973), «Дарыялардын шоокуму» (1979) аттуу повесттеринде гуманизм идеясы алдыңкы орунда турат. Аталган чыгармаларда карапайым адамдардын күнүмдүк тиричилиги

романтикалуу көркөм сүрөттөлүп, турмуштук дөөлөттөрү, кайгы-кубанычтары, ишеним-үмүттөрү психологиялык талдоого алынат. «Кыштакчанын» башкы каарманы Акун эмгек жолун жаңы баштап, ошол эле маалда бийик сүйүү сезимин баштан кечирет. Натыйжада **эмгек, сүйүү** дөөлөттөрүнө карата өздүк көз карашын түптөйт. Ал өзү кабылган турмуштук сыноодо адам боюнча калат. «Дарыялардын шоокуму» повестиндеги Ормон, Дербиш деген кейипкерлер башка адамдарга **жакшылык** кылууну өмүрлүк максатка айлантып алышкан. Алар көр тиричиликтин сазынан бойлорун оолак тутуп, жалган дөөлөттөргө, мисалы, **байлыкка**, эч кызыгышпайт [50]. Повесттердеги ушундай дөөлөттүк башталмалар аларды шедеврлик даражага көтөрөт.

Адам дөөлөттөрүн башкача өңүттө, психологиялык негизде талдоосу жагынан Муса Мураталиевдин «Сары кар» романы да бир кыйла өзгөчө курулган. Бул чыгарманын көркөмдүк-эстетикалык куну бир топ жогору, анткени анда турмуш чындыгында орун алган окуялар ары драмалуу, ары трагедиялуу, көркөмдүү жана ишеничтүү сүрөттөлгөн. Чыгарманын кейипкерлери – Болот, Бурулуш, Сарыгыз, Сагаалы, Акун, Кенже ж.б. – ар кимиси өз мүнөзүнө эгедер, оригиналдуу инсандар. Аларды өмүр, тагдыр бир жипке тизип байланыштырат. Арийне, учугу үзүлбөй уланган өмүр сызыгына кайгы-муң, сүйүү-күйүү жуурулушат. Улуу муундагы кейипкерлер өз өмүрүндө өлүм трагедиясын нечен ирет баштан өткөрүшкөн. Алардын келечектен үмүттөнүүсүн эми Акун менен Кенже ишке ашырып, адамзат турмушундагы түптүү дөөлөт болгон **өмүрдү** улантуулары тийиш [109].

Түгөлбай Сыдыкбеков «Көк асаба» романын 1971-жылы толугу менен аягына чыгарганын белгилейт [154]. Романдын айрым үзүндүлөрү 60-жылдары «Ала-Тоо» журналына жарыяланып, өз бетинче китеп түрүндө 1989-жылы гана басылып чыккан. Аталган романда байыркы кыргыздардын турмуш-тиричилиги, чарбачылыгы, каада-салттары, тутунган руханий-адептик дөөлөттөрү, өмүр-өлүм, жакшылык-жамандык маселелерине мамилелери чагылтылат. Бул көркөм чыгарма залкар жазуучу түзгөн шедеврлердин алдыңкы сабында турат.

Ошентип, XX кылымдын 70-жылдарында дагы кыргыз прозасы бир катар урунттуу көркөм дөөлөттөр менен толукталды.

XX кылымдын 80-жылдары кыргыз прозасы үчүн абдан жемиштүү болду. Бул мезгилде бардыгы болуп 337 проза китеби басылып чыкты [95; 96]. Алардын ичинен дөөлөттүк табияты боюнча айырмаланган китептер деп төмөнкүлөрдү эсептөөгө болот: Ч. Айтматов «Үч томдон турган чыгармалар жыйнагы» (1-2-т. 1982, 3-т. 1983), «Кыямат» (1988); К. Акматов «Мунабия» (1987), «Күндү айланган жылдар» (1989); Э. Борбиев «Мала күндүн батышы» (1983); М. Гапаров «Кызыл беде»

(1980), «Жаңгак токойдун жомогу» (1989); Ө. Даникеев «Көз ирмемдеги өмүр» (1981), «Көкөй кести» (1984); С. Жетимишев «Эл арасында» (1989); К. Жусубалиев «Толубай сынчы» (1981); К. Каимов «Акырын күтпө» (1984); Т. Касымбеков «Кел-кел» (1986); М. Мураталиев «Май айынын күкүгү» (1981); К. Осмоналиев «Көчмөндөр кагылышы» (1982), «Ыйык жер» (1985); С. Өмүрбаев «Өрттүү кечүү» (1984); М. Сейталиев «Тегирменчинин кызы» (1988); З. Сооронбаева «Чоочун киши» (1988); А. Стамов «Жол боюнда жалгыз там» (1985); Б. Усубалиев «Түркүк» (1984), «Көз» (1989) ж.б.

Кылым соңуна чукул, 80-жылдарда, коомдо терең дөөлөттүк кайра куруулар жүргөн. Ушул мезгилде көркөм өнөр ишмерлеринин дөөлөттүк багыт алуусу да алмашкан. Жаңыча ой жүгүртүү, пикирлердин көп түрдүүлүгү, ачык-айкындуулук ураандары алдыга коюлган. Натыйжада, өлкөдө коомдук атмосфера, анын ичинде көркөм өнөрдөгү психологиялык климат ыкчам өзгөрө баштаган. Ушундай жагдай кыргыз адабиятына да таасир тийгизген.

Бул өңүттө Чыңгыз Айтматовдун «Кылым карытар бир күн» (1981), «Кыямат» (1986) романдары жаңыча ойлонуунун туундусу болгонун белгилөө кажет. Эки романда тең жеке адамдын турмушу негизги өзөк катары алынып, орчундуу коомдук-тарыхый маселелер ошонун фонунда сыдыргыдан өткөрүлөт. Аталган чыгармалар терең философиялык-аксиологиялык, этикалык-моралдык мазмунга ээ. Ал романдарды адабиятчылар ар тараптуу талдоого алышкан. Биздин оюбузча, алар келечекте да илимпоздорду кызыктыра берет. Себеби, эки романда жалпы адамзаттык баалуулуктар – **өмүр, өлүм, сүйүү, жек көрүү, сулуулук, серттик, жакшылык, жамандык, акыйкаттык, жалганчылык, ак, кара** – ж.б.у.с. көптөгөн аксиологиялык категориялар алдыңкы орунга коюлат. Чыңгыз Айтматов биринчи романында Эдигей, Казангап, Абуталип, Зарипа, Үкүбала, Раймалы, Бегимай ж.б., экинчи чыгармасында Бостон, Авдий, Понтий Пилат, Иисус Христос ж.б. өңдүү колориттүү мүнөздөрдү түзөт [7; 8]. Кейипкерлеринин жүрүм-туруму, иш-аракеттери, сүйлөгөн сөздөрү аркылуу өзүнүн жекече дөөлөттүк түшүнүктөрүн, жактырууларын чагылтат. Ч. Айтматовдун терең ишениминде, адам – өз доорунун күзгүсү, ал турмушта өзү өздөштүргөн моралдык-этикалык дөөлөттөрдүн алып жүрүүчүсү, адам дөөлөттөрү ал жашаган мезгилге ылайык калыптанат. Ал адам баласынын өмүрдөгү эң бийик асыл дөөлөт экенине басым жасайт. Окумуштуу О. Ибраимов «Кылым карытар бир күн» романын евразиялык экзистенциализмдин туу чокусунда турган чыгарма, ал эми «Кыямат» романын Айтматовдун чыгармачылыгындагы жаңы бурулуш, постсоветтик мезгилдеги адабияттын кабарчысы, жышаанасы катары мүнөздөйт [78, с. 191].

Арийне, мында чындыктын негизи бар, антсе да бул чыгармаларда Ч. Айтматов мурдагыдай эле **адамгерчилик** дөөлөтүн алдыңкы орунга коёт.

Өскөн Даникеев дагы өз романдарында турмуш чындыгына карата жекече дөөлөттүк позициясын билдирип, түбөлүктүү адамзаттык баалуулуктарга болгон инсандык мамилесин аныктайт. Алсак, «Көз ирмемдеги өмүрдө» негизги кейипкерлер өздөрүнүн дөөлөттүк, моралдык-этикалык тандоолорун жасашат. Мисалы, Байтик бүтүндөй бир урууну жеринен ажыратып тентитип жиберет. Ал уруу мекендеп турган жерди орус келгиндерине кызыл алтын акчаларга айырбаштаган. Анын тандоосу – **байлык жана бийлик**. Ал эми бала Кутуян жерсиз-суусуз калган элинин таламын талашып, Байтиктен ошол акчаларды өндүрөт. Албетте, Байтик ага мол байлыкты жөн эле бере койбойт болчу, аны тайсалдаткан элдин жаалы болот. Кутуяндын тандаган дөөлөтү **эл** болду [52].

«Көкөй кести» романында тоо арасындагы аба ырайын изилдөөчү станцияда калган адамдардын турмуштук драмасы, трагедиясы сүрөттөлөт. Романдын кейипкерлери – Мурат, Айша апа, Сакинай, Дарыйка, Гүлшан, Изат – экстремалдуу кырдаалда тоо арасында калышат. Ушундай татаал жагдайда алардын ар биринин адамдык сапаттары сыноодон өтөт. Кейипкерлер канча кыйынчылыкка, жада калса өлүмгө туш келишсе да, алар жан дүйнөсүнүн түпкүрүндө өмүр үчүн күрөш жүргүзүшөт [53]. Чыгарманын дөөлөттүк багыт алуусу мына ушуга – адам турмушунда **өмүр-өлүм** дөөлөттөрүнүн тыгыз чырмалышуусуна негизделет.

Муса Мураталиевдин «Май айынын күкүгү» романы жеке адамдын тагдырын, анын дөөлөттүк көз караштарын, сезим-туюмдарын ачып бергени менен кызыктуу. Чыгарманын башкы кейипкери Айша бүт өмүр бою улам бир азаптан экинчи тозокко капталып келе жаткан жан. Ал капсалаңдуу Үркүндү да, каардуу Улуу Ата Мекендик согуш мезгилин да башынан өткөрөт, анда күйөөсү курман болот. Ошентсе да беш баласын аман-эсен эрезеге жеткирет. Айша жашоону майрам сыяктуу кабыл алат. А өзү өмүрүндө канча оорчулукту баштан кечирди?! Эмнени гана көрбөдү?! Бул көркөм туундуда канчалык кыйынчылыктуу, азап-тозоктуу болсо да **өмүр** адам турмушундагы эң бийик дөөлөт экени белгиленет [110].

Биздин кыскача серептен байкалгандай, кыргыз прозасында жалпы адамзаттык дөөлөттөргө кызыгуу улам күч алып, адам турмушундагы дөөлөттүк багыт алууну көрсөтүү улам татаалдашып жүрүп отурган. Мына ошонун, көркөм чеберчиликтин артуусунун негизинде узак жашоого укук алуучу көркөм дөөлөттөр түзүлгөн.

XX кылымдын акыркы он жылдыгында кыргыз прозасы өнүгүүсүн улантты. Бирок калемгерлерге мурдагыдай мамлекеттик камкордук жок

болгондуктан, жарык көргөн китептердин саны 80-жылдарга салыштырмалуу бир кыйла аз болду. Бул мезгил аралыгында жалпысынан 219 проза китеби басылып чыгыптыр [95; 96]. Алардын ичинен көркөмдүк-эстетикалык, руханий-дөөлөттүк маани-мазмуну боюнча сөз кылууга арзый тургандары катары М. Абакировдун «Алчалуу төр» (1990), «Көкөй кести» (2000); Ш. Абдырамановдун «Дыйкандар» (1991); Ч. Айтматовдун «Кассандра тамгасы» (1996); А. Алдашевдин «Жер төлөдө ой толгоо» (1997), «Казат селинде» (1999); А. Жакыпбековдун «Теңири Манас» (1995); К. Жусубалиевдин «Муздак дубалдар» (1990); М. Макенбаевдин «Бөрүлөрдүн чыйыры» (1994), «Кайыктардын көрүстөнү» (1995), «Тентиген чал» (2000); Э. Өмүракуновдун «Жылаандар канышасы» (1990, 1994); С. Раевдин «Күн кармаган бала» (1990); А. Стамовдун «Жортуул» (1992); Т. Сыдыкбековдун «Бел-белес» (1996), «Мен миң жыл жашадым» (1998); Э. Турсуновдун «Ата Журт» (1990); Б. Усубалиевдин «Түтүн» (1991) деген китептерин белгилей алабыз.

Мелис Абакировдун «Көкөй кести» романында XVIII кылымдагы кыргыз тарыхынан алынган окуялар баяндалат. Казак төрөсү Абылайдын кыргыз жергесине болгон биринчи жортуулу, ага кыргыз элинин каршылык көрсөтүүсү сүрөттөлөт. Бизди кызыктырган нерсе, чыгарманын кейипкерлеринин дөөлөттүк багыт алуусу кандай берилгени болду. Муну Абайылда баатырдын мисалында көрө алабыз. Ал журт келечегин ойлоп заманасы куурулат, ошол кездеги чачыранды кыргыз урууларын бириктирүүгө умтулуп, эл-жер кыдырып жан-алакетке түшөт [1]. Ошол кылымдагы кыргыз элинин турмуштук дөөлөттөрү, тиричилик мүнөзү, жалпы адамзаттык баалуулуктарга карата көз караштары чыгармада элестүү ачылган. Бул өңүттө роман таанымдык касиет-сапатка ээ экенин айта алабыз. Ушул жагдайды адабиятчы Г. М. Мурзахмедова жаземдебей баамдайт: «В романе много фольклорного и исторического материала, этнографических сведений, дающих информацию о том времени. Например, автор очень скрупулезно описывает внутреннее убранство юрты. Эти экскурсы прдеставляют очень большую ценность для нынешней молодежи. Автор возвел юрту – главное национальное богатство кыргызского народа – на высокий эстетический уровень» [111, с. 76].

Чыңгыз Айтматовдун «Кассандра тамгасы» («Знамя», №12, 1994) романы адат болуп калгандай эле адегенде орус тилинде жарык көрүп, анан гана башка тилдерге которулган. Чыгарма жарык көрөрү менен эле ызы-чуулуу талаш-тартыштын объектисине айланган. Арийне, «Кассандра тамгасы» романында кыргыз элинин өкүлдөрү каарман болушпайт. Бирок анда көтөрүлгөн жалпы адамзаттык маселелер биздин элди кыйгап өтпөйт. Алар жалпы адамзат тукумунун башына келген мүшкүлдөр болуп саналат. Анын үстүнө, көркөм чыгармачылыкта

шарттуулук деген түшүнүк бар. Анын мыйзамдарына ылайык, Роберт Борк, Оливер Ордок өңдүү бири-бирине карама-каршы типтеги инсандар кыргыз коомунда да арбын, алар реалдуу кыргыз кишилерин да чагылта алышат [10].

Чыңгыз Айтматовдун «Кассандра тамгасы» романынын негизги кейипкери – биолог окумуштуу, кийин космос кечили Андрей Крыльцов-Филофей. Көрүнүктүү адабиятчы А. Акматалиев Филофей деп өзүн атап алган орус окумуштуусу Крыльцовдун өмүрү татаал болгонун белгилейт [10, 251-б.]. Ал балдар үйүндө чоңоюп, билим алып, окумуштуулук даражага чейин жетип, өзүн ошол деңгээлге чыгарган коомго кызмат кыла баштайт. Бирок өзү мамлекеттин буюртмасы менен жүргүзүп жаткан илимий экспериментинин – иксроддорду жаратуунун – адамгерчиликсиз жүзүн таанып, кийин илимде адамзатына **жакшылык** кылуу жолуна түшөт. Крыльцов космостогу станцияда адам табиятына изилдөө жүргүзүп, аны оңдой алуучу илимий ачылыш жасайт.

Бирок бул ачылышка байланыштуу **Акыйкаттык** өтө наадандык менен тепселет. Филофейдин ачылышы, ал ачкан акыйкаттык эч кимге жакпайт. Президенттикке талапкер Оливер Ордок ачылыштын зор маанисин сопсонун түшүнүп турса да, позициясын өзүнө керектүү нукка буруп, Филофейди боктой баштайт да, өзү бул жаатта кеңеш алган футуролог Роберт Боркту анын жердеги жардамчысы атап таштайт. Бул анын бийликке кумарлыгынын туундусу эле. Ал элди өзүнө тартуу үчүн ушул кадамга барат – Акыйкаттыкты тебелеп-тепсейт. Натыйжада Филофей ачык космоско бой таштап жан кыят, ал эми Роберт Боркту жаалданган караламан токмоктоп өлтүрөт. Булардын өлүмү Акыйкаттык жолундагы курмандык катары каралат. Ушул автордук тыянак бизге акыйкаттыктын сабагы өтө ачуу экенин, акыйкаттыктын куну өтө кымбат турарын айкындап берет. Акыйкаттык үчүн көп учурда адам өмүрү менен кун төлөнөт.

«Кассандра тамгасы» романындагы Филофей өз адамгерчилиги, адамга болгон сүйүүсү менен сулуу. Ал турмушунда көп алакеттен өтүп, акыры бүт дүйнөгө, коомго гумандуу мамиле кылган деңгээлге жетет. Бирок коом Филофейге карата өз гумандуулугун көрсөтпөй, сыртын салат, жерип таштайт да, ал бүткүл адамзат ичинде жапжалгыз калып, космостук мейкиндикке бой таштайт. Бул жерде символдуу маани бар – кандай гана адам болбосун ал коом ичинде сөзсүз керт башынын жалгыздыгына дуушарланат. Турмуштагы чоң маселе – мына ошол жалгыздыктан адамгерчилигин, ички, руханий сулуулугун таптаза сактап татыктуу чыгуу.

Абдулхай Алдашевдин «Жер төлөдө ой толгоо» (1997), «Казат селинде» (1998), «Өх, бүттүкпү» (2001) аттуу романдар түрмөгү окурман-

дардын зор кызыгуусун туудурду. Анткени, бул чыгармаларда СССРдин тарыхындагы урунттуу учурлар жаңыча көркөм аңдоодон өткөрүлдү, ошол татаал тарыхый доордогу совет элинин тутунган адеп-ахлактык дөөлөттөрү иликтөөгө алынды. Биз автордун эки романын XX кылымдагы кыргыз прозасынын туундусу катары карайбыз, анткени үчүнчүсү XXI кылымда жарык көрүптүр. «Жер төлөдө ой толгоо» китебинде согуш мезгили баяндалганы менен 37-жылдардагы репрессиялар басымдуу сөзгө алынып, анын себептери ачылат [24]. «Казат селинде» китебинде кандуу согуш учурундагы алаамат окуялар орчундурраак сүрөттөлөт [25]. Бул китептердин башкы кейипкери Байсалов өзү уккан, же көргөн тарыхый окуяларды жан дүйнөсүнүн тереңинен өткөрүп, акылынын жетишинче жекече баасын берет. Автордун эң маанилүү жетишкендиги – **өмүр-өлүм, ак-кара, жакшылык-жамандык** дөөлөттөрүнүн турмушта дайыма үзөңгүлөш жүрө турганын ынанымдуу ачып бере алгандыгы болуп калды.

Ашым Жакыпбековдун «Манас» эпосунун негизинде жазылган «Теңири Манас» аттуу чыгармасын да 90-жылдардагы кыргыз прозасынын маанилүү ийгилиги катары карай алабыз. Автор мухиттей чалкыган элдик эпосту кара сөзгө айлантуу менен эле чектелбей, эпос өзөктүү романында байыркы кыргыз дүйнө таанымын, кыргыз элинин тутунган турмуштук, адеп-ахлактык дөөлөттөрүн, жалпы адамзаттык баалуулуктарга карата мамилесин укмуштай чеберчилик менен сактап бере алган [60]. Ошол себептен, «Теңири Манас» романы көөнөрбөс көрөңгө, баалуу эстелик эсебинде тура алат.

Арийне, биз өзүбүз маанилүү деп белгилеген бардык чыгармаларга узак талдоо жасап отуруубуз максатка ылайык келбейт. Ошол себептүү көркөмдүк кудурети жогору көптөгөн адабий туундулардын айрымдарын гана мисал иретинде мүнөздөп берип кеттик.

Ырас, XX кылым ичинде кыргыз профессионал жазма адабиятында, прозасы менен поэзиясында жаратылгандын баары тең эле көркөм дөөлөт боло албайт. Алардын басымдуу бөлүгү адабият тарыхынын күнүмдүк фактылары гана. **Изилдөөчүлөрдүн милдети** – тараза ташын бекем кармап, XX кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабиятындагы чыныгы көркөм дөөлөттөрдү аныктоодо, алардын дөөлөттүк касиет-сапаттарын туура баалоодо жана аларды элге жайылтууда жатат.

**2.4. Көркөм ишмердүүлүктө коомдук жана жеке кызыкчылыктардын бет келүүсү.** Ушул жерден биз адабияттын тарыхына байланыштуу бир олуттуу маселеге көңүл бөлө кеткибиз келет. Советтик мезгилде көркөм адабият коомдук кызыкчылыктарга кызмат кылып келгенин окумуштуулар, адабиятчылар танбайт. Бирок шылуун, эпчил жазмакерлер совет бийлигине кызмат өтөө ураанына жамынып, масса-

лык маданияттын өзгөчө бир формасын жаратышканына көз жума албайбыз.

Бул жааттагы оюбузду айрым изилдөөлөрүбүздө белгилегенбиз. Бизди ушунчалык бийик даражага жеткирген совет доорунда деле коомдун талаптарына ыңгайлашып алып, ошого ылайыктуу чыгармаларды жаратып, нан таап, аброй күтүп келген жазмакерлер көп болгон. Бул биз жанагы адеп-ахлаксыз деп жерип жаткан батыштын «массалык маданияты» сыяктуу эле көрүнүш, бирок калыстык үчүн айта кетүүбүз керек, совет жазуучулары аң-сезими али толук калыптанбаган жаш муундарга зыян гана келтирүүчү өтө аморалдуу, ыплас чыгарма сөрөйлөрдү эч убакта жаратышкан эмес. Б.а. совет адабиятында массалык адабияттын өзгөчө бир көрүнүшү жашаган – ал совет бийлигине кызмат өтөгөн конъюнктуралык адабият болгон.

К. Асаналиев мындай дейт: «…бул атайы максат менен саясий учурдун кырдаалына оңтойлошуп жазылган, белгилүү бир абалдын талабын тейлеген, кызмат аткарган конъюнктуралык көшөкөр адабият» [34, 101-б.]. Анын пикирин окумуштуу Л. Үкүбаева минтип улантат: «Чыныгы көркөм нарк жаратыш үчүн чыгармачылык ишке башын сайып коюп киришкен, изденгич жазуучулардын ордуна мезгилге ыңгайлашкан, чыныгы көркөмдүүлүк, маңыздуулуктан саясатты туу туткан «бүгүнкү күндүн талабына жооп берген» чыгармаларды жараткан «кызматкер» жазуучулардын арааны жүрдү» [163, 318-б.]. К. Асаналиевдин аныктамасын чечмелеш үчүн төмөнкү цифра-маалыматтарды эскерели. Мисалы, 20-жж. 12, 30-жж. 102, 40-жж. 112, 50-жж. 248, 60-жж. 531, 70-жж. 667, 80-жж. 724, 90-жж. 516 кыргыз тилиндеги проза жана поэзия китептери жарык көрүп отурат. Ушул жүздөгөн китептерде жарыяланган миңдеген поэтикалык жана прозалык чыгармалардын баары эле көркөм дөөлөттүк маани-мазмунга ээби? Жок, андай эмес. Керек болсо ал чыгармалардын көпчүлүгүн, авторлорун дагы азыр окурман журту таптакыр унутуп калган. Демек, алардын басымдуу көпчүлүгү советтик коомдун талаптарына ыңгайлашкан массалык адабияттын туундулары деген тыянак өзүнөн-өзү келип чыгат.

Бул көрүнүш кандайча пайда болду? Анын жообу эң жөнөкөй. Советтик бийликтин чыгармачыл инсандарга өзгөчө камкордук көрүүсүнүн, аларга бейиштегидей шарттарды түзүүсүнүн натыйжасында мына ушундай сандык өсүү келип чыккан. «Вопросы литературы» журналында мындай пикир айтылат: «…бизди ашкере эркелетишет, жеке алсак, адабият жаатындагы жогорулатылган калем акылар менен да, көркөм өнөрлөрдүн бардык түрлөрүнө сый акы берүүнүн бузулган тутуму менен да эркелетишет, мындайда иштин чыны эмне жакшы, эмне жаман экенин ажыратуу мүмкүн эмес…» [121, с. 251-259]. XX кылымдагы

кыргыз профессионал жазма адабиятынын өкүлдөрү деп саналган калемгерлердин укмуштуудай көбөйүүсү жогоркудай кырдаал менен шартталган. Б.а. кыргыз жазуучуларынын көпчүлүгү бийик көркөм чыгармачылык үчүн эмес, бийик калем акылар үчүн иштешкен. Ошол себептен алардын айрымдары жылына үчтөн-төрттөн, кээде алтыдан-жетиден китептерин чыгарышкан. Мисалы, ХХ кылым ичинде проза жана поэзия жаатында иштеген кыргызстандык авторлордун саны 451ди, ал эми жалпы эле чыгармачыл инсандардын саны 636ны түзөт [95; 96]. Бул азбы же көппү? Арийне, көп. Бирок сапат жагы кандай? Бул жаатта анчалык мактана албайбыз.

Дагы бир жагдайга токтолсок, К. Асаналиевдин «Адабий айкаш» аттуу мемуардык баянында кыргыз жазуучуларынын ортосунда ачык да, жабык да эрегишүү жүрүп келгени баяндалат. Анын себеби эмнеде эле? Биздин оюбузча, көркөм-адабий туундуларга бийлик тарабынан ыйгарылуучу сый акыда болучу. Автордун айтымында «Совет системасынын бир жакшы жери жазуучу аттууларга чыгармачылык үчүн бейиштегидей эле шарт түзүп койгон эле» [35, 228-б.]. Ошол бейиштегидей шарттын ичине чыгармалар үчүн ыйгарылуучу сыйлыктар да кирет. СССРдин Мамлекеттик сыйлыгы, Лениндик сыйлык, Токтогул сыйлыгы, Ленин комсомолунун сыйлыгы ж.б. ушул өңдүүлөрдүн баары үчүн белгилүү бир өлчөмдө сый акы төлөнчү. Ал сый акылардын кээ бирине, мисалга Мамлекеттик, Лениндик сыйлыктарга каралган сумманы карапайым эмгек адамы 10-15 жылда араң тер төгүп иштеп тапчу. Анан кантип жазмакерлердин саны көбөйбөсүн?!

Кезегинде коммунисттик партия коомдук турмушту, анын ичинде маданий турмушту бүт багыттап турганы тарыхый чындык. Бирок акыйкаттык үчүн айта кетүүчү нерсе, ал багыттоолор, жол көрсөтүүлөр доордун, мезгилдин мүнөзүнө жараша белгилүү бир өзгөчөлүктөргө ээ болгон. Мисалы, ХХ кылымдын 20-30-жж. коомдук турмуштун бардык аймактарында, анын ичинде маданиятта да тап күрөшү чоң мааниге ээ болгон. 40-50-жж. деле бул кубулуш жашап турган. 50-жж. экинчи жарымынан тартып, б.а. Сталиндин өлүмүнөн кийин бул жаатта өзгөрүүлөр жүрө баштаган. Башкача өңүттөгү маданий туундулар жарала баштаган. Дал ушул абалды О. Ибраимов туура баамдаган: «Хрущевдук жазгы баар» бардык советтик адабияттардын, анын ичинде кыргыз адабиятынын дагы, кескин алга суурулуусуна түрткү болду…» [74, с. 190]. Бул процесс 60-70-жж. андан ары өнүгүп, адабиятта коомдук турмуштагы орчундуу маселелерди чагылтуу күчөгөн. Ал эми 80-жж. экинчи жарымында кайра куруу процесси аренага чыгып, жаңыча, башкача ойлонуу модага айланып, актуалдуу маселелерди жазуу өзүнчө эле бир күргүштөгөн агымга айланган. Ушунун баарына партия ба-

гыт берип, жетектеп келген. Мындай өзгөрүүлөргө ыңгайлашуудан эч ким четте калган эмес. Анын ичинде кыргыз калемгерлери менен адабиятчылары дагы бар. Андыктан социалисттик реализмдин «кишендери» чыгармачыл инсандарды тушап турганы анчейин ишенимдүү эмес. Болгону чыгармачыл инсандар учурдагы адабият таануунун чындык деп эсептелген жоболорун бек карманып, ошого ылайык көркөм туундулар жаратышкан. Бир-эки кылымдан соң учур талабына ылайыкташтырып жазылган ошол чыгармаларды жана эмгектерди эч ким окубай, маани бербей калуусу толук ыктымал, керек болсо бул азыртан эле байкала баштады. Мезгил эски-жаңы адабияттык, адабий-теориялык туундуларга карата кандай өкүм чыгарарын эч ким билбейт.

Белгилей кете турган дагы бир жагдай, XX кылымдагы кыргыз совет адабияты жалаң эле социалисттик реализмди көркөм усул катары бек кармана берген эмес. Окумуштуу О. Ибраимовдун ою боюнча, XX кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабиятында **классицизмдин, предромантизмдин, социалисттик реализмдин** [75, с. 445], **чыныгы реализмдин, романтизмдин, модернизмдин** жана **постмодернизмдин, импрессионизмдин, экзистенциализмдин** [76, с. 482-483], деги көптөгөн көркөм чыгармачыл усулдардын көрүнүштөрү орун алган. Мунун өзү өткөн кылымдагы улуттук адабияттын өнүгүү жолу көп түрдүү, көп багыттуу болгонунан кабар берет. Эгерде ушул логикага таянсак, анда совет мезгилинде чыгармачыл инсандар жалаң гана социалисттик реализмдин алкактарынан чыкпай ишмердүүлүк жүргүзүшкөн, «социалисттик реализмдин кишендери аларды тушап турган» деп бир катар кыргыз адабиятчылары жарыя айтышкан жобо таптакыр акыйкаттыктан алыс болуп чыгат.

Адабий өнүгүүнүн кийинки жүрүшүнө келсек, изилдөөчү М. Жумаев XX кылымдын акырындагы адабий процесс жөнүндө эмгегинде «Адабияттагы «социалдык заказдардын» ордун «заказдардын» башка үй-бүлөлүк, жердешчилик, уруучулук формалары ээлеп, китеп базарынын конъюнктурасын түзүү аракети да бардыгы таанылбайт», [67, 321-б.] - дейт. Ошондой эле «…кыргыз адабиятында «детектив жанры дүркүрөп өстү» деген көтөрүңкү маанайды билдиргендер болгонуна карабастан, алардын басымдуу бөлүгү, салыштырмалуу айтканда, «ширпотребдик продукциялар» [67, 317-б.] экендигин белгилейт. Туура, калемгерлерге өкмөт кам көрбөй, алардын көркөм-адабий туундуларын бекер бастырып чыгарбай, анысы аз келгенсип, калем акы, сый акы бербей калган шартта алар өз камын өздөрү жеп, буюртма менен чыгарма жазууга, же болбосо эл кызыгып сатып алып окуй турган жеңил-желпи чыгармаларды жазууга көчүштү. Бирок окумуштуу И. Лайлиева белгилегендей, «социалдык турмуштун мурунку баалуулуктук

жөнгө салгычтары жок болгон, ал эми жаңылары али калыптанбаган чакта, социалдык интеграциялануу деңгээли кескин жогорулаган чакта, адабият эми монологиялуу тутум катары жашай албайт» [99, с. 5] эле. Андыктан андагы өзгөрүүлөрдү ушул өңүттө карап баалаганыбыз жөн.

Ошентип, совет өкмөтүнүн камкордугуна бөлөнүп өскөн кыргыз профессионал жазма адабиятынын кылым соңундагы абалы анча суктанарлык болгон жок. Белгилей кетүүчү жагдай, биз жогоруда айткандай, коом талаптарына ыңгайлашуу салты кыргыз калемгерлерине тээ башынан эле мүнөздүү. Ал бүгүн эле пайда боло калган кубулуш эмес.

Өнүгүү жолунун ушундай оош-кыйыштуулугуна карабай, анда алешемдиктер менен аша чабуулар арбын болгонуна карабай, **XX кылымдагы кыргыз прозасы менен поэзиясынын маанилүү тарыхый-адабий жыйынтыгы ушул болду – ал сапаттык жактан, көркөмдүк-эстетикалык жактан бийик секирик жасай алды**. Биз азыр улуттук адабиятыбыздын өкүлдөрү болушкан ондогон-жүздөгөн мыкты акын-жазуучулардын ысымдарын атай алабыз. Бирок символдуу түрдө эки гана ысымды эскерсек жетиштүү болот. Алардын **бири – кара сөздүн зергери Чыңгыз Айтматов, экинчиси – чыгаан акын Алыкул Осмонов**. Бул эки залкардын көркөм жаралгалары келечекте дагы окурман журтунун жүрөгүнөн татыктуу орун табарынан шек санабай эле койсок болот.

Азыр кыргыз адабияты тарыхый өнүгүүнүн жаңы нугуна түшүү иш-аракетин баштан кечирүүдө. Арийне, жаңы жолго түшүү кыйынчылыктар менен коштолот. Анткен менен ал жакшы натыйжа берип, келечекте дагы нечендеген кыргыз калемгерлери өздөрүнүн көркөм дөөлөттөрүн жаратып, дүйнөлүк адабияттын кенчин байытат деп ишенебиз.

Биздин оюбузча, XX кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабиятында жаратылган конъюнктуралык мүнөздөгү чыгармалардын сандык жактан абдан көптүгү алардын көркөм дөөлөттүк сапатын баалоодо белгилүү бир проблемаларды жаратат. Баарыдан мурда, XX кылым ичинде кыргыз жазуучулары менен акындары тарабынан түзүлгөн ушул зор өлчөмдөгү адабий материалды бир изилдөөнүн алкагында толугу менен камтуу мүмкүн эмес. Дал ушул себептен, XX кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабиятынын көркөм дөөлөттөрүн аныктоо менен баалоонун жаңыча усулдары иштелип чыгып, ал тажрыйба жүзүндө сыналышы абзел. Биз өз изилдөөбүздө ушул ишти жүзөгө ашырууну максат кылдык. Бул аракетибиз азыркы кыргыз адабият таануусунун методологиясына аздыр-көптүр жаңылануу кийирет деп үмүттөнөбүз.

## 3. XX КЫЛЫМДАГЫ КЫРГЫЗ ПОЭЗИЯСЫ МЕНЕН ПРОЗАСЫНЫН КӨРКӨМ-ЭСТЕТИКАЛЫК МАЗМУНУ

**3.1. Көркөмдүк менен эстетикалыктын алака-катышы.** ХХ кылымдагы кыргыз прозасы менен поэзиясы көркөмдүк-эстетикалык куну жогору бир катар адабий туундуларды берди. Азыр алар дүйнөлүк адабияттын казынасына татыктуу салым болуп калды. Биз ал көркөм жаралгалардын кыйласын мурунку параграфта талдоого алдык. Эми ХХ кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабиятынын көркөм-эстетикалык табиятын иликтөөнү каалайбыз. Бул ишке киришерден мурда дегеле көркөмдүк деген эмне, эстетикалык деген эмне, теориялык өңүттө баян кыла кетели.

**Көркөмдүк** – бул көркөм өнөр чыгармаларынын эң башкы сапаты. Албетте, кандай гана көркөм өнөр туундусу болбосун ал көркөмдүү болууга, көркөмдүккө ээ болууга тийиш. Бул талап көркөм адабияттын үлгүлөрүнө да таандык. «Литературный энциклопедический словарда» көркөмдүккө төмөнкүчө аныктама берилет: «**Көркөмдүк** чыгармачыл эмгектин жемиштеринин көркөм өнөрдүн аймагына таандыктыгын аныктоочу сапаттардын татаал айкашуусу» [101, с. 489]. Ошентип, көркөмдүктү аныктап турган сапаттар бар экен. Анда ал сапаттар, белгилер кайсылар? деген суроо туулат. Буга окумуштуулар ар ким өз түшүнүгүнө жараша ар башкача жооп айтышат.

Адегенде көркөмдүктү көркөм дөөлөттүн же көркөм чыгарманын сапаты катары алсак, демек ал коомдун руханий чөйрөсүнө (көркөм өнөргө) таандык. Ал эми руханий чөйрө **Акыйкаттыкка, Сулуулукка** жана **Жакшылыкка** таянат. Ошентип, көркөм-эстетикалык дөөлөттөрдүн коомдук-этикалык дөөлөттөрдөн бир принциптүү айырмачылыгы бар. Ал **чыныгы көркөм дөөлөт, чыныгы көркөм өнөр чыгармасы үч баалуулукка – таанып билүүчүлүк, эстетикалык, адептик баалуулуктарга** ээ болууга тийиш экендиги. Бул үчөө биримдикте келбеген көркөм өнөр чыгармасы толук баалуу боло албайт. Мына ушулар мазмунунан орун алган чыгармалар гана чыныгы көркөмдүккө ээ болушат, нукура көркөм дөөлөттөргө айланышат.

Ал эми **«эстетикалык»** сөзүнүн баштапкы (байыркы гректик) мааниси – сезимдик (көрүү жана угуу менен) кабыл алынуучу. Акыркы кылымдар аралыгында бул сөз адамдын реалдуулукту эмоциялык-баалоочулук өздөштүрүүсүн белгилеп калды.

Көркөмдүк менен эстетикалыктын карым-катнашына келсек, кээ бир окумуштуулар бул эки категорияны бирдикте карашат, айрымдары өз-өзүнчө ажыратышат. Чынында көркөмдүк чыгарманын бир гана белгисин берет. Ал эми эстетикалык категориясы өз тулкусуна көптөгөн

башка касиет-сапаттарды жуурулуштурат, б.а. анын мазмуну кыйла кеңири. Эстетикалык түшүнүгүнө кирүүчү касиеттердин айрымдары төмөнкүлөр: сонундук (сулуулук), серттик, бийиктик, пастык, трагедиялуу, комедиялуу, башаламандык, гармония (төптүк).

Нукура көркөм дөөлөттөрдө көркөмдүк менен эстетикалык (бардык касиет-сапаттары менен кошо) эриш-аркак жуурулушат. Дүйнөлүк адабий процессте мындай гармонияга жетишүү оңой-олтоң келе койбойт. Ал үчүн нечендеген кылымдар талап кылынат. Ал эми кыргыз профессионал жазма адабияты үчүн бир кылымга жетпеген мезгил жетиштүү болду. Мунун эң негизги өбөлгөсү – совет бийлигинин маданиятка, көркөм өнөргө бийик деңгээлде камкордук көргөнү экенин тануу кыйын.

Айкын болгондой, эстетикалыктын аймагы көркөмдүктүн аймагынан өлчөмсүз кеңири. Көркөмдүк ишмердүүлүктө эстетикалык үстөм болуп калат да, алдыңкы планга чыгарылат. Анткени бир гана көркөмдүк аркылуу калемгерлер өз ойлогондорун окурмандарына толук жеткире алышпайт, ошондуктан эстетикалыктын курамына кирүүчү башка компоненттерге кайрылууга туура келет.

**3.2. Коомдук өнүгүүнүн жүрүшүндө көркөмдүк-эстетикалык мазмундун алмашуусу.** Чындап келсе көркөм өнөрдүн жалпыга бирдей, универсалдуу, б.а. анын бардык түрлөрү үчүн жарамдуу аныктамасы жок. Ошентсе да кандайдыр бир жол менен көркөм өнөрдү көркөм өнөр эместен ажыратып таануу жүзөгө ашырылат. Бул интуициялык да, кесиптик да деңгээлде болуп өтөт. Көркөм өнөрдүн чыгармасы биринчи кезекте формасы (б.а. анын тышкы берилиши) боюнча таанылат да, утилитардык эмес (пайда көздөбөгөн) өзгөчө маданий дөөлөт катары кабыл алынат. Ар бир адам, керек болсо көркөм өнөрдүн назик сырларын билбеген адам да, жигит менен кыз кантип жолукканы тууралуу турмуштук ушакты Ч. Айтматовдун чыгармасынан, мисалы, «Жамийладан» же «Делбиримден» (экөөндө тең жогоркудай кездешүү бар), айырмалай алат, б.а. көркөм өнөрдүн туундусун тааный билет.

Бул мааниде Кыргызстан ССРдин курамында турган өткөн убактарда иш кыйла жеңил болчу, ал кезде түрдүү деңгээлдердеги көркөм кеңештер бар эле, анда Кыргызстан КП БКнын көзөмөлү астында советтик көркөм өнөр үчүн эмне жарамдуу экени, эмне жарамсыз экени катаал ажыратылып, аныкталып турчу. Албетте, кээде мында коомдук-тарыхый шартка жараша шык-дээрлүү адамдардын көрөңгөлүү чыгармачыл туундулары сынга илинип, бир далай убак кара сандыкка жабылып калчу, мисалы, Т. Сыдыкбековдун «Көк асабасы», Т. Касымбековдун «Сынган кылычы», К. Жусубалиевдин «Муздак дубалдары» ж.б., бирок окурманга тартууланган көркөм-адабий чыгармалар көпчүлүк учурда сөзсүз бийик маданий жана көркөм дөөлөттүк сапаттарга ээ болчу.

Жаңы базар мамилелеринин кирип келүүсү менен баары тескерисине өзгөрдү – окурманга абдан ар түрдүү адабий туундулар сунушталды, эми окурман өзүнүн кандай гана табитин болбосун өз тандоосуна жараша канааттандыра алат. Мындай эркиндик ага – окурманга жеңилдик апкелдиби?

Албетте, жок, иш татаалдашып калды. Мунун себеби, бүгүн сүрөткердин чыгармачыл ишмердүүлүгү көптөрдүн көзүндө жекече ишкердик ишмердүүлүккө теңдештирилип калганында да жатат. Б.а. азыр көркөм-адабий чыгармалар соода-сатыктын объектисине айланды. Бул көркөм өнөрдүн түп маңызын караңгылатып, көптөрдү адашууга апкелет. Муну XX кылымдын акырында жана XXI кылымдын башында кыргыз адабиятында жалаң акча табуу үчүн жазылган, эриккендердин жарпын жазууга арналган чыгарма сөрөйлөрдүн жайнап кеткенинен байкай алабыз. Кандай гана жазмакерлер чыгышпады, алар эмнелерди гана жазышпады?

Илимде коомдук-маданий өнүгүүнүн кыйчалыш мезгилдерин иликтеген эмгектер көп. Айрыкча, П. А. Сорокиндин бул жааттагы изилдөөлөрү өзгөчө кызыгуу жаратат [144; 145]. Анын идеялары маданияттын, көркөм өнөрдүн бүгүнкү кризистик өнүгүүсүнө түшүндүрмө берүү милдетин орундата алат. Алсак, П. Сорокиндин ою боюнча адамзат маданияты белгилүү бир баскычтарды басып өтөт, мисалга, түптөлөт, өнүгөт, кризиске кептелет, катарсистен өтүп тазаланат, анан харизмасы, же жылдызы жанып кайра жаралат. «Кризис-катарсис-харизма-воскресение – это способ, посредством которого была преодолена большая часть предыдущих великих кризисов» [145, с. 884]. «... главная тенденция нескольких последних десятилетий включает в себя a) нарастающий упадок чувственной культуры, общества и человека и b) появление и постепенный рост первых компонентов нового (идеационального или идеалистического) социокультурного строя» [145, с. 885]. Бирок буга жетишүү үчүн адамзат көп руханий-адептик күч-аракет сарптоосу зарыл. Анткени, азыркы техникалык өнүгүү дүйнөнү сактоочу кудуретке ээ эмес. Эң башкысы коомдук-маданий, руханий-адептик умтулууларга барып такалат. Окумуштуу П. А. Сорокин мындай дейт: «Искусство, как органическая часть культуры такого общества, выполняет очень важную культурную функцию. Оно не отделено от других фундаментальных социетальных ценностей: будь то **истина** и **добро,** патриотические и гражданские добродетели или **сама вечная красота.** Но когда искусство становится профессионализированным, художник отделен от публики, приобретая полную свободу от контроля проповедуемых ценностей, тогда ситуация уже чревата опасностью кризиса. Вместо того чтобы произрастать из недр культуры, такое искусство поддерживается лишь неустойчивой фантазией одного худож-

ника. Почва неглубокая, неустойчивая и сухая. Иногда она и создает гениальное произведение, но чаще, если не всегда, на ней произрастают поверхностные, пустые, гротескные псевдоценности. Зависимость профессионального художника от рынка, как мы видели, ведет к тому же результату. Художник, который помпезно провозглашает свою мнимую независимость, фактически становится детищем коммерческого бизнеса или босса, и тогда ему приходится отвечать их требованиям, какими бы вульгарными они не были» [144, с. 358]. Ошентип, А. П. Сорокин көркөм өнөр эч убакта **Акыйкаттык, Жакшылык, Сулуулук** дөөлөттөрүнөн кол үзө албай турганын жаземдебей баамдайт. Анын ою боюнча, көркөм өнөр базар мамилесине байланып калганда, анда кризис орун алат да, үстүрт, көңдөй, гротесктүү жалган дөөлөттөр алдыңкы планга чыга келет. «Мен эч кимге. – бийликке да, коомго да көз каранды эмесмин, эгеменмин» деген сүрөткерлер иштин чынында соода-сатыктын айлампасына тартылып, базардын учурдагы суроо-талабын канааттандырууга гана күч үрөйт. Кандай таамай айтылган ойлор! Азыркы шарт-кырдаалдын сүрөтүн дал өзүндөй тартып жатпайбы?!

Дүйнөгө белгилүү, бирок кыргызга анча белгисиз ойчулдун бул сөздөрү Кыргыз Республикасынын маданият, көркөм өнөр тармагындагы азыркы абалын кашкайта ачып берет. Азыр өлкөбүздө баары болбосо дагы, көпчүлүк көркөм өнөр ишмерлери базар талабына ылайык иштешет, өз чыгармаларын азыркы жапайы табитке ылайыкташат.

Натыйжада Кыргызстанда таптакыр жапайы көркөм өнөр базары пайда болду. Анда зор кирешелер, жалган жана кара санатай жарнама, профессионалдарды четке сүрүп салуу, сапаты төмөн товардын гүлдөөсү үчүн бардык шарттарды түзүү реалдуулук, ченем болуп калды. Адабият жаатында мунун айкын мисалы Жаныбек Жанызак аттуу басма ээсинин Айгүл Шаршен кызы, Нургүл Бейшен кызы өңдүү ж.б. жазмакерлердин адамдын, өзгөчө жаш муундардын аң-сезимин, психологиясын, көркөм табитин бузуучу зыяндуу, ыплас чыгарма сөрөйлөрүн көп нускада басып чыгарып, калкка кеңири жайылтып жатуусу болуп эсептелет. Мындан башка мисалдар да толуп жатат. Эми адамга эстетикалык ыракат тартуулабаган, аны моралдык-этикалык бийик касиет-сапаттарга чакырбаган, оң маанидеги маалыматтар менен камсыз кылбаган, тескерисинче, көңүлдү айнытып жийиркентүүчү, пастыкка, ыпластыкка жетелөөчү, пайдалуу маалымат бербөөчү суррогат чыгармалар жайнап кетти. Кызык жери, кээ бир графомандар (мисалы, Ч. Абыкеев) улуттук жазуучулар союзун жетектеп калган учурлар да баштан өттү. Ырас эле, ар бир доор өз «баатырларын» жаратат. Ошентип, эгемендүүлүк жылдарында көркөмдүк-эстетикалык мазмундун терс жакты карай олуттуу алмашуусу болуп өттү.

**3.3. XX кылымдагы кыргыз прозасынын көркөмдүк-эстетикалык сапаты жогору үлгүлөрүн баалоодогу өйдө-ылдыйлыктар.** Анткен менен XX кылымдагы кыргыз прозасы менен поэзиясында көркөмдүк-эстетикалык деңгээли жогору чыгармалар кыйла эле арбын. Бирок көркөмдүк-эстетикалык жаңылануу алып келген чыгармалар мезгилшартка жараша убагында туура баа албаганын, алардын реалдуу бааланышы үчүн убакыт талап кылынганын эскертебиз. Мисалы, 1936-жылы М. Элебаевдин «Узак жол» романы жаңы басылып чыкканда К. Маликов «Узак жол» тууралуу» деген макаласында аны терс баалаган ойлорун билдирген [104]. Бирок окурмандар журту аталган романды терең кызыгуу менен кабыл алган. Анткени анда XX кылымдын башындагы кыргыз тарыхынын эң бир аянычтуу, эң бир трагедиялуу учуру элестүү жана чындыктуу тартылган. Кийин дагы аталган чыгарманын баркы төмөндөтүлүп каралып келди. Алсак, К. Асаналиевдин баасы мындай: «Чынында да турмуштук майда-чүйдөлөрдү көркөмдүк жалпылаштырууга айландырбай эле сүрөттөй берүү чыгармага натуралисттик тенденция киргизет» [31, 22-б.]. Бирок мезгилдин өтүүсү менен көпчүлүк кыргыз адабиятчылары «Узак жол» романынын чыныгы көркөм дөөлөттүк касиетин туура түшүнүп, романдын барган сайын баркы жогорулап отуураарына ишенишкен. Азыркы учурда «Узак жол» реалисттик типтеги роман [126, 176-б.] деген илимий тыянакты бардык адабиятчылар колдошот. Чыгарманын мааниси – ал жаңы түптөлгөн кыргыз профессионал жазма адабиятына реалисттик эстетиканын өнүмдөрүн киргизгенинде жатат. Бул романдагы баяндоо ойдон чыгарууга эмес, турмуш чындыгына негизделген, ошол себептен күнү бүгүнкүгө чейин көркөмдүк-эстетикалык маанисин сактап отурат. Ал доордун жүзүн таңгаларлык чынчыл тартып берет. Автор өзүнүн көргөн-билгенин кайра түзүп эле тим болбой, жекече баасын да берип кетет.

Классикалык мисалды келтирсек, Чыңгыз Айтматов өзүнүн түбөлүктүү шедеврлеринин бири болгон «Жамийла» повестинин журналдык вариантын («Обон») жарыялаган чакта ага кыргыз калемгерлер коомчулугу өгөйлөгөн мамиле жасашкан. Бул тууралуу К. Асаналиев [33, 138-б.], А. Садыков [97, 446-б.], О. Ибраимов [76, с. 43] ж.б. өздөрүнүн изилдөөлөрүндө эскеришет. Ошондой болсо да «Жамийла» повести элүүнчү жылдардын аягында кыргыз прозасынын көркөмдүк өнүгүшүнө жаңы багыт ачты» [45, 155-б.]. Бул багыт адабий туундуда автор өз кейипкеринин тагдыры аркылуу адеп-ахлактык дөөлөттөргө карата өз позициясын билдирүүсү болуп саналат. Жамийла көндүм болгон адеп-ахлактык түшүнүктөрдү кыйратат, ал өмүрдө өз сүйүүсүнө жетүү маанилүү деген ойду жарыялайт. Бул негизги автордук идея болуп саналат. Көркөмдүк-эстетикалык табиятынын жаңылыгынан улам

чыгарма алгачкы учурда бир аз чоочуркай кабыл алынат, бирок кийин нукура көркөм дөөлөткө айланат. Ал гана турсун, XXI кылымда да Европа өлкөлөрүндө кайта-кайта басылып чыгып, китеп дүкөндөрүндө көпкө жатпай таркалып кетип, өзүнүн чыныгы көркөм дөөлөттүк касиетин далилдөөдө.

Кыргыз совет прозасынын, өзгөчө романистикасынын бийик көркөм-эстетикалык туундусу болгон У. Абдукаимовдун «Майдан» романы да дароо эле оң баалана калган жок. Адегенде анын дарегине ар түркүн сындар айтылды. Муну А. Токомбаев баштап, «Майдан» романы жөнүндө учкай сөз» аттуу макаласын жарыялаган [157]. Натыйжада иш романды Кыргызстан Жазуучулар союзунда талкуулоого чейин жеткен. Мында адабиятчылардын пикирлери ажырымдалып, бирлери сынды колдоого алып андан ары улантышса, башкалары романга карата ошондо эле калыс бааларын айтып чыгышкан. Бул окуялар тууралында адабиятчы С. Алахан «Узакбай Абдукаимов жана «Майдан» талкуусу» деген изилдөөсүн жарыялап, анда романга жана анын авторуна кандай чабуул жасалганын кеңири баяндап берген [23]. Кийин болсо аталган роман кыргыз совет адабиятынын шедеврлеринин катарын толуктап калды. Бүгүн бул чыгарма «У. Абдукаимов «Майдан» аркылуу «психологиялык роман» деген дефиницияга туура келген новаторлук чыгарманы жаратып, адабият тарыхынан өзүнүн өчпөс ордун ээлеп калды» [129, 180-б.] деп бааланат. Автор чыгармасында адамдын абдан татаал, карама-каршылыктуу психологиялык дүйнөсүнө чебер сүңгүп, адам жашоосундагы адеп-ахлактык дөөлөттөрдүн бийик маанисин айкын ачып берген. Ал романда трагедиялуу жагдайлар бар, ошол эле учурда **акыйкаттыкка, жакшылыкка, сулуулукка** басым коюлат. Мына ушунусу менен аталган чыгарма көркөмдүк-эстетикалык табияты боюнча кыргыз прозасынын жаңы бийиктигин багынтат.

Жогоркудай эле мыкты романдардын бири саналган Т. Касымбековдун «Сынган кылычы» да 1-китеби чыгаары менен кайчы пикирлерге капталган. Эң башында эле адабиятчы М. Борбугулов романга олуттуу доомат коюп чыккан. Анын ою боюнча «Т. Касымбековдун романында тарыхый фактылар үйүлүп-жыйылып көп чогултулуп, бирок алар чыгармачылык «иштетүүдөн» өтпөгөн, бүгүнкү күндүн социалдык жана эстетикалык тажрыйбалары менен кыйыштырылбаган» [44]. «Сынган кылыч» романына байланыштуу материалдар «Рухту көтөргөн улуу сөз» деген жыйнакта топтоштурулуп берилген. Андагы жазуучунун өзүнүн эскергенине караганда, чыгармасына карата оң-тетири пикирлер айтылганына байланыштуу автор романдын айрым жерлерин жумшартып кайра иштеп чыгууга мажбур болгон [122, 82-б.]. Азыркы кезде бул роман кыргыз адабиятынын «…алтын фондусунда кала турган эң мыкты жаратман-

дардын бири катары эсептелинет» [130, 353-б.]. Филология илимдеринин доктору Г. М. Мурзахмедова романды абдан жогору баалап, мындай пикирин ортого салат: «Касымбеков не пошел упрощенным путем простого описания исторических событий. Осмысливая их с точки зрения передовых идей своего времени, домысливая новые эпизоды, он, таким образом, создал произведение искусства, один из образцов новой реалистической кыргызской литературы» [111, с. 115]. Биз аталган роман жаңы реалисттик кыргыз адабиятынын жөнөкөй үлгүсү эмес, бийик үлгүсү деп толуктайт элек. Ушул чыгарманын адабий коомчулукта кабыл алынышы жана бааланышы бизди көркөм дөөлөттү баалоо өтө татаал экенине дагы бир жолу ынандырды. Биздин көзүбүз жеткен чындык – талданган роман тарыхый акыйкаттыкты ташка тамга баскандай даана ачкан нукура көркөм дөөлөт, асыл нарк, баалуулук экендиги. Анын үстүнө аталган чыгарма кыргыз жазуучулары арасында да, окурмандары арасында да тарыхый тематикага зор кызыгуу жаратты.

Ушул өңдүү эле тагдырга Т. Сыдыкбековдун «Көк асаба» романы да кабылат. Бул чыгарма автор тарабынан алтымышынчы жылдары жазылып, үзүндүлөрү «Ала-Тоо» журналына жарыяланган. Анда байыркы учурдагы, тагыраак айтсак, VI-VIII кылымдардагы енисей кыргыздарынын мамлекети, алардын башка элдер менен алака-катышы, карманган саясаты, жоокерчилик турмушу көрсөтүлөт. Романда мурда эч ким жаза элек теманы иштеп чыгып, тээ алыскы доорлордогу кыргыз тарыхынын салтанаттуу жана кайгылуу элестерин тартып берген. Чыгармада байыркы кыргыздардын адеп-ахлактык дөөлөттөрү, **өмүр, өлүм, жакшылык, жамандык, мекен, эл** баалуулуктарына жасаган мамилелери ынанымдуу ачылган. Аталган роман жана башка бир катар чыгармалар 1971-жылы 22-мартта Кыргызстан Жазуучулар союзунда талкууланган. Ошол талкууда Ч. Айтматов чыгармага карата милитаризмдин духундагы роман деген айып таккан [29, 441-б.]. Натыйжада роман өзүнчө китеп түрүндө чыкпай, бир далай жылдар кара сандыкка бекитилип жатат. Ошентип, роман коомго объективдүү керек чагында жарык көрбөй калган. Ал 1989-жылы гана толук басылып чыккан. Бирок али күнчө өзүнүн татыктуу баасын ала элек. Биздин оюбузча, бул чыгарма XX кылымдагы кыргыз прозасынын көркөм-эстетикалык бийиктиктеринин бири болуп саналат. Элестүү айтсак, Т. Сыдыкбековдун «Көк асабасы» кыргыз эли жашап турган чакта желбиреп тура берет, б.а. бул романдын көркөм дөөлөттүк мазмуну, көркөмдүк-эстетикалык табияты алдыңкы жылдарда жакшылап ачылат да, кийинки кылымдарда да ошол баасын жоготпой сактайт.

Кыргыз прозасына тийиштүү жаңылыш баалоонун дагы бир мисалына кайрылсак, К. Жусубалиевдин «Муздак дубалдар» аттуу романы 1969-жылы жазылып, бирок 1991-жылга чейин жарык көрбөй жаткан.

Адабиятчы К. Артыкбаев бул чыгармага төмөнкүчө баа берген: «Жазуучу К. Жусубалиевдин «Муздак дубалдар» романын окумак болгон окурмандардын кыйналып окуй тургандыгынан күмөн санабаса болот. Биринчиден, бул чыгарманын мазмуну романдык формага эмес, аңгемеге, же чакан повестке гана ылайык. Бул чыгармада бар болгону Арыков деген дейди чалыш жигиттин образын түзүү аракети гана бар. Арыковдун зоологиялык музейде иштей калып, андан чыгып кеткен, билими жогору, биолог, китепти көп окугандыгынан автор кабар берет. Ал меймандостук чөйрөгө туш болуп, сый-урмат көргөндөн да азап чегет, киши көпүрөдөн өзүн таштап жиберди деп башкалар дүрбөлөң түшсө, ал силер барып келгиле, мен отуруп турам деп коёт, өзүнүн айылдаштары жолукса, аларды тааныбайт, бир жигит жыгылып калса, аны мас экен деп балдар үстүнө сийсе, Арыков аларды карап жөн турат, театрды жек көрөт, кайда барарын билбей каңгырап басат, атасы экөө ит менен мышыктай, атасы эки көзү толо куржун көтөрүп тепкичтен чыкса, куржун көтөрүп келатканын көрбөй калат, саратандын үнүн укса шолоктоп ыйлайт, атасы канча жашта экенин билбейт, атасынын колтугунда тигилген калтасындагы акчадан төлөп коём деп капарсыз. Кыскасы, 60-жылдарда жашап жаткан мына ушундай жигиттин турпатынан кабар берет» [29, 605-606-бб.]. Көрүнүп тургандай, бир ооз да жылуу сөз, объективдүү адабият таануучулук талдоо жок. Бул көркөм өнөр чыгармасына жеке субъективдүү табиттен берилген баа. Бирок айрым адабиятчылар бул чыгарманын кунун өз убагында эле даана баамдай алышты. Алсак, чыгарманын үзүндүлөрү 1988-жылы «Ала-Тоо» журналына чыгары менен А. Эркебаев ага жылуу пикирин арнады. Окумуштуу мындай дейт: «К. Жусубалиевдин романында, ачыгын айтуу керек, жөнөкөй кыргыз адамынын рухий жалгыздык жана обочолонуу, патриархалдык аң-сезимдин традицияларынан кол үзүү шартындагы турмуштук философиясы биринчи жолу ушундай курч, психологиялык так ачылып отурат» [173, 247-248-бб.]. Окумуштуу, адабиятчы А. Кадырманбетова «…К. Жусубалиев кыргыз адабиятына жаңы багыт, жаңы нукту алып келген оригиналдуу жазуучу» [82, 39-б.] деген бааны ыйгарат. Профессор О. Ибраимов баалуулуктук өңүттөн пикир айтат: «К. Жусубалиевде баяндоо манерасы дагы, баалуулуктар шкаласы дагы, азыркы адамдын маңызын, адам жашоосун түшүнүүсү дагы таптакыр башкача» [76, с. 352]. Биз К. Жусубалиев өз чыгармачылык жолунда чоң калем акылар үчүн иштеген жок, ал чыныгы көркөм дөөлөт жаратуунун үстүнөн иштеди деген ойдобуз. Анын негизги жетишкендиги – кыргыз профессионал жазма адабиятындагы роман жанрын көркөмдүк-эстетикалык жактан да, түзүмдүк жактан да жаңылоого салым кошуусу. Албетте, салттуу романдарды окуп көнүп калган окурмандар баяндоонун удаалаштыгы

сакталбаган, окуялар тизмектеле келбеген, чиеленүүсү менен чечилүүсү болбогон адаттан тыш чыгарманы окуудан кыйналды. Бирок романда адамдын – жеке алсак, Арыковдун ички дүйнөсүнө, психологиясына үңүлө кароо башынан аягына чейин уланат. Бул кейипкер чынында К. Артыкбаев баалагандай дейди чалыш жигит эмес. Анын көзү адам турмушунда, коомдо болуп жаткандын баарын көрөт жана баалайт. Ал адеп-ахлактык сапаттары, тутунган дөөлөттөрү боюнча кыйла бийик тепкичте турган адам. Биз муну далилдөө үчүн романдын айрым эпизоддорун талдоого аргасыз болдук.

Туура, К. Жусубалиевдин бул романы көлөмү боюнча «Каныбекке», «Тоо арасындага», «Майданга», «Боордошторго» ж.б. биз окуп жүргөн кыргыз романдарына салыштырмалуу чакан. Бирок мазмуну алардан ашып түшпөсө, эч кемибейт. Роман жүз элүү беш беттен турат. Биздин оюбузча, чыгарманын баркы-баасы бетинин аз же көбүндө эмес, маселе анын эпикалык арымында. Ал эми бул чыгарманын арымы бүтүндөй бир доорду, советтик доорду камтып жатпайбы?!

«Муздак дубалдарды» аңтара окусак, анда өзгөчөлүккө ээ каармандар арбын, андагы эпизоддук кейипкерлер да бири биринен айырмаланган оригиналдуулукка ээ. Мисалы, Кара Бактын Ээси, молдонун кызы, Алим, Анаң, Калча, Арыковдун Чоң энеси, тааныш жазуучусу, атасы, Жунус карбалас, Уулбай чал, дудук дубана, мас орус киши, музейдин директору, Ноопуруш (узун бойлуу) киши ж.б. Булардын көбүнө чыгармада кыска-кыска гана сүртүмдөр берилсе да, ар кимиси өзүнчөлүккө ээ персонаждар. Алар – кадимки жашоодогу бири-бирине окшобогон адамдар. Алардын кылык-жоругу күүлдөп-шаалдаган, учукыйыры билинбеген, барар жери, бүтөр чеги көзгө илинбеген адам турмушунун дал өзү.

К. Артыкбаевдин кыртышы сүйбөөсү: «Ал меймандостук чөйрөгө туш болуп, сый-урмат көргөндөн да азап чегет, киши көпүрөдөн өзүн таштап жиберди деп башкалар дүрбөлөң түшсө, ал силер барып келгиле, мен отуруп турам деп коёт». Романда Арыков эч бир жерде мейман болбойт. Бирок айта кетер нерсе, биздин аш-тойдон калбаган «интеллигенттерибизден» – деги эле көпчүлүгүбүздөн Арыков кезээрип ачка жүрсө да, адеп-аклактык жагынан миң эсе артык. Ал эми отуруп алганы болсо, башканын кайгысы ал үчүн оюн-зоок эмес, андай бекер тамашага адамдык ариети төмөн, кишичилиги аз көрпенделер гана кызыгышат. Ошол эпизодду мисалга келтирели:

«Жанагы бала кайра бир балээден корккондой эшиктен чуркап кирди.

– Бир киши көпүрөдөн өзүн таштап жиберди. Мен чабак билбейт элем. Кейпи арак ичип алган окшойт, - деди ал экөөнө зор иш бүтүргөндөй карап.

– Ой, жүр көрөбүз!

Алим өмүр бою ушул кабарды гана күтүп ушерде зарыгып отургандай эшикке жүгүрдү. Арыков ордунан козголгон да жок.

– Жүрбөйсүңбү? – деди Алим.

– Каякка? – деди Арыков калп эле билмексен болуп.

– Уккан жоксуңбу?

– Уккан жокмун. Мен отуруп турам, сен барып кел, - деди Арыков. Ал кеткенден кийин акырын чыгып кетип калууну ойлоду. Алим ичинен сөгүп туруп кетип калгансыды» [69, 37-бет].

Көрүнүп тургандай, Алим кырсыктуу окуяга издесе табылгыс таңтамаша катары карап жатат. Мына ушундай мамилени жан-тенинде кабыл ала албаган Арыков аны ээрчип адеп-аклаксыз оюн-шоок көрүүгө кашая каршы чыгууда.

Бул окуяга чейин ал өзү мурда чогуу иштеген жолдошу Алимге, Зоологиялык музейге келген эле. Ошол жерде осол окуяга туш болуп, Алим менен кантип коштошорун билбей, аргасыз сүйлөшүп турган. Ал окуя Арыков «театрды жек көрөрүн» толугу менен жокко чыгарат. Акыйкаттык, чындык үчүн мына ошол эпизодду да буруу-терүүсү жок берели:

«– Театрга барып жүрөсүңбү?

– Ой, ананчы. Бирөөнү да калтырбайм, бир спектаклге катарынан он жолу бардым окшойт. Эсебине да жетпей калдым. Бүгүн да барбайлыбы? Биз Айнаш экөөбүз Корнейчуктун «Гамлет» деген трагедиясына билет алып койдук. А-аа, сенин атаң келет да бүгүн. Ой, атаңы да ала барабыз.

– Шекспирдин де! – деди кара көшөгөнүн артындагы кыздын үнү.

– Ой, койчу. Корнейчуктуку го? – деди Алим чын ыкласы менен таң кала каршы болуп.

– Корнейчуктуку менимче, – деди Арыков. Бул жолу анын күлкүсү келген жок. Кара көшөгөнүн артындагы кыз жаны чыгып талашып кирди.

– Көрдүкү болсо да бүгүн барабыз го, ошондо билебиз. Сен барасыңбы? – деди Алим Арыковго кайрылып.

– Эгер Шекспирдики болсо барбайм, – деди Арыков. Алим менен кыздын ортосундагы талаш кайра дагы башталды. Акыры кыз кара көшөгөнүн артындагы эски диванды кыйчылдата ордунан турду да экөөнө чыга келди. Кыз да аябай чырайлуу, Алимге куюп койгондой окшош эле.

– Сиз да университетти бүткөнсүзбү? – деди кыз түз эле Арыковго.

– Биологиялык факультетин, – деди Арыков момурап.

– Кайран университет силерге! – деди кыз экөөнү жеп жиберчүдөй. Анан булак этип эшикке чыгып кетти» [69, 33-бет].

Бул жерден Арыков театрды жек көргөнүн таба албайбыз. Ал болгону чала сабат Алимди кыздын алдында уят кылбайын деп жатат. Анан калса биздин каарман биолог эмес. Ал болгону өзүнүн адабиятты начар билерин (чынында мыкты эле билет, жолдошун шерменде кылбоо үчүн «Гамлет» Шекспирдики эмес, Корнейчуктуку деп коштоп отурат) актоо үчүн биологиялык факультетте окуганмын деп койду. Муну романды терең түшүнө, бериле окуган сезимтал окурман илгиртпей эле түшүнөт. Андан сырткары бул үзүндүдө автордун өзүн интеллигент сезген, бээ десе төө деген кейбирлерге болгон мыскылы камтылган. Ал эми андайлар советтик мезгилде деле толтура болчу, күнү бүгүн деле коомдун бардык чөйрөсүндө өрүп жүрүшөт. Анан да жогорку билимдүүмүн, илимпозмун деп бой көтөрүшкөндөрүнө не бересиң?!

Дагы бир өтө жаңылыш жөөлөмөйдү алалы: «…бир жигит жыгылып калса, аны мас экен деп балдар үстүнө сийсе, Арыков аларды карап жөн турат». Бул турушу менен бурмалоо, же адабиятчыбыз романды окубай эле, жөн салды барактап тим болгонун көрсөтүүчү мисал. Анда көңүл буруңуз:

«Далдайып эси эки болуп, такымдары өзүнөн-өзү бүгүлүп бараткан, өмүрүндө биринчи жолу жүрөгү таштай оордоп үзүлүп бараткан сезди. Эмнеси мынчалык мокок бычак менен ыйкагандай ооруганын билбеди. Кыйган мажүрүм талдай көпкө чейин теңселип желпинип барып анан алдынан бирөөлөр от жагып жаткандай ып-ысык жерге бети менен жыгылып түштү. Арыков «тозоктогу кишилер от жагып жатышат, өлөт деген ушул турбайбы» деп ойлогонго гана үлгүрдү. Жүзүнүн ысып күйгөнүн сезсе да тырп этерге чамасы келген жок. Ал баягы ышкырынган мелисанын жанына акырын басып келип буттарына тепкилегенче: «азыраак ичпейсиңби кысталак, жаш эле неме экенсиң» дегенин, анан эч нерсенин дайыны угулбагандан кийин жолдун чекесине сүйрөп салганын, анан кайдан-жайдан чычаладай күнгө күйгөн жаш балдардын тобу аны таңыркап ороп алгандарын, таңыркагандары жазылгандан кийин айак-буйакты уурдана бир карап алып, алардын ичинен бирөө, аябай кайкалаганча ага карата ойку-кайкы чыркатып сийгендигин, калгандарынын буга өлө тамаша кылып каткыргандарын, анан муну чоң кара сумкасына толтура базарлык кылып аны улам бир колунан экинчисине которуштура коюп тердеп-тепчип көтөрүп бараткан бир орто жаш катын көрүп, чырылдап сумкасын жерге коё койгондо жүзүм-алмалары жерге чачылып кеткендигин, анан «кокуй экенсиңер, пусурмансыңарбы, же айбансыңарбы, пашарт жүрөгү оорулуу неме болуп жүрбөсүн, бу түбүң түшкөн күн кандай тийип турат, башын

көтөрүп койгулачы» деп чырылдаганча алма-жүзүмүн кайра сумкасына салып болгондон кийин гана ага чуркап келгенде балдардын качып кеткендерин, билбеди да, көрбөдү да, укпады» [69, 94-95-беттер]. Бул жерде сөз Арыковдун дал өзү, анын аптаптан эси ооп жыгылышы жөнүндө жүрүп жатпайбы?! Муну сокур гана көрбөй койбосо…

Арыковдун атасы менен тоңдоосун, сыпайы мамилесинин себеби деле романда ачык тартылган. Ал атасынын биринчи аялынан көргөн баласы, Арыковдун апасы бала эс тарта электе каза таап, ал чоң энесинин колунда өскөн. Атасы ал чоңойгуча уулум экен деп назар салган эмес. Окуп жүргөндө да бир каралашып койбогон. Арыков да кичинесинен эле аны атасы катары көңүлүнө илбеген. Анын бардык түйшүгүн романда баш тамга менен берилген Чоң эне көтөргөн. Чоң эне кара жерге берилгенден бери атасы экөө көрүшө элек болчу. Анан эле каттагандардан ана барам, мына барам деп айттырып калып отурбайбы?! Бул да болсо турмуш чындыгы. Азыркы заманда татынакай үй-бүлөсүн, бала-чакасын таштап, башка бүлө күтүп кеткен байлыгына, бийлигине, б.а. жалган дөөлөттөргө эсирген пенделер арбын эле кездешип жатпайбы?! Мындай иштерге эч ким таң калбай деле калбадыбы?! Көрүнүп тургандай, К. Жусубалиевдин романы турмуш чындыгын акыйкаттуу ачып берет.

Ошентип, кыргыз адабиятына жаңы дөөлөттүк багыт, жаңы көркөмдүк-эстетикалык нук алып келген роман учурунда чыныгы баасын албай калган, азыр деле анын мазмунуна жете түшүнүп, туура баалагандар сейрек.

Мисалдардан көрүнүп тургандай, бийик көркөм-эстетикалык сапаттарга ээ көркөм дөөлөттөр дароо эле калыс баасын ала койбойт. Андай болуш үчүн автордун, персонаждын, окурмандын дөөлөттүк багыт алуулары дал келиши, алар тутунган адеп-ахлактык дөөлөттөр бирдей болушу зарыл.

**3.4. XX кылымдагы кыргыз поэзиясынын көркөмдүк-эстетикалык деңгээли бийик туундуларын баалоодогу калпыстыктар.** Эми кыргыз совет поэзиясындагы көркөмдүк-эстетикалык ачылыштар кандай кабылданып, кандай бааланганына назар салалык. Жаралгандан тартып үгүтчүл-насыятчыл мүнөздө өнүгүү жолуна түшкөн кыргыз совет поэзиясына чыныгы көркөмдүк-эстетикалык жаңылануну Алыкул Осмонов алып келгени азыр эки жерде эки төрт дегендей эле белгилүү. Бул акындын чыгармачылыгын изилдегендердин көпчүлүгү ушул пикирди кармашат [88; 125; 166]. А бирок А. Осмоновдун чыгармачылыгындагы көркөмдүк-эстетикалык бурулуш болгон «Махабат» ырлар жыйнагы жарык көргөндө аны сындап чыккандардын катары калың болгон. Алсак, М. Алыбаев «Махабатты» окуп чыгып, жалаң гана так жазылбай тантыгандык бар экен десек, саясы жагынан да жаңылыш пикирлер да бар экенди-

гин учураттык», [26] - дейт. Ж. Самаганов болсо адатынча эле «өткөн заманды бир жактан карап, идеализациялоо деген ушул» [138] деп жыйынтык чыгара салат. Ал эми бүгүнкү күндүн бийиктигинен туруп карасак, академик А. Акматалиев «Махабат» жыйнагы – кыргыз поэзиясынын жаңы этаптык башталышын белгилеген жыйнак болуп эсептелет» [12, 550-б.] деген тыянакка келет. Ошентип, бүгүн «А. Осмонов кыргыз адабиятынын тарыхында өчпөс изин калтырган оригиналдуу акын…» [127, 147-б.] экендигинен дээрлик эч ким шек санабайт. Акындын чыгармалары кыргыз окурмандарынын жүрөгүнөн терең түнөк тапкандыктан көзү өткөндөн кийин да байма-бай жарыяланып келатат. Ал гана эмес күнү бүгүнкүгө чейин чет тилдерге да которулуп басылууда. 1995-2000-жылдар аралыгында ырлары кыргыз жана англис тилдеринде катарлаша орун алган үч жыйнагы басылып чыкты. Бул да болсо ал жетишкен көркөмдүк-эстетикалык жаңылануунун татыктуу баасын алуусу. Анткени, А. Осмоновдун поэтикалык туундуларынын ичинде көркөм дөөлөттүк касиет-сапатка ээ чыгармалар оголе арбын. Анын поэзиясын элестүү түрдө өзүнчө эле бир көөнөргүс көркөм дөөлөттөрдөн турган зор кенч, казына десек жаңылбайбыз.

Албетте, XX кылымдагы кыргыз профессионал поэзиясынын таланттуу өкүлдөрү арбын. Анан калса алар жараткан көркөм дөөлөттөр дагы мол. Кичинекей бир мисал келтирсек, Ж. Турусбековдун «Эсимде» аттуу лирикалык ырына обон чыгарылып, элдик ырга айланып кеткен. Анткени, бул ырда сезимдерди кытыгылаган назиктик бар, асылдыкка, б.а. сулуулукка суктануу орун алган. Анан калса ырдан бийик моралдык-этикалык дөөлөттөрдүн илеби уруп турат. Анда ыпластыкка, бузукулукка эч орун жок. Акын керек десе жалгыз ушул ыры менен кыргыз поэзиясынын төрүнөн ардактуу орун ээлей алат.

Кыргыз совет поэзиясынын өнүгүү жолунда Алыкул Осмоновго тете көркөмдүк-эстетикалык бийиктикти жараткан акындарыбыздын бири – Сүйүнбай Эралиев. Анын чыгармачылыгы да адабият таанууда оош-кыйышы менен кабылданган. Өзгөчө ал ак ыр же эркин ыр формасында өз күчүн сынаган маалда анын дарегине бир далай ачуу сындар айтылган. Мисалы, 1964-жылы «Өмүрлөргө, жылдыздарга саякат» поэмасы «Ала-Тоо» журналына жарыяланганда «газета, журнал беттеринде аны кубаттаган жана ага каршы айтылган ар түрдүү мазмундагы макала, рецензиялар пайда болду» [97, 558-б.]. Кыргызстан Жазуучулар Союзунда поэма талкууланып, «аны жактоочулар да, сындоочулар да болуп, отургандар экиге бөлүнүп кетишкен. Ал жагдайда салкын кандуулукту, калыстыкты күтүү кыйын эле», [36, 52-б.] - деп эскерет окумуштуу Т. Аскаров. Поэманын автору болсо ал жарык көргөндөн кийинки абалды талдап келип, чыгармасын «…өз мезгилинен эртерээк

жаралып калгандыгы байкалып турду» [171, 92-б.] деп баалайт. С. Эралиевдин эркин ыр жаатындагы тажрыйбасы талаш-тартыш туудурган маалда аны Ч. Айтматов жылуу сөзү менен колдоп чыгат. Ал «Советская Киргизияга», андан соң «Правдага» «Открытие берега» аттуу макаласын жарыялап, анда мындай дейт: «Ал өзүн ушул адат болгон, мейли ал эң сонун өздөштүргөн рифмалар менен салттуу поэтикалык образдарда баары бир кысылган сезгени, ал өзүн аябай, жаңы, ага замандаш турмуштун мазмунун, өз замандаштарынын ойлорун, сезимдерин жана толгонууларын толугураак, тереңирээк, эмоциялуураак, күчтүүрөөк берүү үчүн кыргыз ыр курулушунда жаңы форманы, жаңы ритмиканы издөөгө баш урганы кандай жакшы» [5]. Ошентип, «Өмүрлөргө, жылдыздарга саякат» поэмасы оң бааланууга жетишет.

Ушуну менен эркин ырдын тегерегинде талаш-тартыш токтоп калбайт. Ал 1968-жылы «Кыргызстан маданияты» жумалыгынын беттеринде «Акындарга үч суроо» [14] анкетасы чыкканда андан ары уланат. Газета беттерине акындардын жооптору эки-үч ай бою жарыяланат. Адегенде нары кызыктуу, нары адабий-теориялык жактан маанилүү талкууга Т. Үмөталиев, Б. Сарногоев [15], андан кийин С. Жусуев, Р. Рыскулов [16], К. Маликов [17], Т. Кожомбердиев [18], А. Токомбаев [19], Т. Сыдыкбеков, А. Садыков [20], А. Токтомушев [21], К. Асаналиев [22] тартылышат. Ал талкууларда эркин ырга карата өтө жериген пикирлер да, аны колдогон ойлор да орун алат. Талкуунун жыйынтыгын К Асаналиев чыгарып, С. Эралиевдин ак ыр формасында жазылып, “...жарыкка чыккан үч поэмасы ак ырдын поэтикалык мүмкүнчүлүктөрү өтө кеңири, перспективалуу экенин далилдейт” [22] деген чынчыл оюн билдирип, верлибрдин кыргыз поэзиясында андан ары өнүгүүсүнө жол ачат. Натыйжада верлибр формасынын кыргыз поэзиясында жашоосу андан ары уланып, дагы нечен таланттар бул формага кайрылып өз чыгармаларын жаратышат.

Жогорку эки мисалдан кыргыз совет поэзиясынын өнүгүүсүндө көркөмдүк-эстетикалык жаңылануулар, ачылыштар ар качан эле кош колдоп колдоого алынбаганы, алар акырындык менен гана өздөрүнүн чыныгы ордун табышканы бизге ачык-айкын болду. Албетте, жазма поэтикалык салттары ушул кылымда гана жаңы түптөлгөн адабият үчүн бул абдан эле мыйзам ченемдүү, мүнөздүү көрүнүш.

Маданий салттар жаңылануугa, өзгөрүүгө дуушарланып жаткан азыркы учурда өткөндөн калган көркөм дөөлөттөргө карата мамиле да жаңылана баштады. Дүйнө азыркы күндө көркөм-эстетикалык тажрыйбанын, көркөм-эстетикалык аң-сезимдин болмушунун жаңы этабынын босогосунда турат. Алсак, кыргыз совет адабиятында бир кылымга чукул аралыктын ичинде жаратылган көркөм туундулардын көбү азыр

окулбай, каралбай, адамга эстетикалык ыракат тартуулабай калды. Адабиятчы-окумуштуулардын бир даары маданий өнүгүүдөгү мындай кубулуштун түпкү себебин издей келишип, аны ал кездеги социалисттик реализм эстетикасынын чектелгендигинен көрүшүүдө [34, 86-141-бб.]. Социалисттик реализмге болсо советтик жазуучулардын 1-съездинде төмөнкүдөй аныктама берилген эле: «Социалисттик реализм советтик көркөм адабияттын жана адабий сындын негизги методу болуу менен бирге, ар бир сүрөткерден турмушту революциялык өнүгүштө чыныгы, тарыхый-конкреттүү сүрөттөөнү талап кылат. Ошону менен бирге турмушту чыныгы жана тарыхый-конкреттүү сүрөттөө, эмгекчилерди идеялык кайра жаратуу жана социализмдин духунда тарбиялоо максатына айкалыштыруу керек» [117]. Бул саптарды абай салып карасак, калемгердин эркиндигин чектеген учурлар байкалбайт. Балакет башкада болуп жатат. Ал мезгилдин, доордун мүнөзүнүн өзгөрүшү менен адамдардын дагы жаңылануунга умтулуп, жаңы тарыхый кырдаал-шартта үстөмдүк кылып турган идеяларга жетеленип кеткендиктеринде.

Дүйнөлүк адабияттын тарыхына көз чаптырсак, андагы көркөм дөөлөттүк баага татыган чыгармалардын көбү эмнеси менен айырмаланган да, эмнеси менен көркөм дөөлөттүк касиетке жетип, биздин күндөргө чейин окумдуулугун, таасирдүүлүгүн жоготпой келишкен? деген суроого жооп табуу маселеси алдыга коюлат. Алалы, антик маданиятынын туундулары болгон Гомердин «Илиада» жана «Одиссея» поэмалары, Софоклдун, Эсхилдин, Эврипиддин, Аристофандын драмалары, Сапфонун, Алкейдин лирикалары, Кайра жаралуу доорунун өкүлдөрү Дантенин, Боккаччонун, Рабленин, Петрарканын, Чыгыштын чыгармачыл инсандары Калидасанын, Ашвагхошанын, Шудраканын, Амарунун, Конфуцийдин, Лао-цзынын, Ли Бонун, Ду Фунун, Басёнун, ж.б. дүйнөлүк маданияттын тарыхында ысмы калган жаратман адамдардын чыгармалары эмнеси менен адамды өзүнө тартып, азыркы учурда да маанисин жоготпой келүүдө?! Алар да өз чыгармаларында кандайдыр бир деңгээлде өздөрү жашаган доордун жүзүн чагылтышкан. Ошол эле мезгилде булардан башка дагы чыгармачыл адамдар өз чыгармаларын жаратып, эл ичине таратып келишкен. Ал туундуларда аты аталган инсандардын чыгармаларына коошпогон ойлор орун алган. Демек, алар дагы кандайдыр бир идеялардын туткунунда болушкан.

Мына ушундай көрүнүш кыргыз профессионал жазма адабиятынын залкарларына да тиешелүү. Алар дагы өз мезгилинин, өз доорунун рухун чыгармаларында чагылтып, өз мезгилиндеги идеяларды колдоп келишкен. Муну кыргыз профессионал жазма адабияты жаралган, түптөлгөн мезгилдеги, андан кийинки бир кылымга чукул убактагы акын-жазуучуларыбыздын чыгармачылыктарынан айкын байкайбыз. Кээде чы-

гармачыл инсандарыбыз жүрөктүн тереңинен оргуштап чыккан көркөм туундусун оңдоп, толуктап, кайра жазууга мажбур болгон учурлар да кездешет. Кыргыз профессионал жазма адабиятындагы так ушундай тагдырга ээ болгон көркөм дөөлөттөрдүн бири – орошон акын Аалы Токомбаевдин «Кандуу жылдар» («Таң алдында») ыр менен жазылган романы.

Бул романдын тагдыры тууралуу анын 1991-жылы Бишкектен жарык көргөн басылышында жазуучу, кыргыз маданиятына эмгек сиңирген ишмер Асанбек Стамов мындай дейт: «…анын 1916-жылдын трагедиясын айгинелеген ыр менен жазылган атактуу романынын тагдыры өтө татаал. Роман «Кандуу жылдар» деген ат менен алгачкы ирет 1935-жылы басылып чыгат да, ошондон тартып 1947-жылга чейин аталган чыгарма төрт жолу жарык көрүп, төрт жолу тең китептин нускасы толук бойдон сатуудан алынып тышталган» [146, 6-б.]. А. Стамов эмне үчүн бул чыгармага тыюу салынганын анда 1916-жылдагы кыргыз элине карата орус падышачылыгынын геноциди ачык сүрөттөлгөнү менен түшүндүрөт. Совет мезгилинде орус элине карата тетири пикир айтууга жабык түрдө тыюу бар эле. Ал оңдолуп, саясатка тууралаанып 1966-жылы басылып чыккан «Таң алдынданы» «Кандуу жылдар» менен салыштырып болбойт дейт. Бир чыгарманын эки вариантына баа бере келип, жазуучу мындай тыянак чыгарат: «Элестүүрөөк айтканда «Таң алдында» «Кандуу жылдардын» көлөкөсү гана. «Кандуу жылдарды» мен 1916-жылдын так, таасын портретин ачкан тарыхый-көркөм летопись деп атаар элем. Мында саясат жок» [146, 7-б.].

Эмне үчүн А. Стамов 1966-жылы жарык көргөн, Токтогул атындагы сыйлыкка арзыган «Таң алдында» романын «Кандуу жылдардын» көлөкөсүнө теңеп жатат? Ушуну эки чыгармадан мисалдар алуу менен талдап көрөлү. Эки вариантта тең «Автордон» деп чыгармага киришүү берилет. Алардын мазмуну бири-бирине такыр коошпойт. «Кандуу жылдарда» акын бала чагында өзү күбө болгон окуяларга абдан эмоциялуу баа берет. Ал эми «Таң алдындада» ал окуялар жумшартылат. Ошентип, киришүүдөн эле акын баштапкы варианттын курчтугун мокотот, анын айбарлуу турпатын узун көлөкөгө айлантат.

Андан ары «Кандуу жылдарда» «Пролог ордуна» деген бөлүмчө кетет. Мында көтөрүлүштүн башталуу себептери айтылган. Бул «Таң алдындада» кыскартылган. Анын ордуна «Жорулар тыткан ылаачын», «Жүрөктөштөр», «Эстешти» деген бөлүмчөлөр киргизилген. Буларда 1916-жылдагы көтөрүлүштүн баатырларынын бири Алымкул Антон аттуу орус адамы менен достук мамиледе экени айтылат. Көрүнүп тургандай, чыгарманын мазмуну совет доорундагы элдердин достугу, интернационализм идеяларына ылайыкташтырылган. Кийинки бөлүмчөлөр да катуу оңдоолорго кириптер болгон. Алсак «Кемеге башында» деген бө-

лүмчө экөөндө тең бар, бирок мазмунунда айырмачылыктары арбын. Улам арылап окуй берсек, мазмундук айырмачылыктар күчөй берет. Мисалы, «Кандуу жылдардагы» кыргыздарды мыкаачылык менен кырган окуялар сүрөттөлгөн «Туткундар» аттуу бөлүм «Таң алдындада» жок. Ооба, «Туткунда» деген бөлүм бар, бирок анын мазмуну такыр башка.

Ырас, «Таң алдындада» «Туткунда» деген бөлүмдөн соң «Күнөөсүз айыптуулар» деген бөлүм кетет да, анда кыргыздарды жазалоо жумшартыла сүрөттөлөт [159; 160]. Ошентип, бир чыгарманын эки вариантын салыштыра окуп жүрүп отурсак, алардын мазмуну аябай эле айырмалуу экенин байкай алабыз. Акын романынын алгачкы вариантында турмуш чындыгын абдан курч берген да, мунусу үчүн сындарга кабылып, аны оңдоого, жумшартууга мажбур болгон. Мына ошондуктан А. Стамов «Таң алдынданы» «Кандуу жылдардын» көлөкөсү деп баалаган.

Кыргыздын белгилүү адабиятчыларынын бири Качкынбай Артыкбаев болсо бул маселеге башкача позициядан мамиле кылат. Окумуштуу экинчи вариантка – «Таң алдындага» артыкчылык берет да, өз пикирин бир топ жүйөөлөрдү келтирүү менен бекемдейт. Анда анын пикирине кулак салалы: «Адабиятты жетик түшүнүп эки вариантты калыс караган адам «Таң алдынданын» идеялык-эстетикалык жагынан биринчи варианттан алда канча жогору турарын илгиртпей эле байкайт. Бул, албетте, биринчи вариант начар эле дегендикке жатпайт. Биринчи варианттын өз алдынча жетишкендиги, 30-40-жылдардын поэзиясынан алар өз орду бар экендиги талашсыз. Экинчи варианттын артыкчылыктары эмнеден көрүнөт? Биринчиден, тарыхый кырдаалды масштабдуу сүрөттөө жана көркөм сюжетти ар тараптан чыйралтып, толуктап логикалуу жеткиликтүү иштөө жагынан. Экинчиден, көркөм образдарды толук кандуу образдардын деңгээлине жеткирүү жагынан. Үчүнчүдөн, көркөм тил чеберчилигинин алда канча жогору, бийиктиги жагынан. Төртүнчүдөн, элдердин (өзгөчө эмгекчил элдердин жана алардын алдыңкы өкүлдөрүнүн) өз ара жакындашуу процессин турмуштук чындыкка негиздеп, реалдуулукту бекемдөө жагынан» [29, 338-339-бб.].

Албетте, жаштык жалын менен буруу-терүүсүз тарых чындыгын тартып берүү токтолгон кездеги салмактуу алды-артын ойлонуп чыгарма жазуудан айырмаланат. А. Токомбаев отуз жылга чукул ойлонуп-толгонуп, өзүнө зыяны болобу-жокпу талдап, анан «Таң алдынданы» жараткан десек чындыкка кыйла чукулдаган болор элек. Урматтуу агайыбыз белгилеген экинчи варианттын артыкчылыктары акындын чыгармачылык жактан жетилгендигин күбөлөндүрөт. Бирок булар «Таң алдында» варианты көркөм дөөлөт катары кылымдар бою жашап каларына кепил боло албайт. Эки вариантты салыштыра окуган ар бир кыргыз анча-мынча техникалык алешемдиктерине карабай «Кандуу жыл-

дарды» жогору баалай турганы айныксыз чындык. Тим эле укмуш кылып сөзгө сөздү кынап, ыр куруу техникасынын мыкты жетишкендиктерин пайдаланып, шаблонго салып, чыгарма жаратып коюуга болот. А бирок тарых чындыгы толук ачылбаса, доордун жүзү чагылбаса, андай чыгармадан не пайда?! Ал упа-эндик сүйкөнүп, кызыл-тазыл кийинген шаардык ойсокенин эле өзү да. Андан көрө табигый каратору жүзүн сактаган, кийими жупуну айылдык кыз артык эмеспи. Так ушундай ойду бир кезекте Н. Г. Чернышевский айтканы али эсибизде.

Калемгерликтин техникасын жогорку деңгэлде өздөштүрүү сөзсүз эле көркөм дөөлөттү жаратууну кепилдебейт. Ушул өңүттө окумуштуу П. А. Сорокин мындай бир кызык ой айтат: «Возрастающая скудость художественных, научных, религиозных и философских достижений – возмездие за обожествление технических средств. Чем больше внимания техническим средствам, тем больше пренебрежения к фундаментальным, базовым, конечным ценностям. Мы, кажется, забываем, что техника – это всего лишь средство, а не цель творческой работы. Мы должны помнить, что гений сам создает свой собственный метод. В руках слабоумного техника может создать только слабоумное. В руках мастера от Бога техника производит шедевр. Таким образом, само сосредоточение на технике, а не на творческих конечных ценностях – признак несостоятельности гения. Техника механистична по своей природе. Ведь многих можно обучить механическим операциям» [145, с. 358]. Туура, калемгерге техникалык чеберчилик мезгилдин өтүшү менен келет. Бирок ал буга жетишүү менен «даанышман» болуп калбайт. Техникалык жактан кынтыксыз чыгармаларды жазганы менен, алары убакыт өтөөр замат унутулат, окурмандардын эсинде калбайт. Бул жагдай көпчүлүк кыргыз-акын жазуучуларынын чыгармачылык жолуна тиешелүү, ошол себептен П. А. Сорокиндин жогорку пикирин келтирип жатабыз.

Биз А. Токомбаевдики өңдүү мисалдарды дагы да болсо узарта бере алабыз. Анткени чыгармалары көркөмдүк-эстетикалык мазмуну жагынан өтө баалуу кыргыз акындары менен жазуучулары толтура. Бирок максатыбыз башкада – биз болгону XX кылымдагы кыргыз прозасы менен поэзиясынын туундулары дароо жаралары менен көркөмдүк-эстетикалык мазмуну жактан оң баалана калбаганын көрсөтүүнү каалаганбыз. Чыныгы көркөм дөөлөттөрдүн тагдыр жолу мына ушундай татаал келет. Көрүнүктүү кыргыз ойчулу Азиз Салиевдин айтымында «Не бир түркүн рухий байлыктарга жыш толуп, ар нерсеге өтө ылгап караган азыркы заманда көңүлүнөн чыкпай сакталып кала бериш үчүн **бийик касиеттүү чыгарма** болуш керек» [137, 174-б.].

Ошентип, мезгилдин өтүшү менен көркөм чыгармаларды кабылдоо, аларды баалоо жаатында өзгөрүүлөр жүрөт. Окурмандардын көп

мууну классикалык деп эсептеп келген чыгармалар эстетикалык таасир көрсөтүүсүн токтоткон, алардын чыгармачыл дарамети азайган учурлар да болот. Мындай кубулуш дүйнөлүк адабияттын шедеврлеринин жашоосунан да байкалат. Бирок бул алар такыр эле жараксыз болуп калды дегендик эмес. Бир топ мезгилдерден соң алардын мааниси кайра артып чыга келиши да мүмкүн. Бул өзгөрүүлөр аздыр-көптүр алыскы өтмүшкө (антик дооруна, Кайра жаралуу дооруна, Агартуу дооруна, XIX кылымга, XX кылымга) гана тийиштүү эмес, мындай процесстер глобалдуу мүнөзгө ээ. Б.а. учурдагы адабиятка карата мамилелер да ар кыл болуусу мүмкүн. Келечек эски-жаңы көркөм адабий туундуларга карата кандай чечим чыгарарын эч ким так айта албайт.

Корутундулай турган болсок, бүгүнкү кыргыз адабият таануусунун астында **чыныгы көркөмдүк баалуулуктарга** жана **майнаптуу көркөмдүк ишмердүүлүккө** калыс баасын берүү милдети турат.

**3.5. Коомдук-тарыхый өнүгүүнүн жүрүшүндө көркөмдүк-эстетикалык мазмундун бийиктөөсү.** XX кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабиятынын өнүгүү тарыхына баам салганыбызда, ушул мезгил аралыгында улуттук адабият көркөмдүк-эстетикалык жактан бийик деңгээлдеги адабиятка айланганын, дүйнөлүк адабияттын зор кенчинин маанилүү бөлүгүн түзүп калганын көрө алабыз. Албетте, бул бийиктикке жетишүү оңой болгон жок, улуттук адабияттын өсүп-өнүгүүсү чыгармачылык мүнөздөгү кемчиликтер менен да, ийгиликтер менен да коштолду. Муну коомдук-тарыхый өнүгүүнүн жүрүшүнө таасири өтө зор окуялардын арбындыгы да татаалдантты.

XX кылымдын 20-жылдарына көз чаптырсак, азыркы Кыргызстан курамына кирген чоң өлкөдө жүргөн жарандык согуш жана андан кийинки жылдар маданияттын, көркөм өнөрдүн өнүгүүсүнө өзгөчө таасир кылган. Ушул мезгилде дүйнөлүк маанидеги олуттуу коомдук-тарыхый өзгөрүүлөр жүргөнү чындык. Натыйжада, мурда адамзат көрбөгөн коомдук түзүлүш орногон, жашоонун бардык чөйрөлөрүндө ошого ылайык жаңычыл кайра куруулар жүрүп жаткан. Адабият тармагы да мындан четте калбай, жаңы доорду, жаңы адамдарды, алар тутунган адеп-ахлактык дөөлөттөрдү көркөм чагылтуу милдетин аткара баштаган. Кыргыз жазма адабияты жаңыдан гана түптөлгөн. Көркөм ишмердүүлүккө киришкен кыргыз акын-жазуучуларынын алгачкы мууну революциянын идеалдарына бекем ишенишкен. Анткени, алардын көбү советтик бийликтин аркасы менен билим алып, киши катарына кошулган. Андыктан алар жаңы коомдун, жаңы бийликтин жактоочулары болушканы, өз чыгармаларында социалисттик түзүлүштүн идеалдарын даңазалашканы мыйзам ченемдүү көрүнүш эле.

Албетте, алгачкы көркөм-адабий туундуларда – ырларда жана аңгемелерде – көркөм-эстетикалык мазмун өтө жупуну болгон. Ошентсе да, ушул 20-жылдарда эле жалпы адамзаттык дөөлөттөргө мамилеси, жеке адамдын кайгы-касыретин чагылтуусу жагынан бийик көркөм-эстетикалык сапатка ээ чыгармалар да жаралган. Мисалы, К. Тыныстановдун "Жаңыл Мырза" поэмасын, К. Баялиновдун "Ажар" повестин атай алабыз.

XX кылымдын 30-жылдары өлкөдө коомдук өзгөрүүлөр күч алган. Коллективдештирүү, индустриялаштыруу ж.б. көптөгөн иш-чаралар жүзөгө ашырылып, мезгилдин пафосу көркөм-адабий туундуларда сөзсүз чагылган. Адабий чыгармалар көркөмдүк-эстетикалык өзгөчөлүктөрү боюнча көп түрдүү болуп калган, көркөм адабиятта түбөлүктүү руханий-эстетикалык дөөлөттөргө басым коюла баштаган, адам көркөм иликтөөнүн башкы объектисине жана предметине айланган. Бул сөзүбүздү А. Токомбаевдин, Ж. Турусбековдун, Ж. Бөкөнбаевдин ж.б. поэзиясы, М. Элебаевдин "Узак жол", Т. Сыдыкбековдун "Кең-Суу" романдары күбөлөндүрөт.

Улуу Ата Мекендик согуш да кыргыз профессионал жазма адабиятынын көркөмдүк-эстетикалык мазмунунун өзгөрүүсүнө өбөлгө түзгөн. Жаңы, согуштук турмуш чындыгын көркөм аңдоо татаал процесс болгон. Мында алдыңкы планга патриоттук тематика чыккан. Белгилей кетүүчү нерсе, согуш акын-жазуучулардын турмуштук, адеп-ахлактык дөөлөттөргө карата көз караштарын, көркөм-эстетикалык туюмун өзгөрткөн. Мунун эң сонун мисалы, Алыкул Осмоновдун 1945-жылы жарык көргөн "Махабат" аттуу ырлар жыйнагы болуп саналат. Акындын 40-жылдардагы чыгармачылыгы кыргыз поэзиясынын жаңы көркөмдүк-эстетикалык бийиктигин түзгөн да, андан аркы өнүгүү үчүн жаңы жолду ачкан.

XX кылымдын 50-жылдары согуштан бүлүнгөн эл чарбасын калыбына келтирүү аракети менен коштолду. Ошол эле учурда бүт дүйнөдөгү тынчтык үчүн күрөш алдыга чыкты. Көркөм адабиятта согуш, тынчтык үчүн күрөш жана учурдун турмуш чындыгы темалары басымдуу иштелип жатты. Кыргыз акындары менен жазуучулары жаңы көркөмдүк-эстетикалык ачылыштарга умтулушту. Дал ушундай аракеттердин оң натыйжа бергенине мисал катары Сүйүнбай Эралиевдин "Ак Мөөр" поэмасын, Чыңгыз Айтматовдун "Жамийла" жана "Бетме-бет" повесттерин белгилөөгө болот.

XX кылымдын 60-70-жылдары "алтымышынчылар" деп аталган чыгармачыл муундун ишмердиги менен белгиленди. Аталган муун кыргыз профессионал жазма адабиятынын көркөмдүк-эстетикалык чек араларын болуп көрбөгөндөй кеңейтишип, ар түрдүү жанрлардын активдешүүсүн ишке ашырышты. Алар көркөм дөөлөттөргө карата мамилени түп тамы-

рынан өзгөртүштү. Алсак, С. Эралиевдин "Жылдыздарга саякат", Р. Рыскуловдун "Космостук манифест", О. Султановдун "Отузунчу станция" өңдүү поэмалары, Ч. Айтматовдун 60-70-жылдардагы повесттери, ж.б. көптөгөн көркөм-адабий туундулар бул мезгилде кыргыз профессионал жазма адабияты сөздүн түз маанисинде көркөмдүк-эстетикалык бийиктөөнү толугу менен баштан кечиргенин күбөлөндүрүшөт.

Кийинки он жылдыкта, 80-жылдарда, кыргыз профессионал жазма адабиятынын көркөмдүк-эстетикалык деңгээли жогорулоосун улантты. Мунун айкын күбөсү С. Эралиевдин "Кесиринсан" поэмасы, О. Султановдун "Адамдын турмушу" романы, Ч. Айтматовдун "Кылым карытар бир күн", "Кыямат" романдары ж.б. көптөгөн чыгармалар боло алышат. Бул мезгилде кыргыз акын-жазуучулары бүткүл планетанын алкагында көркөм ойлоо аркылуу жалпы адамзаттык дөөлөттөргө карата мамилелерин билдирип жатышты. Биз жогоруда мисал катары алган адабий туундуларда адеп-ахлактык дөөлөттөр философиялык өңүттө, бийик көркөмдүк-эстетикалык сапатта ачылышат. Чыгармаларда **адам акыл-эси, акыйкаттык** өлбөс-өчпөс дөөлөттөр экени бекемделет.

Өткөн кылымдын 90-жылдары терең коомдук-саясий кризис менен коштолуп, СССРдин таркоосу болуп өттү. Бул жылдарда коом турмушунда болуп өткөн өзгөрүүлөр көркөм адабиятта чагылбай койгон жок. Биз акындарыбыз Ш. Дүйшеевдин, А. Өмүркановдун, О. Султановдун поэзиясынан коомдогу терс көрүнүштөргө карата келишкис мамилени байкай алабыз. Акындар доордун чакырыгына дароо жооп беришип, кыргыз жеринде болуп жаткан негативдүү окуяларды – элдик байлыкты талап-тоноону, мекендин, элдин кызыкчылыктарын сатууну ж.б. катаал айыпташты. Ал эми бул кезде жарык көргөн прозалык туундулардын көбү мурдагы жылдарда жазылган эле, кыйласы тарыхый темага арналып, өткөн мезгилдер тууралуу баяндашкан. 90-жылдары поэзияда жарандык-публицистикалык лириканын күрдөөлдүү өнүгүп, көркөмдүк-эстетикалык жаңы көрүнүштү түзгөнүн белгилей алабыз. Ал эми проза жаатында мындай болгон жок. Тескерисинче, мурда жетишилген көркөмдүк-эстетикалык деңгээл кыйла төмөндөдү.

# 4. XX КЫЛЫМДАГЫ КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫН ИЗИЛДӨӨДӨ АКСИОЛОГИЯЛЫК МЕТОДОЛОГИЯНЫ КОЛДОНУУ

**4.1. Аксиологиянын методологиясын кыргыз адабият таануусунда колдонуу.** Көркөм адабият, биринчи кезекте адамдарга эстетикалык жана этикалык дөөлөттөрдү тартуулайт, ошондуктан адабият жана аксиология дайыма бири бири менен өз ара байланышта турушат. XX кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабиятынын көркөм дөөлөттөрү мезгилдин өтүүсү менен баарын камтыган, баарын кучагына алган болуудан калышат, кээде конкреттүү көркөм-адабий текст өзүнүн кечээги актуалдуу маанисин жоготот. Ошондуктан биринчи планга XX кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабиятынын нукура көркөм дөөлөттөрүн, чыныгы шедеврлерин аныктоо милдети чыгат, бул, өз кезегинде кыргыз адабият таануу илиминде конкреттүү аксиологиялык милдеттерди коюуга жана чечүүгө, көркөм дөөлөттөрдү ылгоонун ченөлчөмдөрүн иштеп чыгууга алып келет. Ошентип, бүгүн кыргыз адабият таануусунда аксиологиянын методологиясын колдонуу зарылдыгы улам барган сайын актуалдуу болуп баратат. Көркөм-адабий кубулуштарды изилдөөнүн аксиологиялык аспектисин дээрлик универсалдуу деп эсептөөгө болот – ал көркөм чыгарманын мазмунун да, формасын да, андагы автордук жекечеликти да, аны окурмандык кабыл алуунун тенденцияларын да дөөлөттүк негизде ар тараптуу карап чыгууга жол ачат.

Иштин төркүнүнө келсек, филология илимдеринин доктору, М. В. Ломоносов атындагы МГУнун профессору А. А. Смирнов, адабият таануудагы аксиологиялык методологиянын проблемалары жөнүндө төмөнкүчө маселе коёт: «Ошентип, азыркы көркөм өнөрдүн аксиологиясы көптөгөн проблемаларга баш катырууда, алардын ичинен төртөө аныктоочу бойдон калууда:

1. Адабий баалуулуктар көркөм тексттин өзүндө гана же ошондой эле аны кабыл алууда дагы жатышабы;

2. Эмне үчүн текстти кабыл алуунун баалуулуктары адабий сын менен адабиятты мектепте окутууда биринчи планга чыгышууда;

3. Көркөм өнөрдүн ритуалдык, саясий, «терапевттик» дөөлөттөрү баалуулукка ээ болушабы;

4. Тексттин практикалык жана таза көркөмдүк кызматтарынын чегин аксиологиянын жаңы усулдарынын жардамы менен кантип ажыратууга болот?

Ушул маселелер азырынча чечилбеген бойдон калууда, бул адабият таануучулук талдоо практикасында оорчулуктарды жаратууда» [143, с. 116]. Ооба, көркөм адабияттын фактыларын дөөлөттүк өңүттө изилдөөдө оорчулуктар кездешет жана көптөгөн суроолор келип чыгат.

Бул баарыдан мурда окумуштуулук даражаларды изденүүчүлөрдүн социалдык-гуманитардык илимдердин методологиялык ыкмаларынын бүткүл комплексин билбестиги менен байланыштуу. Ушул жагдай кыргыз адабият таануусунун бүгүнкү өнүгүүсүнөн абдан ачык-айкын байкалууда.

Философия илимдеринин доктору В. М. Пивоевдин пикиринде, бүгүн гуманитардык илимдерде аксиологиялык методологиялык мамиле колдонулат да, ал адам турмушундагы дөөлөттүк негиздерди айкындоого багытталган [118, с. 234]. Изилдөөнүн аксиологиялык усулунда дүйнөнүн дөөлөттүк сүрөтү; дөөлөттүк дараметтер, мамилелер жана түзүмдөр; баалоо процесси жана анын мүнөзү, баанын негизи, анын мүнөзү, көрүү чекити; дөөлөттөр шкаласы, дөөлөттөрдүн салыштырмалуулугу жана өлчөнүүсү; дөөлөттөрдүн темпоралдуулугу; дөөлөттөрдүн онтологиясы жана баалары; аксиологика иликтенет [118, с. 235]. Мындан көрүнүп тургандай, гуманитардык илимдердеги аксиологиялык методологиянын ареалы жетишерлик кеңири жана изилдөөчүлөрдүн олуттуу мамилесин талап кылат. Анан адабият таанууда дагы дүйнөнүн дөөлөттүк сүрөтүн ачуу, конкреттүү адам коомунун же жеке адамдын дөөлөттүк дараметтерин, мамилелерин жана түзүмдөрүн иликтөө, көркөм чыгарманын автору менен кейипкерлеринин тутунган дөөлөттөрүн, дөөлөттүк көз караштарын аныктоо маанилүү болуп саналат.

Чынында эле, «…көркөм чыгарманын автору ошол чыгармада (баарыдан мурда анын эмоциялык маанайында: героикалык, трагикалык, юмористтик) турмушка ашырылуучу жана окурмандарга жеткирилүүчү дөөлөттүк багыт алуулардын алып жүрүүчүсү катары чыгат» [102, с. 1183]. Ооба, автор өзүнүн чыгармасында өз кейипкерлеринин оозу менен көп учурда коом турмушунун ар кыл көрүнүштөрүнө карата өзүмдүк көз караштарын берет, өз кейипкерлеринин дүйнө көрүмү аркылуу ал өзүнүн жан дүйнөсүн окурмандарына ачат. Автор өз чыгармасында өз оюн билдирет, эми аны түшүнүү же түшүнбөө, колдоо же колдобоо керектигин окурман өзү чечет. Бул автор менен окурмандын карманган дөөлөттөрүнүн шайкештик деңгээлинен көз каранды болот. Көркөм-адабий жаралгаларды баалоодо, талдоодо карама-каршы пикирлердин туулуусу мына ушундан келип чыгат. Адабият таануучулардын конкреттүү көркөм туунду боюнча пикирлеринде ажырымдар келип чыкканын биз адабияттын өнүгүү тарыхынан абдан мол учуратабыз. Ушул факт дагы адабият таанууда аксиологиянын методологиясын колдонуу бекем негизге ээ экенин тастыктайт.

Башка жагынан алсак, жеке эле автор түшүнүгү эмес, көптөгөн башка адабият таануучулук терминдер менен түшүнүктөр дагы терең дөөлөттүк негиздерге ээ болушат.

Көркөм чыгармалар – бул көркөм чыгармачылыктын туундулары. Ал эми көркөм чыгармачылык – бул адамдардын көркөм, эстетикалык дөөлөттөрдү түзүү боюнча ишмердүүлүгү. Чыгармачыл ишмердүүлүктүн дүйнөсү бай жана ар түрдүү. Көркөм өнөрдүн жаралгалары көркөм дөөлөттүк касиетке ээ болушат, ошондуктан көркөм адабияттын үлгүлөрү дөөлөттүк аспектте талданууга, изилденүүгө муктаж.

Классикалык эстетикага жана азыркы окумуштуулардын аксиологиялык өңүттөгү эмгектерине таянып, көркөм чыгармачылыктын үч өз ара байланышкан жана маанилүү аспекттерин бөлүүгө болот: эстетикалык, таанымдык жана дүйнөгө байкоо салуучулук. Эгер эстетикалык аспектти карасак, көркөм өнөр эстетикалык дөөлөттөрдү түзүү процесси катары чыгат. Адабият теоретиги В. Е. Хализев жазат: «Көркөм өнөр – бул баарыдан мурда эстетикалык кубулуш. Анын чөйрөсү – адамдын чыгармачыл күч-аракети жараткан, эстетикалык кабыл алууга багышталган чыгармалар» [165, с. 16]. Мына ошентип, эстетикалык дөөлөттөр (көркөм чыгармалар) түзүлгөн соң, демек, алар аксиологиялык мерчемде каралууга, талданууга жатат. Мындай болгондо автор, чыгарма, кейипкер, окурман, идеал, катарсис өңдүү адабият таануучулук түшүнүктөр, эстетикалык жана көркөмдүк, бийиктик жана пастык, трагедиялуу жана комедиялуу, сулуулук жана серттик ж.б. өңдүү категориялар сөзсүз баалоочулук касиетке ээ болушат да, алардын аксиологиялык маанилери бардыгы эч күмөн санатпайт.

Эгер кыскача жыйынтыктасак, дээрлик бардык адабият таануучулук түшүнүктөр дөөлөттүк мазмунга ээ болушат. Андыктан, адабият таануунун өзүндө, анын терминологиялык арсеналында көркөм жаралгаларды аксиологиялык изилдөөнүн негиздери салынган дешке болот. Азыр кыргыз адабият таануусу аксиологиялык мазмундагы илимий изилдөөлөргө суусап турган чагы. XX кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабиятынын туундуларына карата аксиологиянын методологиясын колдонуу, анда илимий изилдөөнүн теориялык жана эмпирикалык, математикалык-статистикалык усулдарын тыгыз айкалыштыруу кыргыз адабият таануусунун горизontторун кыйла кеңейтет.

**4.2. Кыргыз адабият таануусундагы изилдөөлөрдүн методологиясын өзгөртүү зарылдыгы жөнүндө.** Филология илиминин, анын ичинде адабият таануунун өнүгүүсүнүн учурдагы абалы ар кыл усулдардын жуурулушуусу глобалдуу тенденциясы менен аныкталат. Бул жагдайды дүйнөлүк алкактарда илимий-гуманитардык ой жүгүртүүнүн өзгөчө зор өзгөрүүсү шарттады.

Мындай процесстер филологиянын, анын ичинде адабият таануунун астына жаңы изилдөөчүлүк милдеттердин бүтүндөй бир катарын койду. Алардын эң актуалдуусу азыркы адабият таанууда жашап

турган методологияны өзгөртүү, адабият таануучулук изилдөөлөрдүн жаңы методологиясын иштеп чыгуу жана ишке киргизүү болуп саналат. Жаңы методология көркөм тексттерди эмпирикалык фактылар катары кароого ыңгайлаштырылган, көркөм чыгармалардын дөөлөттүк сапаттарын ачууга багытталган болууга тийиш. Б.а. адабият таануучулук изилдөөлөрдө көркөм-адабий жаралгаларга карата аксиологиялык мамилеге өтүү керек.

Бирок кыргыз филология илиминде, анын ичинде адабият таануу салаасында, азырынча баары мурдагы бойдон эле калууда. Биздин пикирибизде, изилдөөнүн аксиологиялык методологиясын – азыркы кыргыз адабият таануусунун ушул келечектүү тармагын – өнүктүрүү үчүн тиешелүү илимий аппарат иштелип чыга элек. Кийинки жылдардагы бардык изилдөөлөрдө жаңычыл методологиянын элементтери кездешпейт. Керек болсо айрымдарында КР ЖАКнын диссертациялык изилдөөлөрдүн түзүмү менен мазмунуна коюлуучу талаптары көңүлгө алынбайт. Ал эми филология илиминин заманбап өнүгүүсү изилдөөчүлөрдөн изилдөөнүн теориялык жана эмпирикалык усулдарын айкалыштыра колдонууну талап этет. Кыргыз изилдөөчүлөрүнүн диссертацияларында мурдагыдай эле теориялык усулдар басымдуу колдонулуп жатат: талдоо (анализ), жууруу (синтез), салыштыруу, абстракция, конкретизация, жалпылоо, формализация ж.б., ал эми эмпирикалык усулдар – байкоо жүргүзүү, өлчөө, анкеталар (оозеки жана жазуу жүзүндө), эксперттик баалоо, тестирлөө, эксперимент жана башка көптөрү талап кылынбаган бойдон эле калууда.

Азыркы кыргыз изилдөөчүлөрү өз илимий иштеринде эмнеге таянышат? Адабият таануучулук изилдөө жүргүзүүдө аларга эмне багыт болуп кызмат өтөйт? Көркөм-адабий процесстин өнүгүүсүн талдоодо кандай методологияны колдонушат?

Биздин көз карашыбызда, бардык жаш изилдөөчүлөр советтик адабият таануунун эле түптүү, уңгулуу салттарын улантышууда. Ошол эле убакта кээде советтик доорду, ошол мезгилдин көркөм жаралгаларын, өткөндүн негиздери менен тартип-эрежелерин сындамыш эте калышат. Эгер изилдөөчү көркөм-адабий процессти иликтөөнүн жаңы жолдорун, жаңы усулдарын сунуштай албаса, анда ал эч бир салмактуу негиздери жок туруп, өткөн доордун жетишкендиктерин кантип тана, чана, сындай алат? Бул эми риторикалык мүнөздөгү суроо. Бирок кыргыздын даанышман калемгери Чыңгыз Айтматов өз убагында эле, советтик мезгилде эле мындай кылуу жарабай турганын эскерткен: «Бир нерсени танып же ага каршы чыгыш үчүн ошо танган нерсеңдин ордуна башка, аны алмаштырууга татыктуу, ошого тете бир нерсе сунуш этишиң керек» [9, 183-б.]. Азыр ушул акылман сунушту эстеген жан аз болууда.

Көптөр кантип болсо да сындап калуу, өзүн ушундай жол менен көрсөтүү аракетин жасашат. Биздин ишенимибизде, бул болгону учурдун модасына баш уруу – жаңы тарыхый шарттарда жашап жатабызбы, демек сөзсүз өткөндү сындоо кажет.

Окумуштуулук даражаларга талаптанган кыргыздын жаш изденүүчүлөрү өз эмгектеринин түзүмүн уюштурууда, аны ишке ашырууда советтик илимпоз П. Н. Берков иштеп чыккан эзелки методологиянын эле жоболорун күнү бүгүнкүгө чейин колдонуп келишет. Ал өзүнүн адабият таануучулук илимий изилдөөнүн алиппесине айланган, 1955-жылы басылып чыккан «Введение в технику литературоведческого исследования. Источниковедение. Библиография. Разыскание» аттуу китебинде, жаш изилдөөчүлөргө илимий адабият таануучулук талдоонун техникасы боюнча иштиктүү сунуштарды берет. Окумуштуу-методолог өз китебинин мүдөөсүн төмөнкүчө аныктайт: «Бул китептин максаты – иштөө үчүн материалдар кайдан орун алышканын жана кантип издеп табыларын, аларды андан ары колдонуу үчүн кандай алдын ала операцияларга дуушарлантуу керектигин көрсөтүү» [43, с. 3]. Китеп үч баптан турат. Биринчи бапта адабият таануу боюнча илимий ишти уюштуруунун жана аны жүргүзүү техникасынын жалпы маселелери ачылат. Ал библиографиялоого, окууга, шилтеме алууга, конспектилөөгө, картотека уюштурууга, материалды папкаларда сактоого, өздүк китепкана түзүүгө көңүл бурат. Экинчи жана үчүнчү баптарда адабият таануучулук булактаануу жана адабият таануучулук библиография өңдүү көмөкчү адабият таануучулук дисциплиналар, алардын изилдөөдөгү орду менен ролу жөнүндө кенен сөз болот. Биз П. Н. Берков негизинен адабият таануучулук изилдөөнүн теориялык усулдарын чагылтканын көрө алабыз. Ал эмпирикалык усулдар жөнүндө айтпайт. Бардык мезгилдердеги жаңы баштаган жаш илимпоздор үчүн бул китеп шексиз баалуу. Бирок биздин күндүн реалийлери көркөм-адабий процессти изилдөөчүлөрдөн өз эмгектеринде жогоруда аталган китепте эскерилбеген көптөгөн башка илимий маселелерди да чечүүнү талап этет.

Жалпы жонунан көркөм чыгармачылык процессти, көркөм-адабий туундуларды изилдөөнүн тутумдуу (системалуу) усулу, биографиялык усулу, маданий-тарыхый усулу, салыштырма-тарыхый усулу (компаративистика), социологиялык усулу, психологиялык усулдары, формалдык усулу, адабий герменевтика усулу, түзүмдүк (структуралык) усулу ж.б. колдонулуп жүрөт. Булар туурасында В. Г. Зинченко, В. Г. Зусман, З. И. Кирнозе биргелешип жазган «Литература и методы её изучения. Системно-синергетический подход» аттуу окуу куралынан кеңири маалымат алууга болот [72]. Албетте, жогоруда аталган усулдар дүйнөлүк адабият таанууда колдонулуп келатат. Бирок көркөм өнөрдү, адабиятты

изилдөөнүн жолдору ушуну менен эле чектелбейт. Мисалга, окумуштуулар Ю. М. Лотман менен В. М. Петров түзгөн «Искусствометрия: методы точных наук и семиотики» деген жыйнакта франциялык, америкалык, германиялык, швециялык, польшалык, чехословакиялык илимпоздордун гуманитардык жана так илимдердин кесилишинде жасалган кызыктуу изилдөөлөрү жөнүндө сөз жүрөт. Биз бул эмгектен руханий маданияттын, анын ичинде көркөм адабияттын көрүнүштөрүн изилдөөдө семиотиканын, маалымат теориясынын, математикалык статистиканын, кибернетикалык моделдөөнүн усулдарын колдонуу илимде мурдатан эле орун алып келгенин көрө алабыз [80]. Кыргыз окумуштууларынан да математикалык статистиканын усулдарын колдонгондор болгон. Алсак, К. Саматов кыргыз тилиндеги өң-түс сөздөрүнүн лексика-семантикалык жана стилистикалык мүнөздөмөлөрүнө арналган изилдөөсүндө аталган методологияны ийгиликтүү пайдаланган [139].

Ушул жагдайга байланыштуу адабий процессти изилдөөчүлөргө арналган башка бир методологиялык мүнөздөгү эмгекти эске салгыбыз келип жатат. Адабиятчы П. Н. Берковдон кыйла эле мурда, 1936-жылы, ХХ кылымдагы башка бир жаркын илимпоз, эң сонун филолог Б. И. Ярхо «Методология точного литературоведения» деп аталган түптүү, уңгулуу эмгегин жараткан. Бул китепте адабиятты сандык же математикалык усулдардын жардамы аркылуу теориялык жана тарыхый иликтөөнүн принциптери менен келечектери ырааттуу баяндалган.

Тилекке каршы, адабият таануу илиминин көптөгөн олуттуу маселелерин ичкериден терең ачууга жарык шоола чачкан бул эмгек, өз убагында басылып чыккан эмес. Ал 2006-жылга чейин, б.а. XXI кылымдын башына чейин жарык көрбөй, окумуштуу-адабиятчылардын калың катмарына жетпей сандыктын түбүндө басылып жаткан. Жаңы баштаган жаш илимпоздор адабият таануучулук изилдөөлөрдүн проблемалары боюнча ушул баалуу эмгек менен тааныша албай келишкени абдан өкүнүчтүү.

Б. И. Ярхо өз заманындагы адабият таануунун кемчиликтерин анык-так белгилеп, көркөм адабиятты илимий изилдөөнүн такыр башка методологиясын сунуштайт. Ал өз оюн төмөнкүчө билдирет: «Азыркы адабият таануунун жалпы абалын резюмелеп, биз анын башкы кемчилиги аныктамалардын мүнөздөмөлөрүнүн айкын эместиги жана бүдөмүктүгү экенин констатациялоого тийишпиз. Бул кош маанисиз айтууну (биз, мисалы, физиктерден үйрөнө алуучу өнөр) билбөө, албетте, илимий ойдун өзүнүн так эместигинен келип чыгат. Адабият таануучулук ойду рационалдуу усул гана тартиптештире алат, мен ага башат салууга үмүт кылдым жана ал табигый илимдер тарапка дайыма бурулган көз караштa өнүктүрүлүүгө тийиш» [175, с. 54]. Анын пикири боюнча,

адабият таанууда жана табият таанууда айырмалар да, окшоштуктар да бар. Жападан жалгыз олуттуу айырма адабияттын өнүмдөрүнүн мейкиндикте өлчөнбөстүгүндө жатат. Ал эми окшоштуктар жетишерлик көп – бул табият менен адабияттын кубулуштарынын усулдарынын көп түрдүүлүгү дагы, өзгөрмөлүүлүгү дагы, биримдиги дагы. Ушунун негизинде Б. И. Ярхо төмөнкүдөй тыянакка келет: «Дүйнө жөнүндө бардык илимдер үчүн, жеке алганда, турмуш жөнүндө бардык илимдер үчүн (зоология үчүн, адабият таануу үчүн да) усул бирдиктүү болууга тийиш: бул – көрсөтүү жана **эксперимент** менен колдоого алынган салыштырма-статистикалык усул» [175, с. 64]. Окумуштуунун пикирине ылайык, адабият таанууда **сезимдик көрсөтүү, салыштыруу, статистика, эксперимент** өңдүү усулдар толук колдонула алат. **Кабыл алуунун үстүнөн жана чыгармачылыктын үстүнөн эксперимент, статистика жүргүзүүгө болот**. Ал эми азыркы кыргыз адабият таануусунда так ушул нерсе – изилдөөнүн эмпирикалык, математикалык-статистикалык усулдарын колдонуу жетишсиз болуп турат.

Ошентип, Б. И. Ярхо тарабынан иштелип чыккан методологияга, жана азыркы орус филология илиминде күрдөөлдүү колдонулуп жаткан аксиологиялык адабият таануунун жетишкендиктерине таянып, биз азыркы кыргыз адабият таануусунун методологиясын өзгөртүүнү, аны жаңыча нукка салууну жүзөгө ашыра алабыз. Ушул эң татаал иште кыргыз жазуучуларынын, мисалы, А. Токомбаевдин, Т. Сыдыкбековдун жана Ч. Айтматовдун дөөлөттүк дүйнө көрүмү, дөөлөттүк ой жүгүртүүлөрү да олуттуу көмөк боло алат. Анан адабият таануунун жаңы методологиясына таянып, XX кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабиятын изилдөөлөрдүн чек араларын болуп көрбөгөндөй кеңейте алабыз. Жаңыланган методологиянын негизинде жасалган илимий тыянактар кыргыз адабият таануусунун арсеналын олуттуу байытат деген ишеничтебиз.

# 5. XX КЫЛЫМДАГЫ КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫН АКСИОЛОГИЯЛЫК ИЗИЛДӨӨДӨ КОЛДОНУЛГАН УСУЛДАР

Албетте, XX кылымдагы кыргыз прозасы менен поэзиясында жаратылган көркөм туундуларды баалуулуктук аспекттен карап изилдеп чыгуу биздин эң башкы максатыбыз болуп саналат. Бул үчүн биз адабият таанууда азырынча чанда колдонулуучу усулдарга кайрылууга тийишпиз. Бирок салт болуп калган изилдөө усулдарын чануу, тануу да жарабайт. Ар кандай илимий иликтөөнүн деңгээлин, сапатын арттырууда алардын да ролу зор. Андыктан, теориялык дагы, эмпирикалык дагы усулдарды айкалыштыра пайдалануу менен, бирок аксиологиялык изилдөө жүргүзүүгө басым жасоо менен диссертациянын алдына коюлган максат-милдеттерди орундатууга аракеттенгенибиз жөндүү болот. Аксиологиялык изилдөө жүргүзүүнүн масштабы өтө кеңири. Төмөндө өз изилдөөбүздө колдонулган усулдарды кыскача сыпаттап беребиз.

Изилдөөдө колдонулган эң биринчи усул – **адабияттарды, документтерди жана ишмердүүлүктүн натыйжаларын иликтөө** эмпирикалык усулу болду. Аталган усул «...изилдөөнүн усулу гана эмес, ар кандай илимий иштин милдеттүү процесстик компоненти дагы» [112, с. 77] болуп саналат. Анткени кандай гана илимий изилдөө болбосун, башталганда темага тийиштүү адабияттар, документтер менен таанышуудан башталат. Андыктан изилдөөнүн алгачкы кадамы ушул. Анын үстүнө «...гуманитардык илимдердеги башкысы – бул адам руху берилген тексттерди иликтөө» [118, с. 230]. Бардык илимий изилдөөлөр башкалардын эмгектерине таянуу менен, элестүү айтканда «мурункулардын ийиндерине» жөлөнүү менен курулат. Бул салттан эч ким четтеп кете албайт. Изилдөөнүн темасына белгилүү бир деңгээлде байланыштуу болгон диссертацияларды, монографияларды, илимий эмгектерди, окуу куралдарын карап, талдап чыкмайынча, бир да окумуштуу өзү күткөндөй жакшы жыйынтыкка жетише албайт. Ошол себептен биздин 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча аксиологиялык аспектте жазылган диссертациялык ишибизде аксиология жана адабият таануу боюнча эмгектер өтө кеңири каралды да, алардын маалыматтары арбын пайдаланылды.

Аталган усулду колдонуу менен биз адегенде философияда, эстетикада, маданият таанууда жана адабият таанууда аксиологиялык өңүттө иштелген изилдөөлөр менен кеңири таанышып, алардагы аксиология, дөөлөт (баалуулук), көркөм дөөлөт, аны аныктоо жана баалоо маселелери боюнча маанилүү ойлорду, идеяларды, божомолдорду, тыянактарды топтоштуруп чыктык. Бул бизге изилдөөнүн теориялык-методологиялык негизин түзүү үчүн зарыл болду. Андан соң кыргыз адабият таануусунда

жаратылган пайдубалдуу эмгектерден, окуу китептеринен, диссертациялардан XX кылымдагы кыргыз прозасы менен поэзиясынын тарыхый-адабий, көркөм-эстетикалык өнүгүү жолуна байланыштуу айтылган ой-пикирлерди издеп таап, оң-терс жактарын талдап чыктык. Муну ишке ашырган соң орус адабият таануусунда орус адабиятынын ар кыл маселелери боюнча аксиологиялык негизде аткарылган илимий изилдөөлөрдү иликтедик да, бул жаатта аткарылып корголгон миңдеген диссертациялардын биздин изилдөөбүзгө чукулдашкан үлгүлөрүн өзүнчө ылгап алдык. Анан алардын авторефераттары менен, кээ бир маанилүү диссертациялардын кол жазмалары менен тыкыр таанышып, алардагы маанилүү делген ойлорду, идеяларды, тыянактарды талдоодон өткөрдүк. Ошентип, алгач өз илимий изилдөөбүздүн илимий-теориялык базасын тактап, чыңдап чыктык, тийиштүү адабияттар менен кеңири тааныштык. Албетте, эмнеге орус адабият таануусуна гана кайрылдыңыз деген суроо жаралышы шексиз. Анткени, азырынча Россияда гана аксиологиялык аспекттеги адабият таануу салаасы күрдөөлдүү өнүгүп жатат. Тилекке каршы, бизге чектеш казак, өзбек, тажик ж.б. элдердин адабият таануусунан аксиологиялык изилдөөлөрдүн үлгүлөрүн таба албадык.

Изилдөөдө колдонулган кийинки усул **карама-каршылыктарды айкындоо** теориялык усул-аракети болду. Бул усулдун сыпаттамасы төмөнкүдөй: «Белгилүү болгондой, карама-каршылыктарды (илимий) айкындоо – бул таанымдын эң маанилүү усулу. Илимий теориялар мурунку теорияларда же адамдардын практикалык ишмердүүлүгүндө байкалган карама-каршылыктарды ачуунун жана чечүүнүн натыйжасында өнүгүшөт» [112, с. 111]. Албетте, биз «адамдардын практикалык ишмердүүлүгүндөгү», б.а. XX кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабиятынын, жеке алсак, прозасы менен поэзиясынын тарыхый-адабий, көркөмдүк-эстетикалык өнүгүүсүндө байкалган карама-каршылыктарга кайрылдык. Биз темага байланыштуу адабияттарды иликтөөдөн соң XX кылымда жаратылган проза жана поэзия чыгармаларынын көпчүлүгүн окурмандар журту окубай, көңүл бурбай калганын, анткен менен XX кылымдагы кыргыз адабияты сандык көрсөткүчтөрү жагынан болуп көрбөгөндөй түшүмдүү болгонун, ал эми сапаттык көрсөткүчтөрү жагынан дүйнөлүк адабияттын жалпыга таанымал үлгүлөрүнө теңдешкен туундулары аз экендигин аныктадык. Демек, XX кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабиятынын, анын ичинде прозасы менен поэзиясынын үлгүлөрүн баалуулуктук негизде изилдөө зарылчылыгы бар. Биз анын негизинде XX кылымда кыргыз адабиятында жаратылган чыныгы көркөм дөөлөттөрдү аныктоонун илимий жол-жобосун иштеп чыга алабыз да, кыргыз адабиятынын көркөм дөөлөттөрүн практикада аныктайбыз.

Андан соң биз изилдөөбүздө дагы бир теориялык усулду – **проблеманы коюу** теориялык усулун колдондук. Ал тууралуу илимий изилдөөнүн методологиясында мындай делет: «Проблеманы коюу, негиздөө, анын чечилишин издөө илимий таанымдын чыгармачылык процессинде жетектөөчү роль ойношот. Илимий проблема деп коом топтогон илимий билимде ага жооп камтылбаган суроо түшүнүлөт» [112, с. 112]. Бул усулду пайдаланып биз кыргыз филология илиминде, анын ичинде адабият таанууда иликтенбей келаткан эң негизги проблема – XX кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабиятынын, анын ичинде кыргыз прозасы менен поэзиясынын көркөм туундуларынын алигиче дөөлөттүк өңүттө изилденбей турушу экендигин, ушул багытта изилдөөлөр абадай зарыл болуп тургандыгын аныктадык. Бул проблема изилдөөлөрдүн кеңири спектрин талап кылары бизге айкын болду.

Изилдөөдө пайдаланылган кийинки теориялык усул **гипотезаларды түзүү** болуп калды. Илимде «Гипотезаларды түзүү илимий билимдин өнүгүүсүнүн башкы усулдарынын бири болуп саналат, мында гипотезалар түзүлөт да, андан кийин эксперименттик, кээде теориялык текшерүүдөн өтөт, бул же гипотезаны тастыктайт да ал факт, концепция, теория болуп калат, же төгүндөйт» [112, с. 143]. Бул усулдун жардамы менен биз өзүбүздүн илимий изилдөөбүздүн коргоого коюлуучу жоболорун-гипотезаларын, же тезистерин тактап алдык. Биз аныктаптактаган **тезистер иштин киришүүсүндө** көрсөтүлдү.

Мындан соң тезистерди далилдөө милдети келип чыкты. Андыктан, биз **далилдөө** теориялык усулун колдонуп, аталган жоболорду тастыктоого, далилдөөгө өттүк. Бул усулдун мааниси төмөнкүдөй: «Далилдөө – усул – теориялык (логикалык) иш-аракет, анын процессинде кайсы бир ойдун акыйкаттуулугу башка ойлордун жардамы менен негизделет» [112, с. 87]. Биздин изилдөөдө коргоого коюлган жоболордун акыйкаттуулугу башка окумуштуулардын ойлорунун, адабият айдыңындагы көптөгөн фактылардын көмөгү менен негизделди, далилденди. Бул ишти аткарууда бизге өзүбүз таанышып чыккан изилдөөлөрдүн, адабияттардын натыйжалары абдан олуттуу көмөк болуп берди.

Изилдөөнүн баптарында өзүбүздүн илимий божомолдорубузду далилдөө үчүн **анализ, синтез, салыштыруу, абстракция, конкретизация, жалпылоо** теориялык усулдарын да ылайыгына жараша колдондук. «Анализ – бул изилденип жаткан бүтүндү бөлүктөргө бөлүү, кубулуштун, процесстин же кубулуштардын, процесстердин мамилелеринин жеке белгилери менен сапаттарын ажыратуу» [112, с. 80]. Демек, анализ же талдоо бүтүндү бөлүктөргө ажыратуу, анын белгибетелерин, сапаттарын аныктоо менен коштолот. Биз XX кылымдагы кыргыз прозасы менен поэзиясынын тарыхый-адабий, көркөм-

эстетикалык өнүгүү өзгөчөлүктөрүн конкреттүү мисалдар аркылуу ажыратып кароо менен муну ишке ашыра алдык. Синтез болсо «...предметтин ар кыл элементтерин, кырларын бирдиктүү бүтүнгө (тутумга) бириктирүү. Синтез – жөнөкөй суммалоо эмес, маанилик бириктирүү» [112, с. 80]. Биз прозанын жана поэзиянын өнүгүү өзгөчөлүктөрүн өзүнчө талдоо менен бирге эле, аларды бириктирип турган жалпылыктарды да аныктадык. Бул ишти чыгармалардын дөөлөттүк мазмунуна, маани-маңызына жараша ишке ашырдык. Андыктан, изилдөөдө синтез усулу да колдонулду. Салыштыруу дегенибиз «...бул объекттердин окшоштугу же айырмасы жөнүндө пикирлердин негизине жатуучу таанымдык операция. Салыштыруунун жардамы менен объекттердин сандык жана сапаттык мүнөздөмөлөрү айкындалат, аларды классификациялоо, ыратташтыруу жана баалоо жүзөгө ашырылат» [112, с. 81]. Биз салыштыруу усулунун жардамы менен XX кылымдагы кыргыз прозасы менен поэзиясынын көркөм дөөлөттөрүнүн чен-өлчөмдөрүн, касиет-сапаттарын такташтырдык, аларга аксиологиялык өңүттө баа бердик. Конкретизацияга болсо төмөнкүчө мүнөздөмө берилет: «...абстракциялоого карама-каршы процесс, б.а. бүтүндү, өз ара байланышканды, көп кырдууну жана татаалды табуу» [112, с. 82]. XX кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабиятынын туундуларынын өз ара байланышкан, көп кырлуу жана татаал жактарын таап, аларды дөөлөттүк өңүттө баалоого бизге конкретизация усулу жардам кылды. Натыйжада биз көркөм дөөлөттөр кандай өзгөчөлүктөргө ээ болорун аңдоого жетиштик. Ал эми жалпылоо болсо «...объекттер менен алардын мамилелеринин салыштырмалуу туруктуу, инварианттуу касиеттерин ажыратууда жана каттоодо туруучу негизги таанымдык ой жүгүртүү операцияларынын бири» [112, с. 82]. Биз нукура көркөм дөөлөттүн туруктуу, өзгөрүлгүс, вариантсыз касиеттерин, чен-өлчөмдөрүн сунуштадык, кандай чыгарма чыныгы көркөм дөөлөт болорун билүүгө жетише алдык. Мында, албетте, жалпылоо усулу жардамга келди. Аталган усулдун жардамы менен көптөгөн проза жана поэзия туундуларынын көркөм дөөлөт катары жалпы белгилерин аныктап чыктык.

Ошентип, биз XX кылымдагы кыргыз прозасы менен поэзиясынын өнүгүү өзгөчөлүктөрүн талдоого алдык, алардын окшоштуктарын жана айырмачылыктарын жуурулуштурдук, көркөм дөөлөт катары касиет-сапаттарын бири бирине салыштырдык, алардын мазмунунда камтылган дөөлөттүк ойлорду, идеяларды абстракциялап, конкретизациялап карап чыктык, аягында кыргыз прозасы менен поэзиясында өткөн кылым ичи жаратылган көркөм дөөлөттөрдүн өзгөчөлүктөрүн жалпылаштырдык.

Албетте, изилдөөнүн жүрүшүндө бир катар эсептөөлөр да жасалды, алардын натыйжалары изилдөөнүн жалпы мазмунун ачууга кызмат

өтөдү. Демек, биз иште математикалык-статистикалык усулдардын элементтерин да ылайыгына жараша колдондук.

Булардан тышкары байкоо жүргүзүү эмпирикалык усулу, анкета эмпирикалык усул-операциясы да колдонулду. «Байкоо жүргүзүү – принцибинде изилдөөнүн көбүрөөк маалыматтуу усулу. Бул байкоочунун кабыл алуусуна түздөн-түз да, ар кыл аспаптардын жардамы менен да жеткиликтүү болгон иликтенип жаткан кубулуштар менен процесстердин бардык кырларын көрүүгө жол берүүчү бирден бир усул» [112, с. 90]. Биз 2008-2011-жылдар ичинде С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетиндеги филология багытында, анын ичинде кыргыз тили жана адабияты профилинде окууну аяктап жатышкан студенттердин XX кылымдагы кыргыз прозасы менен поэзиясынын үлгүлөрү менен таанышуу, аларды аксиологиялык аңдоо ишмердүүлүгүнө байкоо жүргүздүк. Бул биздин илимий божомолдорубузду ырастоого көмөктөштү. Байкоо жүргүзүүлөрдөн соң алардан жазуу жүзүндө сурамжылоолор (анкеталар) алынды. «Жазуу жүзүндөгү сурамжылоо – анкета алуу. Анын негизинде күн мурун иштелип чыккан суроолор (анкета) жатат, ал эми респонденттердин (суралуучулардын) анкетанын бардык суроолоруна жооптору изделүүчү эмпирикалык маалыматты түзөт» [112, с. 95]. Биздин сурамжылоодо колдонулган анкета филолог-студенттердин XX кылымдагы кыргыз прозасы менен поэзиясынын үлгүлөрүнө дөөлөттүк мамилесин аныктоого багышталган. Ал анкета биздин изилдөөнүн кийинки параграфында чечмеленип берилет.

Анкетанын жыйынтыктары иштелип чыккан соң, 2011-2014-жылдар аралыгында, С. Нааматов атындагы НМУга караштуу Мугалимдердин билимин жогорулатуу борборуна квалификациясын жогорулатуу курсунан өткөнү келишкен жалпы билим берүүчү орто мектептердин кыргыз тили жана адабияты мугалимдеринин катышуусунда эксперименттик изилдөө жүргүзүлдү. «Эксперимент – изилдөөнүн жалпы эмпирикалык усулу (усул-аракет), анын маңызы кубулуштар менен процесстер катаал көзөмөлдөнүүчү жана башкарылуучу шарттарда иликтенгенинде жатат» [112, с. 102]. Экспериментте биз мугалимдерге XX кылымдагы кыргыз адабиятынын классиктеринин чыгармачылык бейнелерин сунушталган категориялар боюнча баалоону сунуш кылдык. Ал эми баалоого сунушталган классиктер мурдагы студенттерден алынган анкетанын жыйынтыктары боюнча тандалды. Эксперименттик изилдөө үчүн түзүлгөн жадыбалды кийинки параграфта толук чечмелеп беребиз.

Жыйынтыктасак, биз изилдөөнүн ар кыл теориялык жана эмпирикалык усулдарын зарылдыгына жараша катарлаш колдондук. Биз ал усулдарды изилдөөнүн максат-милдеттерин ийгиликтүү орундатуу

үчүн натыйжалуу пайдалана алдык деп эсептейбиз. Жалпы жонунан, биз өз изилдөөбүздө теориялык жана эмпирикалык усулдарды жарыш колдонуу менен адабият таануучулук изилдөөлөр үчүн жаңы багытка – көркөм-адабий жаралгаларды аксиологиялык негизде изилдөө багытына чыйыр салдык. КР ЖАК тарабынан докторлук диссертацияларга дал ушул талап: **илимдин изилденип жаткан чөйрөсүндө жаңы багытты иштеп чыгуу** талабы коюлат. Биз аксиологияны жана адабият таанууну тыгыз айкалыштырган илимий изилдөө жүргүзүү менен дал ушул талапты орундатууга жетише алабыз. Чынында да XX кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабиятын изилдөөдө козгоого болуучу терең баалуулуктук мазмундагы проблемалар арбын, аларды чечүүдө аксиологиянын жана адабият таануунун методологиясын жуурулуштура колдонууга сөзсүз болот. Мындай ыкмада илимий изилдөө жасоо жакшы майнап берет. Биз келечектеги адабият таануучулук изилдөөлөрдө ушундай айкалыштыруу мүнөзүндөгү методологияны кеңири колдонууну сунуштайбыз.

Бул параграф изилдөөнүн усулдарын сыпаттап берүү максатын жүзөгө ашырат. Кыргыз Республикасынын ЖАК илимий изилдөөлөрдүн экинчи бабында мындай иш-аракет сөзсүз орун алышы керектигин эскертет.

# 6. XX КЫЛЫМДАГЫ КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫНДАГЫ КӨРКӨМ ДӨӨЛӨТТӨРДҮ АНЫКТОО ҮЧҮН АНКЕТАНЫ ЖАНА ЭКСПЕРИМЕНТТИК ИЗИЛДӨӨНҮ КОЛДОНУУ

**6.1. XX кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабиятындагы көркөм дөөлөттөрдү аныктоо үчүн анкета.** Биз С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин филология факультетинде филологиялык билим алып, кыргыз тили жана адабияты профили боюнча мугалимдик кесипке ээ болуп жатышкан студенттердин XX кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабияты, анын ичинде кыргыз поэзиясы менен прозасы боюнча алган билимдерине байкоо жүргүзүү, алардын кыргыз акын-жазуучуларына, кыргыз адабиятынын көркөм туундуларына дөөлөттүк мамилесин билүү максатында атайын анкета иштеп чыктык. Анкета изилдөөнүн аягында өзүнчө тиркеме түрүндө берилет **(3-ТИРКЕМЕ)**.

**Биз түзгөн анкетанын 1-суроосу:** «Жаш муунга даректелген алар китеп (анын ичинде көркөм-адабий чыгармаларды) окубайт же аз окуйт деген айыптоо адилеттүүбү?» – **филология факультетинин студенттеринин көркөм-адабий чыгармаларды окууга карата дөөлөттүк мамилесин аныктоого багышталат. Ал эми 2-суроосу:** «Сиз өз жашооңузда кайсы дөөлөттөрдү артык көрөсүз?» – алардын дөөлөттүк тутумун, артык көргөн дөөлөттөрүн айкындоону көздөйт. 3-суроосу: «Адам жашоосундагы көркөм адабияттын ордун жана ролун түшүндүрүңүз?» – студенттердин көркөм адабияттын турмуштагы орду менен ролун түшүнүү деңгээлин билүүгө кызмат өтөйт. 4-суроосу: «Мен … үчүн окуйм» деген сүйлөмдү толуктаңыз?» Бул суроо студенттердин дөөлөттүк багыт алууларын ачып берет. 5-суроо: «Акыркы мезгилде окуган китептериңиздин кайсынысын мыкты деп эсептейсиз жана эмне үчүн?» Бул суроонун жардамы менен биз студенттердин кандай жанрдагы же багыттагы, агымдагы көркөм-адабий чыгармаларды окууга ышкылуулугун жана аларды кандай чен-өлчөмдөргө таянып баалашарын биле алабыз. 6-суроо: «XX кылымдагы кыргыз прозасы менен поэзиясын жаш муундарга окутуу керекпи жана эмне үчүн окутуу керек?» Бул суроо студенттердин өткөн доордон калган көркөм-адабий мурастарга карата мамилеси кандай дөөлөттүк чен-өлчөмдөргө таянары тууралуу маалымат берет. Ал эми жыйынтыктоочу 7-8-суроолор филолог-студенттердин XX кылымдагы кыргыз жазуучуларынын жана акындарынын ичинен кимдерди жогору баалашаарын, алардын кайсы чыгармаларын артык көрүшөрүн аныктоого багытталган.

Ошентип, биз түзгөн анкетанын суроолору толугу менен келечекте филолог мугалим болууга даярдалып жаткан студенттердин көркөм

адабиятка дөөлөттүк мамилелерин, кыргыз акын-жазуучуларына карата аксиологиялык бааларын белгилүү бир деңгээлде ачууга, студенттик чөйрөдө XX кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабиятын баалоо ишмердүүлүгүн түптөөгө, студенттерди көркөм-адабий туундуларга карата баалоочулук мамиле кылууга үйрөтүүгө, көндүрүүгө арналган. Бул усул, арийне, көнүмүш болгон сыпаттоочулук мүнөздөгү теориялык усулдан өтө эле айырмаланат. Бирок аталган анкетаны колдонуу менен биз XX кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабияты, анын көрүнүктүү өкүлдөрү коомчулукта чынында кандай кабыл алынары жана бааланары жөнүндө көрсөтмөлүү жана ишеничтүү тыянактарды алууга жетише алабыз. Бул анкета келечекте биздин изилдөөлөрүбүздү улантуу үчүн колдонулат.

**6.2. XX кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабиятындагы көркөм дөөлөттөрдү аныктоо үчүн эксперименттик изилдөө.** Биз эмпирикалык изилдөөбүздүн кийинки кадамында С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетине караштуу Мугалимдердин билимин жогорулатуу борборуна Нарын облусунун бардык райондорунун жалпы билим берүүчү орто мектептеринен квалификациясын бийиктетүү максатында келишкен кыргыз тили жана адабияты мугалимдеринин XX кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабиятына дөөлөттүк мамилесине эксперименттик изилдөө жүргүзүү үчүн мүмкүн болушунча адабият таануучулук категориялардан куралган суроолор топтомун түзүп, жадыбал даярдадык. Жадыбалда бардыгы болуп элүү үч суроо камтылды. Мугалимдерге жеткиликтүү болсун үчүн жадыбалдагы адабият таануучулук түшүнүктөрдүн көбүнө анын этегинде глоссарий (түшүндүрмө сөздүк) берилди. Ал жадыбал жетишерлик узун болгондуктан, аны изилдөөбүздүн аягында тиркеме түрүндө келтирдик **(4-ТИРКЕМЕ)**.

Жалпы жонунан кыргыз тили жана адабияты мугалимдеринин кабыл алуу мейкиндигинде адабият таануучулук түшүнүктөрдүн иштөө өзгөчөлүктөрүн эксперименттик изилдөөгө арналган бул жадыбал бири бири менен тутумдаш байланышкан сегиз бөлүктөн туруп, ар бир бөлүгү бир нече суроолордон куралган. Алсак, 1-бөлүк (Калемгердин инсаны, өмүрү) төрт суроодон куралып, ал суроолор конкреттүү калемгердин инсандык бейнесин ачуу максатын көздөйт. Ал эми 2-бөлүк (Тексттердеги автордун образы) алты суроодон туруп, бул суроолор чыгармалары аркылуу автордун мүнөздөмөсүн берүүгө багышталган. Жадыбалдын 3-бөлүгү (Калемгердин чеберчилиги) эки суроодон туруп, алар жазуучунун таланттуулугун, чыгармачылыгынын ийгиликтүүлүгүн жана чыгармаларынын сапатын айкындоо милдетин аткарышат. Эксперименттик изилдөө үчүн жадыбалдын 4-бөлүгү (Автордун маданияттагы орду) беш суроодон кура-

лып, ал суроолор автордун чыгармачылыгынын улуттук жана дүйнөлүк маданияттагы маанисин, актуалдуулугун, анын чыгармаларын мектептин жана ЖОЖдун кыргыз адабияты курсуна киргизүүнүн зарылдыгын, анан чыгармаларынын жаңычылдыгын аныктоо максатын көздөйт. Изилдөөнүн 5-бөлүгү (Окурман менен мамиле) үч суроодон түзүлүп, алар автордун чыгармаларынын түшүнүктүүлүгүн, калың окурман журтуна арналгандыгын, эмоциялык таасири бары-жогун аныктоого кызмат өтөшөт. Жадыбалдын 6-бөлүгү (Көркөм усулунун жана чыгармаларды курууcунун өзгөчөлүктөрү) он төрт суроодон куралып, алар автордун чыгармачыл усулунун бөтөнчөлүктөрүн ар тараптуу жана жеткиликтүү ачып берүү милдетин аткарышат. Изилдөөнүн 7-бөлүгү (Чыгармаларынын концепциялык мейкиндиги) он алты суроодон туруп, бул жердеги суроолор автордун чыгармачылыгынын көркөмдүк-эстетикалык, тарыхый-маданий сапат-касиеттерин кенен ачууга жардамдашат. Жадыбалдын 8-бөлүгү (Жеке субъективдүү мамиле) үч суроодон куралып, ал суроолор конкреттүү окурмандын конкреттүү авторго карата дөөлөттүк кабыл алуусун аныктоого кызмат кылат.

Сыналуучуларга сунушталган классиктер катары мурун филолог-студенттерге жүргүзүлгөн анкеталардын жыйынтыктарында алдыңкы беш орунга чыгарылган акын-жазуучулар тандалган. Алар төмөнкүлөр: кара сөз чеберлеринен – Ч. Айтматов, Т. Сыдыкбеков, М. Элебаев, Т. Касымбеков, М. Гапаров, акындардан – А. Осмонов, С. Эралиев, Б. Сарногоев, М. Алыбаев, Т. Кожомбердиев. Категориялар катары адабият теориясында, адабияттын тарыхында жана адабий сында калемгерлердин чыгармачылык мурасын талдоо үчүн колдонулуучу түшүнүктөр алынган. Алардын жалпы саны элүү үчтү түзөт. Кыргыз калемгерлеринин чыгармачылык портреттерин мүнөздөөгө кызмат өтөгөн категориялар бир нече маанилик өзөктүн тегерегинде топтоштурулган. Аларды блокторго бириктирген белгилер баалоонун ар бир конкреттүү учурунда басымдуу абалды ээлеген сапаттар, касиеттер же мамилелер болуп калган. Жалпысынан сунушталган түшүнүктөрдүн классификациясы төмөнкүдөй:

**I. Калемгердин инсаны, өмүрү (калемгердин образынын биографиялык текстти түзүүчү бөлүктөрү):** жаратуучунун идеалдуу образына шайкештиги; автордун биографиясынын «Акындын (сүрөткердин) биографиясы» ченемдерине ылайык келүүсү; автордун адеп-аклактуулук даражасы; автордун биографиясынын трагедиялуулук даражасы.

**II. Тексттердеги автордун образы (автордун чыгармаларынан түзүлүүчү анын мүнөздөмөлөрү):** автордун жана анын персонаждарынын окшоштук даражасы; автордун өзү түзгөн дүйнөгө мамилесинин олуттуулугу; автордун өзү түзгөн дүйнөгө мамилесинин иронnetworkиялуулу-

гу; чыгармаларынын дидактикалуулук даражасы; автордун чыгармачылыгынын парадокстуулугу; автордун чыгармачылыгынын эпатаждуулугу.

**III. Калемгердин чеберчилиги (жазуучулук билгичтиктеринин ишке ашкандыгы):** автордун таланттуулук даражасы; чыгармаларынын техникалык кынтыксыздыгы, кунары.

**IV. Автордун маданияттагы орду (маданияттын тарыхый-аймактык чектериндеги калемгердин чыгармачылыгынын ордун аныктоочу категориялар):** автордун чыгармачылыгынын улуттук маданият үчүн маанилүүлүгү; автордун чыгармачылыгынын дүйнөлүк маданият үчүн маанилүүлүгү; автордун чыгармачылыгынын учур үчүн актуалдуулугу; автордун чыгармачылыгын мектеп менен ЖОЖдун курсуна киргизүү зарылдыгы; автордун чыгармачылыгынын жаңычылдыгы.

**V. Окурмандар менен мамиле (окурман менен диалогдон аныкталуучу бөтөнчөлүктүн мүнөздөмөсү):** автордун чыгармаларынын түшүнүктүүлүгү; чыгармаларынын массалык окурманга багытталгандыгы; автордун чыгармаларынын эмоциялык таасир кылуусу.

